Рахматилла ЖУМАБАЕВ

# ӨРҮКЗАР ЭРГҮҮСҮ



Рахматилла ЖУМАБАЕВ

# ӨРҮКЗАР ЭРГҮҮСҮ

(Ыр китеп)

Ош-2016

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 88

ЖУМАБАЕВ Рахматилла

**Ж 88**, «Өрүкзар эргүүсү» - Ош: «Кагаз ресурстары», 2016-жыл -224 бет

Даңазасы дүйнөгө «Өрүк зарлуу...» аймагы менен белгилүү болгон Баткен жергеси орошон таланттардын куттуу мекенине эчак эле айланган десек туура келет. Бул ирет аны бирден санап олтурбай басма жамааты жана чыгармачыл топ элеттик элпек, жорго сөздүү акын Рахматилла Жумабаевдин жаңы китебин сунуштоону туура көрдүк. Ушул чакан китепте окурман чаңкоосун жазар мөлтүр кашка, мөмөлүү аймактын бүткүл-шире даамы толо камтылган десек болот. Калган калыс баа урматтуу окурмандардан болсун.

Жыйнак көркөм сөздү кастарлаган, мезгил зыйнаттын көрүп, урматтай билген окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналды.

Ж 4702300200-16
ISBN 978-9967-471-03-0

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Жумабаев Р, 2016.

# ЖЕТИЛГЕН КУРАКТЫН ЖЕМИШТЕРИ

Адатта, аруу инсан, "мөмөлүү дарактай..." мугалимдик жолду тандап алгандардын дил-сезими келечегинен калкынан кызмат кылар жылдызы жанган жаш муундарды тарбиялоодон баар табат эмеспи. Ошо. түмөн түйшүк, улуу Жараткан ыроологон зор касиет коштоосунда дили таза, жүрөгү баатыр инсандардын көбү – илим мухитине, илхам ааламына, мекенчилдик дүйнөсүнө чындап сүңгүп кетишкенин сыймыктана кабылдап жүрөбүз. Ошондой улуу дем эгедерлери эч качан карышпайт да арышпайт. Ал турсун жаштык кезде дымый түшкөн оттун алоосун 60 жашты жирей төгүп салайы да бар. Минтип, кепти кыйгач баштаганыбызга өрүкзарлуу Баткендин булбул таңшык акыны аталып, келе жаткан Рахматилла ЖУМАБАЕВДИН "Өрүкзар эргүүсү" аттуу тунгуч жыйнагынын сыясы кургай элек барактарындагы ырларын окуп жатып ортого салууга аргасыз болуп турабыз. Чындап эле айылдык акын элпек элеттик лириканын, көркөм сүрөт ырларынын, эң басымдуусу арноо, эскерүү ырларынын устатына айланып калгандыгы өз окурмандарын кубандырар даражага эбак эле жеткени – ыйык белес!

Эми, корпой эле өзү ажалга аралжы боло жүрүп, анын торуна чалынып, эрте кеткен... элдин сүйкүмдүү уулу Саидмурат Султанмуратовго арнаган ырында акын:

"... Айкөл эле, шайыр эле, март эле,
Адам менен тил табышчуу шарт эле.
Ажал турса тикелешип мандайда –
Арбашканда жеңип чыгуу салт эле..." - деген ой менен

дартка даба даарыгердин улуулугун да, бирок, аттиң адам пенде – ажал алдында алсыз экенин, дагы бир жолу бирок... ушул ыйык мүдөөнү орундатар туяктар бар экенин көркөм сөз кудурети менен ушунчалык ишенимдүү берип койгон. Ушул ырга улай эле катарлаш жайгашкан. "Чиркин өмүр" деген ырында:

"Өмүрлөр өтөт тура, кетет тура,
Өлчөнбөйт, ишенбесең элден сура.
Өткөрбөй бул жашоонун ирмемдерин,
Өзгөгө да, өзгө да бирдей тура...? " – Не деген сыпаайыгерчилик, не деген нуска тарбия!?

Дагы бир шилтемени ортого салалы да өз – ой пикирлерибизди окурман журтунун алдын жайып коелу:

"Балдарыма жазым – сүйкүм энесиң,
Балбылдаган шамдай жанып келесиң.
Бажырая кадам таштап турмушта –
Бүт аянбай, эркиң бизге бересиң... " – деген саптар "Сүйгөн

жарга" деген ырынан алынды. Бул саптарга шилекей агыза, какап-чакап көкөлөтө чабар сөздөрдүн эч бир зарылчылыгы жоктой, чынбы окурман. Ырдын өзү, андагы саптар – чындыктын тунук күзгүсү болуп бергенин

караңыз, ээй?! Ушундан улам элет жеринин агайын милдетин аркалаган Рахматилла ага-тууган досубуз – көп тармактуу чыгармачыл жолунда көп эле “айыл ...элет...” – делген эпитет коштоосунда ыр жазып жүргөн акын замандаштарыбыздан ат чабым алдыга озуп чыкканын, күргүштөтүп ыр түрмөктөрүн жарыялап турбагандыгы, көкүрөк какпагандыгы – зор милдеттин жүгүн көтөрөр жоопкерчилиги менен улам деп билеби. Сөз чыны – замандаш калемгерлер тобунда кыйласынан алдыга суурулуп чыкканы да сүйүнтүп турат.

Акын Рахматилланын Мекен-жерди, жаратылыш кубулуштарын сүрөттөөсү, таңдайды «тарс» кактыргын терме-санаттары – анын чыныгы жетилген калем ээси, нускалуу сөз чебери экендигин ырастап койгон.

Ар бир түрмөк –кайрыктарында учурдун күрөө тамыры, адамзат ааламындагы оош-кыйыштар, кеменгер кыргыз калкынын жашоо-турмушу менен айкалыштырыла берилип туруусунун өзү эле не деген жетишкендик, не деген поэтикалык керемет табылгалар!? Ошентип, олтуруп каалоо-тилек кебибиздин жыйынтыктар бүтүмү мына момундай:

Сиз өрүкзарлуу Баткен жергесинин өтүмдүү сөз чеберине -- акынына айланып кетиптирсиз Рахатилла! Ар бир сабыңызда өрүктүн, анын данегинин шириндиги ушунчалык таттуу даам –күч берип турат, Рахматилла! Сиз жетилген куракта берген «эргүүдөн жаралган жемиштериңиздин ...» үзүрү мол болсун да, азыркыдан да ширин-ширин шип-ширин боло берсин! Сиз эң туура, бирок эң оор, эң сыймыктуу сөз өнөрүн тандап алгандыгыңыз менен бактылуусуз дегибиз келет! Арыбаңыз, aруулук дүйнөсү Сизге ооматтарды алып келе берсин, азамат – боордошубуз!

Турабай **ЖОРОЕВ**, акын-лауреат.
Кыргыз республикасынын улуттук жазуучулар бирлигинин
Ош шаардык жана облустук бөлүмүнүн төрагасы.

## ЭСИМДЕ ЭНЕМДИН ЭЛЕСИ

***

Энекем, өзүм үчүн күйүп-бышкан,
Эркелетип тосоор элең дайым тыштан.
Эреркеп, кучагыңдан баар тапкам,
Элестейт гүл жоолугуң ээгиң кыскан.

***

Энекем, маңдайымда күйгөн шамсың,
Эч убак кейибеген укмуш жансың.
Эртелеп турмуш менен алпурушуп,
Эл ичинде келесиң, сен да барсың.

***

Эне – сыймык, эне болуу кыйын иш,
Энелерге аздык кылаар сыйыныш.
Ээлеп алып көкүрөктү жүргөнүн
Эң кыйын го энелерге туюнтуш.

***

Энелер – үйдүн көркү, кутусуңар,
Эч жанга сыр ачпаган кулпусуңар.
Ээрчитип чүрпөлөрдү, жолун улап,
Эх чиркин, сыймык толо укмушсуңар.

***

Энекебай, жүрө бергин арыбай,
Эртеңиме менин болуп дарыдай.
Эстегенде көз алдыма келесиң,
Эрте түшкөн Баткенимдин карындай...

**25.07.2011-ж.**

## МАХАБАТТЫН ОТУ ЖАНЫП

*(Акын – Тургунбай Жумаевдин "Кумар көл" аттуу китебинин бет ачар аземинде окулган ыр)*

Китеп чыкты, аты болуп "Кумар көл",
Кыз-жигиттин жүрөгүнөн түнөк алып.
Катарлаша келе жатат, карачы,
Күлкү толо махабаттын оту жанып.

Кут дүйнөңдү арбап алып махабат,
Көркүн ача бир өзүңө каратат.
Көз алдыма жаштык учур элестеп,
Кумар жыттуу аруу сезим таралат.

***

Көргүң келсе бир ыргакта жазылганын,
Кунт коюп барактарды казып алгын.
Канча жанга сезилбеген махабаттан,
Көңүлүңө төп келгенин жазып алгын.

***

Көпкө чейин албууттанып, агылып,
Көңүл тарткан аруулукка кабылып.
Китеп жазып, акындыкты тизгиндеп,
Келатасың алыс жолдо чамынып.

Калемиңдин курчу алга шашылып,
Калыбыңда назик ырлар жазылып.
Кумар көздөр ээлеп адам тулкусун,
Куржун толо келе берсин казылып.

**25. 07. 2001-ж.**

## КАРА-БУЛАК СҮЙКҮМСҮҢ

Куттуу жерим, сүйкүмдүү Кара-Булак,
Көңүл бөлүп, тынчсызданам карагылап.
Күндөрүмдү сыр чечишкен эстегенде,
Кубанычтар сезимде улам тарап.

***

Күн нуру айылга тегиз чачып,
Көчөң толо жаштарың шагдам басып.
Күлүмсүрөп өрт кезим эстейм дагы,
Кадамымды шилтеймин алга шашып.

***

Көзгө учурайт тоодо өскөн Айгүлүң,
Колго кармап эстедим ошол күнүм.
Кызыгына абай салып карасам,
Кетким келбейт жолго таштап бардыгын.

***

Кеңешиңди аянбастан бере көр,
Кыздан кызмат, уулдан урмат тере көр.
Кыйын кезде сенден чыгат, билип кой,
Кыргызыма сыймык болгон жароокер.

***

Караан берет алыстан "Муз булагың",
Кыйырында солкулдап кыз-уланың.
Көркөмүнөн тоолордун илхам алып,
Кайгы билбей алдыга умтуламын...

## ТИЛИБИЗДИ БАРКТАЙЛЫ

Кээде бузуп сөздү орой сүйлөйбүз,
Кеп оролун тактап даана билбейбиз.
Кыргызымда адат болуп баратат –
Келиштире жаман айтып тилдейбиз.

Көңүл коюп тарыхына кыргыз тилдин,
Кубанычта маанисине сүңгүп кирдим.
Кырчылдашкан талаштарда тактап алып,
Кыргызыма кут конгонун мен билдим.

Ким кызыкпайт сүйлөөгө кыргыз тилин,
Карап көрсөң укканга балдай ширин.
Керемет от сезимде алоолонот,
Канча кылым өтсө да таза дилим.

Кылымдардан-кылымга жашап келген,
Көчмөн болуп, жер которуп, ашуу кезген.
Кыйналса да түбөлүккө ыйык сактап,
Кыргызыма кыргыз тили сыймык берген.

Кыргызга кут толтуруп кыргыз тилим,
Кубангандан айтайын кайсы бирин.
Кылым өтүп жашасам да бул дүйнөдө,
Кыйналбастан ыйык тутам аруу дилим.

25.07.2011-жыл.

## ЖОК БОЛСУН УБАЙЫМ

Жарыла төгүлүп, шаттыкта күлгүн,
Жароокер болуп, бакубат жүргүн.
Жүдөбөстөн урматтай бил алганыңды,
Жарк этип чын дилиңден жарга күйгүн.

***

Жашоонун көрүп үзүрүн, убайын,
Жаныңда жүрсүн түгөйүң, жубайың.
Жанаша басып жарашкан силерде,
Жок болсун турмуштук убайым.

***

Жаштык кез илеби кадалат,
Жол түшүп барамын сабалап.
Жан дүйнө туюмун сезилип,
Жылуулук күч алып таралат.

Жашоодо үлгү бол, жыйнагын,
Жадырап үй-бүлөң сыйлагын.
Жарыша келебиз баарыбыз,
Жакының жамандыкка кыйбагын.

Жол таптап турмуштун кутпасын,
Жосунсуз жоруктан бузбагын.
Жүзүңдөн чаалыкпай от жанып,
Жандап жүр жашоонун туткасын.

Жаштыгың өчпөсүн түпөрүп,
Жол ула мухиттей түбөлүк,
Жамалың кез келип күн сайын,
Жаркылдап көрүшүп жүрөлүк.

Жакшы ниет, жакшы тилек,
Жашоодо келебиз жөлөп, тиреп.
Жакшыга көрсөтсөң сый-урмат,
Жаныңа ар дайым ал тирек.

Жашайбыз уулум деп, кызым деп,
Жүрөктөр согушат тыз-тыз деп.
Жароокер курбуңа оң болгун,
Жашоодо жүрөгүң оң түздөп.

***

Жетилип мезгил өтсө арадан,
Жакшылыктын сыйын көрүп баладан.
Жолукканда алдыбыздан кыя өтпөй,
Жалын болуп албан ишке жараган.

Жетик болсун уул-кыздар, балаңар,
Жөлөнгөндө тоо сыяктуу таянар.
Жаркырашып уят кылбайт, билгиле,
Жолун улап ата-энеге барабар.

***

Жакшыга көрсөтүп сый-урмат,
Жардам бер, көңүлүн сен сурап.
Жан үрөп көрсөткөн зыйнатың,
Жамгырдай жаныңа күч сунат.

## 8-МАРТ КҮНҮНӨ КАРАТА МАЙРАМДЫК КААЛОО

*Баткенимдин үр кызы ЮНИСЕФтин координтору – Ахмедова Чынара Мамедовнага*

Башкарып маданият менен билимди,
Баёо мүнөз, урмат-сыйга илинди.
Бош убакыт текке кетпей дайыма,
Бүт арнадың балдарга сен дилиңди.

Баткен десе оттой күйүп жанасың,
Бажырайып кадам таштап барасың.
Билим кутун арнап коюп жаштарга,
Бүлбүлдөгөн үмүт отун жагасың.

Баткен үчүн жалындагын, кайнагын,
Баркын билип күлмүңдөгүн, жайнагын.
Бектер кетип, бел калганы сыңары,
Билим үчүн бар күчүңдү арнагын.

Билим десе жүзүң жаркып, жайнайсың,
Бүт дилиңди балдарга деп арнайсың.
Барган жерден мактоо сөздү аркалап,
Бакытыңды издегенден талбайсың.

Бүгүн минтип ЮНИСЕФте жүгүрүп,
Бүтүрөсүң ишти билек түрүнүп.
Баткен десе тайманбастан жасагын,
Бүтпөй калган долбоор үчүн күйүгүп.

Бар болгунуң Баткенимдин үр кызы,
Булут эмес, көктө жанган жылдызы.
Бир өзүңдөн үлгү алып ыймандуу,
Бакыт конуп, аздектелгин журт кызы.

**07. 03. 2009-ж.**

## БИР КАЛЫПТА ШАШЫЛБАЙ

***(35 жыл ар кандай мамлекеттик кызматтарда иштеген, учурда райондук Кеңештин жооптуу катчысы – Гүлүмкан Калыковага)***

Көңүлдүү өтүп жаш чагыңыз,
Комсомолдон ишти баштадыңыз.
Компартия үчүн шымалана түрүнүп,
Калтырбастан тизмелерди тактадыңыз.

Кызматтан-кызмат таап, дилди таптап,
Кызыкчылык үчүн иштин жөнүн жактап.
Келдиңиз, эже, жазбай басыгыңыз,
Кечикпестен жумушка, тартип сактап.

Керек болсо далайларды мактадыңыз,
Кыйындыктан кылчактап качпадыңыз.
Кызыгына батып ширин турмуштун,
Качан болсо туура сөздү калчадыңыз.

Келатасыз эмгектенип, чаалыкпай,
Кем-кетигин бүтөп иштин, талыкпай.
Кетсе дагы кайрылбастан мезгилдер,
Келатасыз жеңил ишке качырбай.

Кези келип Кеңеште эми катчысыз,
Карап көрсөк аздан кийин башчысыз.
Кызмат калат "колдун кири" дегендей,
Кызыкпастан бактыңызды таптыңыз.

Куттуу болсун сегизинчи мартыңыз,
Келе жатат коштоп Сизди даңкыңыз.
Кызы болуп элимдин Курманжандай,
Куттуу болуп, өсө берсин баркыңыз!

**06. 03. 2009-ж.**

## ЭСЕПКЕ ТАК ЭЖЕКЕ

***(Райондук социалдык Фондунун пенсия чегерүү бөлүмүнүн башкы адиси – Толгонай Сейдалиевага)***

Эсепке так эжекебиз Толгонай,
Эч убакта элге уят болбоң ай.
Эрктүү болуп бул жооптуу кызматта,
Эстеп жүрүп алсыздарды коргоң ай.

Эжекем ай, эжекем ай, Толгонай,
Элпек болуп мыйзамдарды колдоң ай.
Эмгек менен эсептелген пенсия,
Эч кайтпасын жөнөткөнүң жолдон ай.

Эртең менен кезек күтүп дайыма,
Эне-ата, ини келет жаныңа.
Эч биринин калтырбастан көңүлүн,
Эжекем ай, барктуусуз Сиз баарына.

Эски жылга калтырбастан толомдорду,
Эсептешип иш жасаңыз жоролголуу.
Эмгек менен алпурушуп аткарган,
Эл ичинде калат ишиң көрөңгөлүү.

Энелердин куттуу болсун майрамы,
Ээрчий келет жаз алдында жайдары.
Эртеңкиге кубат берет, карачы,
Эпкиндүүнүн, эмгекчинин байрагы.

Эми минтип куттук айтам, угуңуз,
Эстеп бизди көңүлгө бек буруңуз.
Энелердин майрамында айтты деп,
Эжекем ай, гезит окуп туруңуз?!.

**06. 03. 2009-ж.**

## ЖАРКЫН МҮНӨЗ ЭЖЕКЕМ

***(Комсомолдук, партиялык жана чарбалык жетекчи Кызматтарда иштеген коомдук ишмер, эмгек ардагери – Токтокан Колдошовага)***

Жаштык учур элестелет сагынган,
Жагоо сымал бажырайта тагынган.
Жаным эже, куттуу болсун майрамың,
Жүрүңүз Сиз, түр жоолукту салынган.

Жетекчилик кызмат менен көрүнүп,
Жетиштиңиз убак туура бөлүнүп.
Жолугушуу жана башка кечтерде,
Жылмайдыңыз, агылып да төгүлүп.

Жаштарга көп дем бердиңиз алгалап,
Жатпадыңыз жалкоолонуп чалкалап.
Жер көз жана уят болгон далайды,
Жемелетпей алып калдың калкалап.

Жакшы иштин башында дайым болуп,
Жамандардан жакшыны иргеп, коруп.
Жыйынтыгы билинет көргөн көзгө,
Жамалыңыз жайдары шаңга толуп.

Жаркын мүнөз эжекем, арыбаңыз,
Жаш болуңуз ооматтуу, карыбаңыз.
Жүзүңүздөн нур тамызып ар дайым,
Жүрүң, эже, жүз жылдап, талыбаңыз.

Жумуш бүтүп тыкылдап убагында,
Жеттиң, эже, ардактуу курагыңа.
Жүгүнүп, Сизге бүгүн куттук айтам,
Жан дилден жаздын жашыл майрамында!

**06.03.2009-ж.**

## АК НИЕТ КЫЗМАТ АТКАРЫП

**(КР ЖКнын экс - депутаты - Жураев Мурат Каттабековичке)**

Автожолдон ишти баштадың,
Арымдуу кадам таштадың.
Ак ниет кызмат аткарып,
Алдастап артка качпадың.

Ар-намыс менен иш тутуп,
Аткардың аны тез бүтүп.
Арышың кетип алыска,
Абырой таптың эш тутуп.

Ак-Татыр жери өз элиң,
Ардактап аны сезе бил.
Ардактап бүткөн ишиңе,
Ак бата сунуп келебиз.

Айылдын элин жыйнайсың,
Ак дилден келип сыйлайсың.
Арка, бел болуп алдыда,
Артылып турсун зыйнатың.

Ары-бери өткөндө эрикпей токтойсуң,
Абалын элдин сурап, жоктойсуң.
Аныгын тактап алган соң,
Аткарылчу ишти заметкаңа топтойсуң.

**2006-жыл**

## ТУУ ТУТАМЫН, БАРКТАЙМЫН

***(Кыргыз тил илимин изилдеген илимпоз, тилчи-окумуштуу агайым, филология илиминин доктору – Ибраим Абдувалиевге)***

Кызыгып лексикасына кыргыз тилинин,
Кыйналсаң да сөздүктү жыйнап кирдиң.
Көңүл коюп көпчүлүктөн бөлүп карасам,
Кыргыз тилине күйүп-жанып билиндиң.

Кыргыз тилчи жөнөкөй мугалимдин бирисиң,
Кезинде кебин укканмын агам Ибрайимдин.
Куттук айтып көккө жетип турамын,
Кабыл ал көкөлөгөн кубанычын иниңдин.

Кыргыз тил илимин келесиз ардактап,
Кошуп салымды, ой-пикирди салмактап.
Күн кечирип кыйла мезгил өтсө да,
Кызыгасыз тарыхын изилдеп, шакирт таптап.

Көптөн бери сабак өтүп келесиз,
Кыргыз тилге өзгөчө баа бересиз.
Кырчындай жаштык кезди эстегенде,
Күлүмсүрөй коштоп келет делебеңиз.

Кыргыз тили жанган экен маңдайыңа,
Кылымдан кылым кечип таалайыңа.
Кубанып айткан накыл насаатыңды,
Кор кылбай туу тутамын, бактаймын да.

**22. 10. 2007-ж.**

## УЛУУЛУКТУ БААЛАП

***(Укук коргоо органдарында көп жыл иштеп, азыр ардактуу эс алууда жүргөн досум, милициянын подполковниги Зикиров Зайнидинге)***

Убадага бекем турган адамдардын,
Утурлата улай келгин кадамдарын.
Укук менен мыйзамдын шарданында,
Урматтай бил, ар биринин таламдарын.

**24. 04. 1998-жыл.**

## АЛТЫН ТИЗМЕГЕ ИЛИНИП

***(КРнын эмгек сиңирген мугалими, Баткен облустук гимназия Мектебинин химия мугалими, жогорку категориядагы мугалим – Жамалов Авазбекке)***

Жакшысын куштай үйрөтүп,
Жаманын калтырбай сүйрөтүп.
Жамалов агай келатат,
Жан дили менен сүйлөтүп.

Жетекчи болуп башкарып,
Жүрбөпсүз кыйкыра таш жарып.
Жылуу маанай кайрыла,
Жетипсиз буга такшалып.

Желбиреп угулуп алыска,
Жаркырап келесиз жарышта.
Жылдын мугалими тизмесине,
Жазылып калды атыңыз тарыхта.

Жабыла ташкындап күчүңүз,
Жалындап ачылып жүзүңүз.
Жарыштан калбай дайыма,
Жоодурап ар убак жүрүңүз.

Жанашып Азизов менен жарышып,
Жакындан мамиле түздүңүз таанышып.
Жолугуп ар убак сыйлаша келесиз,
Жаңы ыкма, усулдарын алышып.

**1995-жыл**

## ЖАМГЫР ТӨКТҮ

Жандап алып күндүн көзү ачылбай,
Жатты, жатты, жамгыр жаап басылбай.
Жоолук салып түйшөлбөстөн кадамдап,
Жароокерим келе жаттың шашылбай.

Жамгыр төгүп турса дагы башыңдан,
Жаба куюп токтонбостон ташынган.
Жоодурайсың сыр бербестен тымызын,
Жылдыз сымал нур чачырап чачыңдан.

Жаа жамгыр, жаай бергин төгүлүп,
Жааганың көзгө сүйкүм көрүнүп.
Жадабастан мен да тосуп жолуңду,
Желип өтөм жаштыгымдан бөлүнүп.

Жашоо келет жамгыр менен дайыма,
Жан жыргатып, жан дүйнөмө агыла.
Жаштыгымдын бир учуру элестелет,
Жамалыңа көзүм түшө сагына.

Жамгыр менен жашоо келет агылып,
Жарык нуру жан дүйнөмө жагылып.
Жай барактап издеп келем ичинен,
Жаштык кездин учкундарын сагынып.

## ЭЛДИН СЫНЫНА ТОЛУП

***(Тургунбай Садыков атындагы орто мектебинин тарых мугалими, эл агартуунун мыктысы – Кайымов Асанга)***

Тамшандырып катуу коюп талапты,
Тарыхтан окутасыз Сиз сабакты.
Топтолгон окуя көп ширелишкен,
Тагдыр чечкен, чагылдыра туш-тарапты.

Тагынып Эл агартуунун мыктысы болдуңуз
Такшалып эл сынына эчак толдуңуз
Таштап чеберчилик максат менен кадамды
Татысын эмгек сиңирген мугалимге жолуңуз

Тыкыр болуп көрүндү иштин барааны,
Тымызын өлчөп, топтоп ой-санааны.
Таалим-сый, барк күтүп келатасыз
Талабына учурдун келтирип кааналы.

Тарыхтан үйрөтүп каада-салт, үрп-адатты,
Так, убагында өтөсүз калтырбай сабакты.
Тарбия берип талбайсыз, шашылган окуучудан
Тактап алып сурайсыз эрежени, талапты.

Талапты коюп ар дайым убагында,
Топтолгон оюнкараак окуучунун кучагында.
Такшалып келесиз, чарчабай, жүдөбөй,
Таза болуп, пастыктын илинбей тузагына.

03.05.2006-жыл.

## КАЛКЫМДЫН СҮЙГӨН УУЛУСУҢ

***(Райондук ооруканаyын врач-терапевти, КРнын эмгек синирген дарыгери, жогорку Категориядагы дарыгер – Мустаза Эсенбекович Саттаровго)***

Келесиң тыным албай иштеп,
Кыйынчылыкка илебиң кере тиштеп.
Калкым жактырып сүйгөн уулусуң,
Кырсыктын алдын алып, издеп.

Каалоо-максатың тоодой бийик,
Карасам маңдайың жарып күйүп.
Капырай Мустаза авам келатат,
Кадимки мүнүшкөрдөй билек түрүп.

Карасам чачыңды аралап бубак,
Келесиң сыркоонун ал-жайын сурап.
Кылчайып бекерге сая кетпептир,
Кырс мүнөз, кыялкеч жаштык курак.

Келечек бакыт нуру башыңа конуп,
Келесиң эмгек сиңген врач болуп.
Кебетеңден сезип турам, агатай,
Кубанычта айланаң сыйга толуп.

Кыскасы, аярлай басып тымызын,
Көрк бергенсийт дааналап турушуң.
Калкың үчүн аткарып жумушту.
Кызматта көрүнүп үлгүлүү жүрүшүң.

2002-жыл

## КОЛУ ЖӨНДӨМ ДАРЫГЕР

***(Райондук оорукананын врач-хирургу, элимдин сүйкүмдүү уулу, маркум Саидмурат Султанмуратовго)***

Айтсам чынын кимдер билбейт аганы,
Алган болчу калайыктан батаны.
Ар убакта болуп бейтап жанында,
Айдап салчу күлүмсүрөй капаны.

Айкөл эле, шайыр эле, март эле,
Адам менен тил табышчу шарт эле.
Ажал турса тикелешип маңдайда,
Арбашканда жеңип чыгуу салт эле.

Ажал сенден качар эле алсырап,
Ансыз деле атың угуп калтырап.
Ак халатчан караанынды көргөндө,
Ай ааламда күйүп турган шам чырак.

Арзуу менен элиңде атың калды,
Айтып бүткүс жериңде баркың калды.
Алтын сымал алмашкыс кылымдарга,
Алга келет шакирттериң талпынганы.

Аркалай жол улай ата кесибин,
Ак батадан тийип ырыс-кешигиң.
Алып калып учурунда жөндөмүңдөн,
Ата уулу  Ысмайылдай тетигиң.

**1996-жыл.**

## ЧИРКИН ӨМҮР

Өттү өмүр, кайрылбайт ойлогонго,
Өкүнөмүн чыгалбадым элчилеп тойлогонго.
Өх чиркин, турмуш татаал чиеленип,
Өтө берет, убакыт жок токтогонго.

Өйдө-ылдый чапкылап чуркасаң да,
Өмүр чиркин өтө берет ушаланып.
Өктөм турмуш неликтен өргө шашат,
Өр сыяктуу санаа тартып кусаланып.

Өмүргө өмүр ширелсе ушаланып,
Өкүнбө өткөн кезге кусаланып.
Өткөн күндөр элеси эске түшсө,
Өбөк болор көөдөнүңдү тушап алып.

Өмүрлөр өтөт тура, кетет тура,
Өлчөнбөйт, ишенбесең элден сура.
Өткөрбөй бул жашоонун ирмемдерин,
Өзгөгө да, өзгө да бирдей бура.

Өмүрдүн өткөн күнүн эске түйгүн,
Өткөрбөй жакшыларын жоктой билгин.
Өкүнбөстөн аруу тилек, бата кылып,
Өмүргө өмүр улай таза жүргүн.

## КӨЗ УЯЛАТ МИЗИЛДЕГЕН

***(Лейлек районундагы "Ак-Тилек" АКнун төрагасы, "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу" Исаев Жусупали Калматовичке)***

Кадыр күтүп урмат менен элиңде,
Кут даарыган Исхак агам жеринде.
Куттук айтам Жаңы жылдын алдында,
Куруучулук эпкин эмгек демиңе.

***

Кубанам айкөл мүнөз күткөнүңө,
Кишиге аёо сезим сүрткөнүңө.
Карап туруп баа бердим сыймыктана,
Көз уялткан тасма жолду бүткөнүңө.

Кебин уга көпчүлүккө жакын басып,
Келесиң алыс жолду жакындатып.
Калтырбастан жамап жолду түздөдүң,
Көзгө сүйкүм мизилдете жаркыратып.

Кол куушуруп, ооз ачып турбастан,
Кызуу иштеп жүзүң жарык нур баскан.
Коом үчүн пайда келтир, жаркылдап,
Куру намыс, шаан-шөөкөт куубастан.

**14.12.2009-жыл.**

## АРБАП АЛЫП ЖАШТАРДЫ

***(Баткен районундагы "Бужум" үрөнчүлүк чарбасынын жетекчиси – Абдырахман Жусуповго)***

Ата жолун улантып дыйкан болдуң,
Атак-даңкка ээ болуп, сыйга толдуң.
Асыресе ойлосоң, кыйын бекен,
Аталар баскан жолу басуу деген?..

Арыбастан келесиң кадам таштап,
Акыл менен жаштарды алга баштап.
Аппак дилден кубат берип, талыкпай,
Ар тараптан күлүктөн-күлүк таптап.

Аброй алып, эли ичинде сыйланган,
Айтсын урпак – иштеп дайым кыйналган.
Анан дагы, дем бергениң байкасам,
Атак болуп бир өзүңө жыйналган.

Абдырахман атың ыйык, карасам,
Ак дилимден сен жөнүңдө талашам.
Ал анткени, ак эмгектен көрүнөт,
Ак убакта эл ишине жарасаң!..

**14.12.2009-жыл.**

## БАТКЕНИМ

Баткенди шамалдын кени дешет,
Бороондун чыпалактай чени дешет.
Бурганактап, көз ачырбай бир заматта,
Бугун жаза жан-жаныбар безилдешет.

Бир кездерде болчусуң кунарсыз какыраган,
Бүгүн эми шаар болдуң жаркыраган.
Бар күчүмдү топтоп алып сыймыктанам,
Баткеним деп, кубангандан жарпым жазам..

Бүт тарабың курчалып, бакка оронуп,
Бажыраят өрүкзарлар тапта болуп.
Базар ичин араласам кай мезгилде,
Баарлашып алармандар жолду тосуп.

Баатыр Манас алыстан колун сунат,
Баам сала өткөндөргө көңүл бурат.
Башын ийкеп ызаат менен керилип,
Бата берип, аманчылык, абал сурап.

Баргегиңдин жыты аңкып алыстан,
Бал тамызып мүрөк суусун алышкан.
Балбан жигит ала качкан кыздарың,
Баткенимде байыр алып калышкан.

**2001-жыл.**

## ТЫНЧТЫК КЕРЕК

Тирешүүлөр, уруш-жаңжал дайыма,
Тамырлашып сиңип калган каныңа.
Түйшөлөмүн көпкө чейин улутунуп,
Такыр эле сыйдын жетпей баркына.

Тыкыр болуп бир-бириңди сыйлагын,
Тил эмизбей, көңүл салып тыңдагын.
Таштай салып бул адаттан арылып,
Терең ойлон, көп алдында сынбагын.

Тынчтык болсо тирешүүлөр токтолот,
Тынчыбаган араздашуу жок болот.
Түгөйүңдү сыйлап келсең жашоодо,
Түбөлүккө ырыс, кешик топтолот.

Тынчтык болсун, үйдө уруш салбагын,
Таарынычта жер көз болот алганың.
Тил тийгизип үйдүн кутун учурсаң,
Тегеренип качат сенден балдарың.

Тилек кылгын, тынчтык болсун үйүңдө,
Тик карагын, балдарыңа күлүңдө.
Тентек сымал чарпылдаша түшкөндө,
Тобо кылгын, жамандыкка сүйүнбө.

**2001-жыл.**

## ДОСТОРУМА

Бала кыял ынак болчу досторум,
Бир кездерде шоктук менен кошподум.
Бүт акылды эске алып ойлосом,
Боорукерлик асыл сапат топтодум.

Болуп азыр күмүш чачтуу аталар,
Бул жашоодо жандай жүрөт каталар.
Бүлүк салган ошол күндү эстесем,
Баамым жетпейт кээде өзүмдү жакалап...

Басып өтүп бул турмушта нечениn,
Баарыңардан калбай мен да келемин.
Баалап, сыйлап билдирбестен өзгөгө,
Бийик туткан ыймандыкты сеземин.

Барктай билгин досторуңдун жакынын,
Баам төшөп, ой-чабытын, акылын.
Бак-таалайга кезигесиң сыйласаң,
Баштан сылап, урматтасаң жакырын.

Бар күчүңдү аянбагын, топтогун,
Башың ийип тайманбагын, коркпогун.
Бажырая алга таштап кадамыңды,
Бактылуунун жолун кыйгап тоспогун.

Бар болгула менин асыл досторум,
Бакылдарды түк ортого кошпогун.
Бул турмушта жаза кетип жаңылсак,
Бир-бириңди жөлөп, таяп коштогун.

2001-жыл.

## БОЁНГОН СУЛУУГА

Боёп кашты назданасың күнүнө,
Байыр алып чоң күзгүнүн түбүнө.
Баам салып, карап туруп таңданам,
Бүт турпатыңа көңүл бура, үңүлө.

Боёнгонуң жакшы болуп жарашсачы,
Баягындай сени тиктеп карашсачы.
Бир кездеги ыйык туткан сезимиңди,
Боолголоп бактылуу деп самашсачы.

Бассаң-турсаң ыржаландап керилесиң,
Боёносуң, бул укмушка берилесиң.
Бирок, айтаар кеңешим бул, абайлагын,
Боёнбо деп айткан сөзгө теригесиң.

Бүлүк салбай кулак салгын, качпагын,
Боёнгонду акыл калчап таштагын.
Бүт өмүрдү күн кечире шаңданып,
Бутпарастык жаман жолго баспагын.

Боёнгонду иретке сал ардагым,
Бекер эле убай тартып калбагын.
Бак-дөөлөттү туу тутунуп түбөлүк,
Бажырайып эл алдында шаңдангын.

2001-жыл.

## КЫЗМАТЫҢА ЭЛ ЫРААЗЫ

*("Кыргыз электро курулуш" АКнун Оштогу мехколоннасынын начальниги – Кенжеев Насыр Идирисовичке)*

Көйгөйүн көрүп, угуп тууган элдин,
Көпүрөнү өз жаныңдан куруп бердиң.
Кыштагыңдын калкы толук жыйналып,
Кызматына ыраазы сендей эрдин.

Көптөн бери башкарып электр тармагын,
Келатасың берип көп өз жардамың.
Катуу иштеп Ата Журтуң үчүн сен,
Кыйналбагын, эч бир артта калбагын.

Кичи пейил, жөнөкөйлүк, токтоолук,
Көп сапаттын баары сенде топтолуп.
Күлүмсүрөй учурашып, кол берип,
Калса керек жамандары сорттолуп.

Кызмат менен бешене тердин,
Келесиң сыйын көрүп элдин.
Кылымга тете иш кылган,
Кутусуң элиңдин, сүйгөң жердин.

Келгениңде айыл ичин аралап,
Каректериң ага дайым кадалат.
Көргөн сайын журтуңдагы өзгөрүү,
Кубанычтын деми келет салаалап.

1998-жыл.

## КУТУ БОЛГУН ЭЛИМДИН

*(КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, досум Матисаков Абдиламит Мурзаевичке)*

"Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...",
Китеп жаздың сезимиңде көнүлдөй.
Качан болсо алектенип, изденип,
Келатасың жоон топтон бөлүнбөй.

Китеп чыкты жакшынакай "Ак коргон",
Кишилерге ыйман толо бак конгон.
Карап туруп айлананы аңдасаң,
Канчалаган тер чыгардың сен жондон.

Канат күүлөп, талпынып кел сабалап,
Кызык пикир, ойлор сенде жаралат.
Кызыгына батасың түйшүк менен,
Калк арасын тыным албай аралап.

Куту болуп иштей бергин элимдин,
Кут даарыган, ыйман толгон жеримдин.
Калемиңде сыйкыр сөздөр көп болуп,
Курчуп жанып, калкың үчүн берилгин.

Кулатовдой агам чыккан жериңден,
Кутман толо ырыскылуу элиңден.
Кызмат менен келатасың көрүнүп,
Кыргызыма сыймык артып берилген.

1999-жыл.

## КОЗУ-БАГЛАН КУЛУНУ

*(Акын Курбаналы Сабыровго)*

Курбаналы акындардын алпы эле,
Кыргыз эли сыймыктанчу жалпы эле.
Калем кармап өрүкзардын ичинде,
Күлүмсүрөй зор ырларды жазчу эле.

Козу-Баглан сенден чыккан акын бар,
Кылымдарга сыймык болор акың бар.
Карап турсам өң-түс берген аянбай,
Курбаналы – баардыгына жакын ал.

Козу-Баглан жарпың жазчу көпүрүк,
Калды жериң өрүкзарлуу өкүнүп.
Кыт куйгансып ырларыңдын ыргагы,
Кыналышып турар эле төгүлүп.

Козу-Баглан, көзгө сүйкүм Патаңың,
Куттуктоону сага айтып жатамын.
Кыргыз аттуу көп акындын ичинде,
Кылым карып жашай берет атагың.

Кыргызыма сыймык берет ырларың,
Курбаналы айтып турат сырларын.
Курбаналы кут уялайт алыстан,
Кызыл данга толгон өңдүү кырманың.

Курбаналы өчпөс болуп атагың,
Кыргызыма шам чырактай жанасың.
Калкың эстеп түбөлүккө калтырды,
Коюп ысмың, туулган жер жатагың.

17.04.2000-жыл.

## НООРУЗУМ

Куттуу болсун күлкү толгон Ноорузум,
Кылым тарта шайкеш келип добушуң.
Кыргызыма бакыт-таалай толтура,
Көпчүлүктүн сугу артылган конушуң.

Күндү тосуп ар убакта байма-бай,
Кары-жашың жоодурашат жайма-жай.
Көк көрүнүп жаңыланып жер жарылса,
Күлкүм шаңдуу сезбептирмин байкабай.

Кубаныч, шаттык элимде күлкү толуп,
Келатамын мен дагы курсант болуп.
Кетпесинчи эл ичинен токчулук,
Калбаса экен эңсегеним гүлдөй соолуп.

Кылымдардан кылымга чертип комуз,
Кылчайбастан келесиң куттуу Нооруз.
Көркүңө көрк кошулуп мээрим толо,
Кут-ырыскы ыроолойт жаңы конуш.

Кенéмтени толтуруп, арыбастан,
Келе бергин Ноорузум, карыбастан.
Керегеден тиктеймин сереп салып,
Калкым күткөн майрамды талыбастан.

**ЧОҢ ЭНЕМЕ**

Картайганда таяк кармап бүкчүңдөп,
Келатасың өмүр сүрүп, түйшүктөп.
Кечээки кез эске түшсө ойлонуп,
Карт жаралар кеткен окшоп шүйшүндөп.

Кайда калды күч-кубатың, кайратың,
Карсылдаган, сес көрсөткөн айбатың.
Кагылайын, башты көтөр, чоң эне,
Кейибестен кабак ача жайнагын.

Карылыкты башка түйө сүйлөнүп,
Келатасың гөр тирлик деп күүлөнүп.
Кези келип уул-кызга кийгиздиң,
Көйнөктөрдүн далай, далай түрлөрүн.

Кайгы тартпай алгалагын, темингин,
Кызматын көр шаңкылдаган келиндин.
Куттуу үйдөн кумарлана чай ичсең,
Карылыкта арка болор белиңдин.

Күчүң барда далай иштн аткардың,
Кем калышпай катарынан жаштардын.
Көз кырыңды салып анан ойлондуң,
Көп сүйлөбөй шымалана бат бардың.

## АЛГАЧКЫ ОН ЖЫЛДЫК БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНӨ

Алик алып саламдашып келесиңер,
Арбагансып түйшөп алып элесиңер.
Арман болуп бул жашоодо түбөлүк,
Аргымактай учуп жанып желесиңер.

Айлананы шаңга бөлөп күлкүңөр,
Айлап, жылдап жолугууну күттүңөр.
Асмандагы жанып турган жылдыздай,
Ачык шоола, сансыз жарык сүрттүңөр.

Араңарда кээ биреөңөр шок болуп,
Алып учтуң өчүрүлбөс от болуп.
Арман дүйнө орду толгус кусалык,
Аты турат, өзү келбей жок болуп.

Алыс жакка канат күүлөп тарадыңар,
Айыл жерге угулбастан кабарыңар.
Алыс жолдо карап турбай чогулуп,
Арка-жөлөк курбулукка жарадыңар.

Ар бириңдин кара чачың агарган,
Ага, иним кайттыңар чоң сапардан.
Арзып күткөн дос менен чер жазышып,
Айдап алган аргымагын зор чабарман.

Абайлагын, өткөн күндү эстегин,
Ары-бери жаза басып кетпегин.
Алтын уяң күтөт сени, ардагым,
Ар убакта караан туткан мектебиң.

1991-жыл.

## СҮЙГӨН ЖАРГА

Бир кездерде жакшы көрүп өзүңдү,
Бирин койбой угаар элем сөзүңдү.
Башкаларга сыр бербеген бир мүнөз,
Барктачумун моймолжуган көзүңдү.

Болчу мектеп биздер үчүн сыркана,
Бет келчүмүн сага дайым нурдана.
Баарын туюп көз алдымда, турасың,
Бугуң жазып күлүмсүрөп, сурдана.

Балдарыма жазым - сүйкүм энесиң,
Балбылдаган шамдай жанып келесиң.
Бажырая кадам таштап турмушта,
Бүт аянбай эркиң бизге бересиң.

Беш бейнең турса да бүркөлүп,
Билдирбей ажарың түрлөнүп.
Балдарың болушса күч-кубат,
Бекинип алыстайт түркөйлүк.

Бактылуу турмушту жандагын,
Балдардын апасы, ардагым.
Бак-дөөлөт, ырыстуу жашоодо,
Бар болсун адалдан тапканым!

## БАБА ДЫЙКАНГА

Кетменди колго кармаган,
Керемет аны арбаган.
Керилип кетмен чапканда,
Күч-кубаттан калбаган.

Керели кечке иштеген,
Калк жүгү моюндан түшпөгөн.
Кызматта болуп чарчабай,
Келечек түбүн түптөгөн.

Кызыгып иштеп кетпеген,
Күн чыга аны беттеген.
Кадалып көпкө термелсем,
Кадамым ага жетпеген.

Кубанып жүзү албырат,
Күч дарамет калтырат.
Кутман талаа четинде,
Күлкүгө толо жаркырап.

Көз салсам четтен байкалат.
Көйкөлүп эгин жайкалат.
Көгүлтүр асман мелтиреп,
Кетмениң кетсе чалкалап.

## ЖАЗ АЙЫ

Күлмүңдөп келсең жаз айым,
Күттүргөн сени самаймын.
Карегим сага туш келсе,
Кубанып сени караймын.

Күлкүңдү чындап жазайын,
Кадамың арбап ансайын.
Кетирип көңүл кирлерин,
Күрдөөлдүү турмуш калчайын.

Көрк берип жазым ажарың,
Көңүлдө сага барамын.
Кыйналбай өзүң ар дайым,
Кабыл ал ысык саламым.

Кыбырап топтон калбагын,
Кут-ырыс сени жалгасын.
Кубаттуу максат аркалап,
Кыялкеч жашоо тандагын.

Көрктүү нур төгүп айланаң,
Күч алып эмгек кайнаган.
Карасам элим тамшанат,
Көзүңдөн оттор жайнаган.

## ГҮЛҮН АЧТЫ ЖООГАЗЫН

Жоогазын гүлү ачылды,
Жыпары аңкып чачылды.
Жамырап көзгө элестейт,
Жабыла ээлеп адырды.

Жаштыктын берип элесин,
Жакшылык күчүн бересиң.
Жоогазын койбой адырдан,
Жылмайып күлүп түресиң.

Жай баракат басасың,
Жоогазын түбүн казасың.
Жыгылган көзгө илешсе,
Жакшысын тандап аласың.

Жамгыр менен көгөргүн,
Жазында издеп көрөрмүн.
Жытыңды эңсеп дайыма,
Жаз айын күтүп чөгөрмүн.

Жоогазын турса ачылып,
Жигиттер терет шашылып.
Жараксыз болсо ыргытат,
Жыттуусун иргей качырып.

## АБАЙЛА ТУРМУШ ТҮЗҮМҮН

Ал кезде болуп эселек,
Атамды колдон жетелеп.
Артынан калбай ээрчиген,
Ал күндөр эстен кетелек.

Акылын угуп дайыма,
Аярлай барып жанына.
Адеп менен жайдары,
Ал-кубат бердиң жаныма.

Арадан өтүп канча убак,
Аксакал болдум калтырап.
Ата болсом мен деле,
Азыр да сенсиң шам чырак.

Аксакал көрсөң сыйлай жүр,
Акылын топтоп жыйнай жүр.
Аткарып дайым калтырбай,
Аманат сөзүн кыйбай жүр.

Ардактап сезип үзүрүн,
Айжамал тарткан жүзүңүн.
Ажарлуу бойдон жүрө бер,
Абайлап турмуш түзүмүн.

## БАРДЫГЫНА КАЛЫС БОЛ

Мезгил өтүп аралыкта кыйладан,
Медер тутуп келдим доско кыйбаган.
Мээриминден жылуу сезим байкадым,
Макул деген кубанычта сыйлаган.

Максат менен ойлоруңду калчадың,
Манчыркабай кебин угуп канчанын.
Мүнөзүңдү коштоп алган жөнөкөйлүк,
Меймандостой боло бербейт канчанын.

Мерездерге сыр бербегин, алыс бол,
Мээрим төгө бардыгына калыс бол.
Мына ошондо зор бакытка тунасың,
Мухит сымал көрүнбөгөн алыс жол.

Мизилдете көп үйлөрдү кургансың,
Маани берип көп көңүлүн бургансың.
Мына бүгүн көрүндүң го байкасам,
Мезгилинде алдын сезип туйгансың.

Мекен жүгүн ар намыстуу аткаргын,
Макул таап убагында бат баргын.
Менменсинип бой көтөрүп шаңданган,
Макулуктун каткырыгы таш жарсын.

## ТУРНАЛАР

Турна өтөт учкун дайым түнүндө,
Тыңшап укчу, муңайым бар үнүндө.
Талыкпастан канат кагат жол улап,
Талпынышып көк мейкиндик түбүндө.

Турса күнгө канаттары чагылып,
Тушап алып алыс сапар агылып.
Түнөгүңө кайра тартып келгичең,
Түндөн күтөм улутунуп сагынып.

Тыным билбей учсун мейли алыска,
Түз мейкинде өз үйүрүңдөн калышпа.
Тирүүлүк бар кайра келээр жолуңда,
Талпына бер, мээрим төгүп талпына.

Турналардын үнү чыкса шыбырап,
Тээ алыстан көзгө сүйкүм угулат.
Топ болушуп катарлаша учканда,
Таң нурунда канаттары кубулат.

Турналар алыс учпа сагынамын,
Түнкүсүн түпсүз ойго малынамын.
Тобуң менен кырсыксыз чубалыша,
Тирүүлүктө кез кел деп жалынамын.

## БАР БОЛГУЛА КАРЫЛАРЫМ

Кеңешин укканы кексе чалдын,
Кубанып сүйлөшкөнү алдына бардым.
Каргылдана айткандарын эске алып,
Көкүрөккө унчукпастан түйүп алдым.

Көпкө дейре аярлап сүйлөп жатты,
Көкүрөк зил, толо муң-зар, дартты.
Көңүлүмдө турат саймедиреп айткандары,
Койгонсуп аткарууга бүткүл шартты.

Канчалык сүйлөсөң да уккум келет,
Кызыгына кумарлана чыккым келет.
Кылчайып өтүп кеткен жаштыгыңдын,
Караанына көңүл түшүп ышкым келет.

Кадам таштап келе жаткан карыларым,
Күмүш тарткан сакалыңды сагынамын.
Канчалык күч жыйнап да айталбадым,
Кылым тете узак өмүр тамырладым.

Күмүш сакал кагылайын карыларым,
Качан болсо силерди сагынармын.
Көпкө дейре унуталбайт окшоймун,
Күлкү толгон жүзүңөрдөн барыңардын.

## ЫРЛАРДЫН КАЗАБЫНДА

***(“Баткен таңы” гезитинин атайын кабарчысы Эл агартуунун отличниги – Балтабаев Зулпукарга)***

Жаштарга кыргыз тилден сабак берип,
Жуурулуша келдиңиз балдай эрип.
“Жыл мугалими” сынагында көрүндүңүз,
Жугумдуу сабак өтүп, далайды эңип.

Жат көрүнүштөрдү сындап, курч макала жазып,
Журналисттик жолго түштүңүз сырларды казып.
Жамаатта өз ордуңуз бар, талаалап,
Жүрсөңүз да үй бетин көрбөй азып.

Жазып сын пикирди курч байма-бай,
Жарышта келесиз шашылбай жайма-жай.
Жаңылык көп, көңул коюп окусак макалада,
Жеттиңиз ага кантип кадам таштап шайма шай.

Жазылган макалада үнүңүз бар,
Жылаажындай үн сала шукшурулган сүрүңүз ал.
Жандап жүргөн адамдарга байкалбаган,
Жолборс сымал ачууланган түрүңүз бар.

Жарык маанай, күлкү коштоп дайыма,
Жети күндө бир барасыз айылга.
Жолоочудай Сиз жөнүндө сурасам,
Жана эле жүрчү дейт Газ айылынын сайында.

Жаштыктын кайнап түркүн казанында,
Жолго чыгып жөнөйсүз таңдын азанында.
Журналист - акындыкты коштоп алып,
Жан үрөйсүз шок ырлардын казабында.

## СЕЗДИҢ БЕКЕН ЖАН ЭРКЕМ

Сезимимде сүйүүнүн оту жанып,
Серепчелеп келемин топту жарып.
Сездиң бекен жан эркем уялаган,
Серп этилет карегим талып, талып.

Сары көкүл моймолжуган жаш бала,
Санаа тартат көз карашы башкача.
Сездирбестен келе жатат билдирбей,
Сыймык артып, шоктонбостон шаттана.

Сагынып эстегенде ойго батып,
Санаа тартып отурган сага шашып.
Серпип өтөт сезимиңди тушап алып,
Сулуулуктун салаалаган нурун чачып.

Салмактап сүйлөгөнүң эсте калат,
Санааркоо уйпаланып четте калат.
Саргайган жамалыңа сапар чегем,
Суктанып арзууларды беттеп алып.

Санаа тартып жүрөк туйлайт алга шашып,
Сездирбестен жан дүйнөңдөн ала качып.
Сезимдериң ансыз деле бүлүк салат,
Сүйүшкөндөй келатабыз катар басып.

## СЫПАЙЫЛЫК ЭЭЛЕП ТУРСА

Сезим толо көөдөнүмдү уялайсың,
Сезимдеги санааркоону кубалайсың.
Сулуулукту ченемсиз ээлеп алып,
Суктандырып жамалыңа дубалайсың.

Сереп салып жүздөрүңө алыстан,
Сездирбеген ой санаалуу жарыштан.
Сезимтал жүрөгүң оп тартат,
Сагынычтын отунан апкаарыган.

Саамайың, өң-келбетиң дилдеримде,
Саргайып күткөнүмдү билбедиң ээ.
Сага жеткен маалымат мага дайын,
Самтыраган сөздөр менен тилдедиң ээ.

Санаа тартып узакка кармалбагын,
Сыйдаң болот эмелеки тармал чачың.
Сезимдерди топтоп алып эстегенде,
Суу сепкендей жоголот арман, дартың.

Саламдашып ызаат көрсөт улууларга,
Салты болот ыймандыктан улуу баа.
Сыпайылык ээлеп турса жан дилиңди,
Сени теңейт жылдыздарга, улууларга.

Сыпайылык ээлеп алып жан дилиңди,
Сый-урматың абдан даана билинди.
Сезимдериң туш тарапка тарам болуп,
Салаа, салаа жаракадай тилинди.

## ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ

Жайлоонун салкын абасы,
Жан курбум аны карачы.
Жылга жыбыт ичинде,
Жылмаят шибер арасы.

Жан жыргатып сезимге,
Жыпары аңкыйт сезиле.
Жаштыктын жанып элеси,
Жымыңдайт оттой кечинде.

Жадырап турсаң таңында,
Жел жүрөт маал-маалында.
Жүрөккө жакын эстегин,
Жан дүйнө артып камылга.

Жайлоону аркар, кулжа мекендеген,
Жаңылат атып ага жетем деген.
Жолуңда аскар тоолор заңкайышат,
Жоону жеңип алп денедей бекемдеген.

Жыты сонун арчанын аңкыган,
Жашыл түсү алыстан чалкыган.
Жаратылыш көрк берген карачы,
Жашоо үчүн Ала Тоого талпынам.

## САЛАМДАШУУ

Кур дөөлөткө чамынба,
Куру кыял бакырба.
Кези келсе аткарып,
Кыйын иште жаркылда.

Кызыктуу оюн «Сармерден»,
Калыстар чындап баа берген.
Карасам таймаш башталды,
Күчүңдү сынап тан берген.

Калыстар баалап оюнду,
Келтирип номер коюлду.
Катышпай четте тургандар,
Курсагы чындап тоюнду

Көк-Таш, Ак-Сай шашылдык,
Кыйналып жолдо ташындык.
Калыс баа берилбей калганда,
Кап чиркин деп басылдык.

Көк-Таш менен Ак-Татыр,
Көп өнөрдөн качпаптыр.
Карачы заты жарашкан,
Кароо-сынакты тактаптыр.

Көк-Ташка барып улантып,
Көп көңүлүн кубантып.
Көз көрсөтүп шаттыкта,
Кош айтышабыз сурданып.

Күч алып оюн тагдыры,
Кемибейт катнаш кадыры.
Кыраакы мектеп мүдүрү,
Кылып эмне жатыры?

Кайкып өтөт билинбей,
Кысылып көзгө илинбей.
Кубанып эстеп жүрөлү,
Кызыктуу оюн бириндей.

Кут каалаймын элиме,
Кут консун асыл жериме.
Күргүштөп суусун ичкендей,
Кубаттуу болгун бериле.

Кыскасы, ыйман-адеп топтолуп,
Кут-ырыскы толо коштолуп.
Көп ынтымак болсун ортодо.
Кырчылдашкан, ыдырашкан жок болуп.

## ЖАМАН ЖОЛГО ТҮШПӨГҮН

Жаман тилдеп уктуң беле улукмандын сөккөнүн,
Журт көзүнчө уялбастан абийирин төккөнүн.
Жеме, каргыш угушумча эл ичинде айтылат,
Жабырланбай, жан рахатта турмуш кечип өткөнүн.

Жаштыгыңды жамап жолго бурбагын,
Жакшы сөздү ыйбаа менен тыңдагын.
Жаман сөздөр коштоп келсе катарлаш,
Жакшыларын бирден тандап алгының.

Жаш-карыны урматтай көр, сыйлагын,
Жабыркатпай жан дүйнөсүн, жыргалын.
Жыл алмашып өз башыңа түшкөндө,
Жигит болуп бар күчүңдү жыйнагын.

Жакшылыктын жолун улап түптөгүн,
Жаман жолго эч убакта түшпөгүн.
Жашоо менен кошо жүрөт жарышып,
Жакшыларын ылгап ал, жамандарын күтпөгүн.

Жакшы, жаман үзөңгүлөш катар келет,
Жакшылары жан дүйнөңө болот себеп.
Жаман жолдон алыста, ыктай көрбө,
Жамандары жан дүйнөңө кесир берет.

## АЙДЫҢ-КӨЛ

Ак куулар учкан айдың көл,
Атайын барып жерин көр.
Ааламдан мындай жолукпайт,
Айланаң көркөм, жашыл төр.

Алыстан куулөп кагылып,
Ансайын жакын чабылып.
Асман тиреп учканда,
Айла жок барам багынып.

Айдың көл сенин мекениң,
Ар убак карап келемин.
Артыңдан сая түшкөндөй,
Арбалып калган экенмин.

Ак куулар келет катарлаш,
Адамдар менен сапарлаш.
Алыстан үнү угулат,
Асман, жерге чамалаш.

Ак кууларым күүлөнө бер алыска,
Азап тартпай алдыдагы жарышка.
Ансайын канатыңдын күүсү кетпей,
Алгалатып жарай көргүн намыска.

## НАМЫСТАНАМ

Укканда айткан сөзүң намыстанам,
Улутунам дилде турат калышпаган.
Ушакчынын сөздөрүнө кирген сага,
Угуп тургун төмөнкүдөй калыс баам.

Уйпалашып бакыт, байлык курчап алган.
Укмуштуудай жан дүйнөңдү тушап алган.
Убайы жок, нысапсыз жыйнаганың,
Убагында ар кимдерден сурап алган.

Улук болбой кичипейил, март болгун,
Узанбастан ач көздүктөн тарт колуң.
Утурумдук өткөн ишке өкүнөсүң,
Улгайганда айыкпаган дарт болуп.

Улуулардын кеп-кеңешин тыңдагын,
Удулу жок арсыздарды сындагын.
Убакыт көп таразалап өлчөгөн,
Убадалуу накыл сөздү жыйнагын.

Убадага бек туруп, алдабагын,
Уятсызды коштоп алып жандабагын.
Учур келип өкүнгөндө кеч болот,
Ушакчыны, намыссызды тандабагын.

## ЖАШТЫКТЫ САГЫНУУ

Акыл калчап тигилесиң дайыма,
Ал күндөрдү зарыккансып сагына.
Алып кетти оомал турмуш ардагым,
Айдап алып өз каалаган жагына.

Ар убакта жандап сени досторуң,
Ал күндөрдү оюн менен коштодуң.
Арадан мезгил өтүп эстегенде,
Ар бирини сагынычта жоктодуң.

Арбап алып кусалык, сагынычты,
Ачылдың бугуң төгө таарынычты.
Абай сала бул ирмемди карасаң,
Айтчы эмне кымбат, кусалыкпы, таарынычпы?

Ар дайым ошол күндү сагынамын,
Алоо болуп жашоодо жагыламын.
Алдан тайып күмүш сакал болсом дагы,
Азгырыктуу көп сезимге кабыламын.

Алоолоп жаштык оттун илебинде,
Албырттап жалбырттанат тилегиңде.
Аттиң ай куру бекер өткөрүпсүң,
Ал учурду күчүң барда билегиңде.

## ЖАШТАРДАН КАЛБАЙ САБАЛАП

*(Тургунбай Садыков атындагы орто мектебинин тарых, география мугалими, жогорку категориядагы мугалим – Исаев Амиракулга)*

Жаштардан алдыда келдиңиз,
Жугумдуу сабактарды бердиңиз.
Жүгүрө иштеп тыным жок,
Жарышта ар убак жеңдиңиз.

Жаштыкты сезбестен алгалап,
Жашоодо жатпастан чалкалап.
Жарышта келдиңиз чарчабай,
Жаштардын алдында сабалап.

Жок деген жоопту билбейсиз,
Жамандын сөзүнө кирбейсиз.
Жалкоону көргөндө уялтып,
Жылмайган абалда тилдейсиз.

Жаштардын насаатчысы болсоңуз да,
Жашыңыз ардагерликке толсоңуз да.
Жаш кетип агартуунун мыктысы ыроолонбой,
Жайнаган шакирттерди көбөйтүп койсоңуз да.

Амиракул агай   бар болуң,
Жалбырттап өтсө Жаштарга көрсөтүп сый-урмат,
Жүрөсүз катарлаш  кыйла убак.
Жароокер агайым да жаш убак.

## ЖАШОО КЫЗЫК

Жашоо турбайт, өтүп жатат дайрадай,
Жеткен өңдүү, тынбай агып байма-бай.
Жанды үрөп алга карай серпилем,
Жылоосунан тушап алып кармабай.

Жашоо кызык, өмүр кызык ченелбей,
Жанып, күйүп, өткөн мезгил теңелбей.
Жандай салып улам алга сызылат,
Ылаачындай шаңшып учуп кенебей.

Жашоо жылат өрдү көздөй агылып,
Жүрөктөгү оттой жанып чабылып.
Жолду карап серепчилеп үмүттүү,
Жылбаса дейм, күтөм аны сагынып.

Жашоо кызык келе жатат сабалап,
Жайбаракат бура тартпай чамалап.
Жумшак мүнөз айдап салып кусаны,
Жандап алып бир өзүңө каралат.

Жашоо келет күлүмсүрөп аралап,
Жанып, күйүп жылдыздардай сабалап.
Жылуулукту түйүп алып көңүлгө,
Жаркын маанай турмуш күүсү таралат.

## ЖАН ДҮЙНӨ ЭРГИЙТ

Жарык нур чачып алыстан,
Жаш кезден чыгып намыстан.
Жалбырттап турса ар убак,
Жан дүйнө эргийт жарыштан.

Жароокер болуп төгүлгөн,
Жанаша элден бөлүнгөн.
Жумурай журтка билинип,
Жетилди төбөң көрүнгөн.

Жаштыктын чертилип обону,
Жанашам сен тарап оболу.
Жабыркап топтолсо эстейсиң,
Жашоонун миң түркүн соболу.

Жарыштан калбай алгалап,
Жамгырдай төккүн сабалап.
Жан дүйнөнү жыргатса,
Жаштыгым сага кадалат.

Жарыштан артта калбагын,
Жоопгуу ишти жандагын.
Жамандык катар жанашса,
Жакшысын ылгап тандагын.

Жан дүйнө эгийт эзилип,
Жан боор менен сезилип.
Жаркыным сени эстеймин,
Жамалың арбап, ага кезигип.

## ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ

Желбиреп жеңиш майрамы,
Журтумдун ыйык сайраны.
Жеңишке жеткен аталар,
Жүздөрү жарык жайдары.

Жеңиш майрам кут болсун,
Журтума ырыс кут консун.
Жаштар өсүп алгалап,
Жарык тийип кут толсун.

Жанаша баскан кадамыңар,
Жалпыга тийип жардамыңар.
Жергем толо сыймыктанган,
Жылуу болсун майрамыңар.

Жадырап күлүп басканың,
Жадыңа түшөт жаш чагың.
Жеңиш үчүн алгалап,
Жортуулдан чыга качпадың.

Жоокер агам досторун күтөт,
Жеңиштүү күн эске түшөт.
Жеримде бүгүн шат, кубаныч,
Жан жыргаткан жашоону бүтөп.

## КУРГАТЫЛГАН ӨРҮК

Көгөрсүн деп кол менен тиктим өрүк,
Камынып жолго чык да келгин көрүп.
Көзгө толуп түшүмгө кирди баары,
Көрсөтөйүн шашылбастан бирден терип.

Кубанычтан жар салам түрлөрү көп,
Көзгө сүйкүм даамынан татып өт.
Кесип, кыйып бутабагын азары бар,
Кырман толо бышканча мээримиң төк.

Көз жүгүртүп карачы даамы балдай,
Кызмат этем өмүр бою аны жандай.
Кургабастан келе жатат мөмө байлап,
Катар тиккен өрүктөр андан калбай.

Кыдырып чык, карасаң даамы ширин,
Кай убакта жеткиремин кайсы бирин.
Көңүлүмдөн өткөрө албай тартуу кылам,
Кучак жая тосуп алып барктай билгин.

Кыш өтүп, жаз келгенде бирдей гүлдөп,
Келесиң жашыл түстө бирдей бүрдөп.
Кургатылган өрүктүн даамын татчы,
Койгомун дасторконум түрлөп, түрлөп.

## КОҢГУРОО ҮНҮН САГЫНЫП

Карап турсам окуучулар шашылды,
Көпкө күткөн каалгалар ачылды.
Коңгуроонун үнү чыгып заматта,
Күбүр-шыбыр сүйлөгөндөр басылып.

Кабинеттер кооз болуп акталган,
Киргениңде сөздөр турат жатталган.
Кулак салып тыңшаганда билесиң,
Кыт куйгандай баары эсте сакталган.

Күлүмсүрөй кирип келсең агайым,
Көңүлүмдө кандай сөзду табайын.
Капалантпай кулак төшөп үнүңө,
Көөдөнүмдө сыр бербестен жанайын.

## КҮЗГҮ ЖАЛБЫРАК

Жерге түшкөн күзгү жалбырак,
Жалооруйт жаш баладай жалдырап.
Жардам сурап кыйналгандай абалда,
Жаш жүрөккө өз изини калтырат.

Жылы келсе айлаң да жок түшөсүң,
Жалбырактар, өзүң деле күбөсүң.
Же болбосо үмүт байлап узакка,
Жүүнүң бош, сабырың суз күтөсүң.

Жерге түштүң сары болуп күбүлүп,
Жалбырактар, бутагыңдан үзүлүп.
Жыйнап алып бариктериң калтырбай,
Жаркылдашат уул-кызың сүйүнүп.

Жыл мезгили турдум сени кыялбай,
Жашылданган көз жашыңды тыялбай.
Жалбырактар жерде жаттың үйүлүп,
Жардам күтүп топтолгонуң жыялбай.

Жашыл тарткан жалбырактар саргайдың,
Жапа чегип бир заматта картайдың.
Жамгыр жаап, кар түшкөнчө эртелеп,
Жоодурагын, күлүмсүрөп жайнагын.

## ТУРМУШ СЫРЛАРЫ

Турмуштун чечип сырларын,
Турмуштан чыгат ырларым.
Токтолуп калган кездеги,
Толкунун сен да тыңдагын.

Топтолгон турмуш сабагын,
Топ жыйындан алгамын.
Туш тарабы керемет,
Термелип анда калгамын.

Томуктай айланаң гүл ачып,
Теребел мээримдүү нур чачып.
Теминет алыстап жеткирбестен,
Түркөйлүк коштолбой безе качып.

Турмуштун басып дабаанын,
Тумар өңдүү алгамын.
Таалим алып кыйналбай,
Таасирдүү болуп чамдагын.

Түрлөнүп кооз гүл ачат,
Түпкүрдөн келет бүр ачып.
Турмушуң ансайын керемет,
Толтура сезимге түр чачып.

## МЕЗГИЛДИН БИР ҮЗҮМҮ

Мезгилдин өткөн агымын,
Мүрөктөй болуп сагындым.
Мүнүшкөр сымал ишимдин,
Мээнетим алкап жашындым.

Мезгил өтсө агылып,
Мээлеп келет карылык.
Мурдагы келбет көрүнбөйт,
Маңдайың турат салынып.

Муңаясың ойго батып,
Мамык жерде көпкө жатып.
Мант уруп алга жөнөдүң,
Мелжиген бийик жер шашып.

Мезгилден артта калбагын,
Максатсыз ишке шашпагын.
Магдырап өмүр жашоодо,
Мекендеп алыс качпагын.

Мезгил өтөт убактылуу шашылып,
Муз эриген агын суудай ташынып.
Магдыратып тартып турган өзүңдүн,
Мээримиңе калгым келет жашынып.

Мезгил жылса алга шашып,
Мен да келем катар басып.
Мекен жүгүн коштоп алып,
Мээрим төгөт нур чачып.

## ЫЙМАН ТОЛО КҮЛҮМСҮРӨЙ

*("Баткен таңы" гезитинин атайын кабарчысы Гүлсүнай Рыскуловага)*

Арабызда аймончоктой бир кыз бар,
Аты сүйкүм өзү тура жылдыз ал.
Ар тараптан такшалган, тажрыйбалуу,
Арбап алар жалжылдаган кундуз ал.

Аял затын жазып келет түңүлбөй,
Ай жарыкта көзгө илешкен үлүлдөй.
Адеп сактап ажар жүзүн бурганда,
Ай жамалы жарк дей түшөт күлүңдөй.

Айгүл сымал жалжылдаган сүрү бар,
Арген өңдүү шаңкылдаган үнү бар.
Ачпы, токпу топук кылат күлүңдөй,
Айкөл мүнөз, парасаттуу Гүлсүн ал.

Ар убакта иштеп келет көрүнүп,
Айткан сөздүн мактоосуна берилип.
Ачууланбай бир ыргакта тизмектеп,
Алтын колдон макалалар терилип.

Арнап жазып көйгөйүнө билимдин,
Алтын-Бешик аймагына билиндиң.
Ачуу чындык, эл үнү деп безилдеп,
Ардагысың улуу кыргыз элиңдин.

Аман болсун ден соолугуң Гүлсүн ай,
Ардакталып эл ичинде жүргүн ай.
Асылдыкты туу тутунуп жашоодо,
Ажарлана, шаңшып дайым күлгүн ай.

2001-жыл.

## КЫЗМАТТАН ЭР КӨГӨРӨТ

*(Т. Садыков атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Эшматов Ашырбайга)*

Көк-Таш менен Ак-Сай жолун бастыңыз,
Кышы, жазы сабак өтүүгө шаштыңыз.
Кызматтан эр көгөрөт дейт эми,
Куттуу болсун орун басар тагыңыз.

Көп шакирттерди жаштардан таптыңыз,
Көңүл жок анан бекер жатпаңыз.
Кызыктырган ыкма, усулдарды бириктирип,
Көрүнүп, көрүнбөй сынактардан качпаңыз.

Көңүлдү орду менен коё билип,
Көбөйтүң санын сабактарга кирип.
Кыйынчылыкта күлкүнү эстен чыгарбай,
Кабакты ачыңыз балдарды беттен сүйүп.

Кыскасы алар али жумурткадай чегиле элек,
Көйгөй көп арасында чечиле элек.
Күчтү жумшап аянбастан байкаңыз,
Курагы жаш, али өсүп жетиле элек.

Күлкүңүз чыкса жан дилден берилип,
Келишет окуучулар айланаңызга терилип.
Капыстан жаман сөз укса, бала да,
Качышат бой көтөрүшөт керилип.

3.05.2006-жыл.

## УЛАНТЫП АТА САЛТЫН

*(Баткен районундагы Самаркандек айыл Өкмөтүнүн башчысы Салихов Каныбек Абдирашитовичке)*

Укканбыз Салиховдор; Мурат, Дастан,
Убагында эл-журтуну башкарган.
Улантып учугун келатасың,
Уят кылбай арасында жаштардан.

Утурумдук кыйынчылыкта элиңдин,
Урматтай жүр асыл жериңдин.
Убада берсең үстүнөн чыгууга,
Угуп антыңа чындап берилгин.

Угуп ойлон, тыянак чыгар, шашпагын,
Убададан куру бекер качпагын.
Уят иште акыл, насаат пайдалуу,
Урпагысың улантуучу инилерди таптагын.

Уулу болуп улуу адамдын,
Унутпагын алар баскан кадамын.
Учур келип жан дүйнөңдө сезерсиң,
Улуулардан алган улуу батасын.

Улуу инсан агабыз Мурат,
Урматтап акыбалын элдин сурап.
Убакыт келди, эми байкачы,
Улуулардын өмүр жолун, көчүн улап.

2000-жыл.

## ЭЛИҢ СЕНДЕН ҮМҮТКӨР

***(Сүлүктү шаарындагы "Кош-Булак" ЖЧКнун директору, ишкер – Болдубаев Жусупалиге)***

Бизнестин түшүп артына,
Болдуң демөөрчү калкыңа.
Бүтүрүп кем-каржын элдин,
Бердиң жардам жалпыга.

Бура сүйлөп шашпадың,
Батыл иштеп качпадың.
Болуп элиң үмүткөр,
Берешен жолго баштагын.

Бир орунда көпкө олтура,
Бажырайган планың толтура.
Бакытка минтип жеткирген,
Багын ачып, мол тура.

Байкасам таң заардан,
Брикет чыгарып шаардан.
Башкалар күтпөйт кезекке,
Бүт бойдон ачык каалган.

Болдубаев мыкты ишкер Сүлүктүнүн,
Баарлашсам бийик даана күлүктүгүң.
Бүт жамаатың кубаттайт карасам,
Бүткөрүшүп планыңды күнү-түн.

## ТАРЫХТА КАЛЫП АТЫҢЫЗ

***(КР эмгек сиңирген мугалими, Самаркандек гимназия мектебинин директору Калилов Абдирайимге)***

Кызыгып жан дүйнөңүз бериле,
Кызмат менен көрүнүп жериңе.
Күттүрбөй класс толо күлкүгө,
Канат жайып күүлөнөсүз кериле.

Каттайсыз мектеп жана үй-бүлө,
Кадам таштап максат менен сүйүнө.
Куп келтирип сабакты өтүп жатканында,
Караан көп, балдар келет үйүлө.

Керсейбей эртелеп басып таңынан,
Көрүндүң эмгекчил болуп жашыңдан.
Куттуу болсун эмгек сиңирген мугалимдик,
Кыйын жолдо эргип, толуп ташыган.

Карасаңыз тажрыйба укмуш топтолду,
Келесиз тажабай басып көп жолду.
Калып атыңыз тарыхта жазылып,
Көөнөргүс тамгалар менен коштолду.

Калилов агайдан көп окуган,
Кабагы ачык, окуучунун толкуган.
Карааның алыстан байкап келем,
Күн сымал чачырап шооланыз чокудан.

Кааларым эл мугалими болуңуз,
Куттуу болсун, кыскарбасын жолуңуз.
Калк ичинде урмат, сыйга бөлөнүп,
Көрктүү чыгып, узанасын колуңуз.

1997-жыл.

## КАЗА БЕРГИН "КАРА АЛТЫН"

*(Шураб шаарындагы "Тажикуголь"шахта башкармасында иштеген классташым, досум Сартбаев Сапарбайга)*

Тандаган кесибиң шахтер болду,
Там туң баскан уулуң он бешке толду.
Тонналаган көмүрдү элге берип,
Тазалап ачасыңар көмүр кенге жолду.

Тыкандыкта оңдоп рельса менен штолду,
Талыкпай келесиң булгалап колду.
Тажик достор менен теңтайлаша,
Теминесиң карабастан оңду-солду.

Табын билесиң кандайча көмүрдүн,
Туу тутуп ыйманыңды жашоодо өмүрдүн.
Ташыркабай алдыда келесиң кадам таштап,
Таптакыр аза бербей адамдарга, көңүлдүн.

Тамтыгы чыкса да шахтанын,
Тарыхый орду бар канчанын.
Табитиңден турат даана байкалып,
Таамай сүйлөп, ойду таза калчагын.

Тажик, орус, татар болуп иштедиң,
Тил эмизбей тишти катуу тиштедиң.
Тост сүйлөшүп ичкиликти сунганда,
Төгуп салбай, сылык сыпаа ичпедиң.

1995-ж.

## НАСААТЧЫМА

(Ю.А. Гагарин атындагы орто *мектебинин химия-биология мугалими, эл агартуунун отличниги Маннанов Набиге)*

Жаңы келгенде мектепке Сизди көрүп
Жадымда койгон элем көңүл бөлүп.
Жолугуп тажрыйбалуу тарбиячы, насаатчыга,
Жадыбалдай жаттадым айтканыңа толук көнүп.

Жадырап бир мүнөздө бастыңыз,
Жуурулуша билим нурун чачтыңыз.
Жакшылыкта кайыл келип чарчабастан,
Жумуш менен өз бактыңызды таптыңыз.

Жүрсөңүз да сезимдерге салып бүлүк,
Жадабастан угуп келем кулак түрүп.
Жактырамын өмүр бою көөдөнүмдө,
Жакшы айткан сыныңызды бекем түйүп.

Жок болсо да убактыңыз, бөлүп алып,
Жемелебей түшүндүрүп жолго салып.
Жан жагыма сереп салып караганча,
Жоготчумун айламды таппай калып.

Жыл бою эрикпестен насаат берип,
Жылмайып сымап өңдүү эрип келип.
“Жаңылба, мүдүрүлбө, ак иште” – деп,
Жол көрсөтүп шакиртиңе,
чынчылдыктын гүлүн терип.

1990-жыл.

## КАПЧЫГАЙ ЭЛИ СЫЙЛАГАН

*(Б. Ходжаев атындагы орто мектебинин директору, эл агартуунун отличниги Дубанаев Зайнидиндин 50 жылдыгына)*

Кут болсун кутман курагын,
Куттуктоо айтып турамын.
Капчыгай эли сыйлаган,
Көңүлүн тегиз бурамын.

Куттуктап турса урматтап,
Кызматың элге кымбат да.
Келтире жасап эмгекти,
Кыраандар дайым калмак да.

Күлкүң менен көрүнүп,
Карааның турса төгүлүп.
Кымбатсың дайым элиңе,
Күйүп, жанып бөлүнүп.

Куттуктоо баары жарашсын,
Күлмүңдөп Сизди карашсын.
Капчыгай эли шаттыкта,
Келишип Сизди баалашсын.

Капчыгай, Баткен каттадыңыз,
Кадрдан кадр таптадыңыз.
Калкыңыз учун жүгүрүп,
Канча эмгек сарптадыңыз.

Калтырбай сабак үйдөн шашып,
Келесиз кадамды кере басып.
Капчыгай толо күлкүгө,
Каткырык менен нур чачып.

Кээде улутунуп жээгинде дарыянын,
Кулак сала урматтап насааттарын карыянын.
Күндө баарлашып турасыз жетине албай,
Кызыгына батып таалим, тарбиянын.

Карачы закымдап өтүп убакыт,
Кыр ашып заматта элүүнү кулатып.
Кымбаттуу Зайнидин агам келипсиз,
Көз салсам заманбап өмүр чубатып.

Күлкү толо өмүргө өмүр уланып,
Күүлөнүп өрлөңүз жүзгө суланып.
Күлгүн жаш өмүрдөй таттуу жашоого,
Келипсиз өктөмдүү сүйлөп, кубанып.

Кызыктуу жашоодо шыдыр жолуңуз,
Кенен, жоомарт болуп колуңуз.
Күндөлүк жан дүйнөнү ардактап,
Күйүмдүү, жароокер ата болуңуз.

Кызыгы аял жакшы хан жакшы,
Кыялданып ардактап, сүйлөгөн жан жакшы.
Капчыгай менен Ак-Сайды тегеренген,
Кымыз жытуу, атыр жыттуу таң жакшы.

Кыйын экен, Турган эжем жатпады,
Кызыктырып,,тапка келтире таптады.
Көпкө чейин таң калтырып досторун,
Күлүп жайнап тынбай Сизди барктады.

Кыскасы, жупталышып бирге карыгын,
Кыялдана жашоонун сезип жарыгын.
Катарлаша эриш аркак жашоодо,
Кубанычта эл сыйына маарыгын.

## КАРАП ТУРУП ТАҢДАНАМ

***(“Баткен таңы” гезитинин башкы экс - редактору Ташмахамат Орозовго)***

Кадамжайдан келдиң такшалып,
Комбинаттын гезитин башкарып.
Кызыр жылоолосун бактыңды,
Кыргызга жеткир таш жарып.

Кылым тогошордо аттанып,
Келесиң жоргодой тапталып.
Кыргыз гезиттеринин арасында,
Келет “Баткен таңы” макталып.

Кыйналсаң да чыгарып гезит,
Келесиң үйдөн алыста безип.
Курдашым, кабыл ал куттуктоону,
Койнуң толо кубанычты сезип.

Курдашым, кесиптеш дос Ташмахамат,
Көзүңдөн кээде кубанычтуу жаш тамат.
Карап көрсөм бул өзү кайталангыс,
Кызыры экен мээримдүү каш кабак.

Кымбатсың досторуңа, журтуңа, элиңе,
Кадам шилтеп Алтын-Бешик жеринде.
Карап туруп ызаат менен сыйлаймын,
Кичи пейил, жөнөкөй да, аппак ниет пейлиңе.

2001-жыл.

## ЖАН ҮРӨП ИШТЕП

***("Баткен таңы" гезитинин атайын кабарчысы Бозулан Ысаковго)***

Жаш кабарчыбыз Бозулан,
Жарышта алдыда улам.
Жан үрөп иштеп келесиң,
Жадабай кыдырып дубандан дубан.

Жашсың али, алгалагын темингин,
Жаштын берет ыроологон тилегин.
Жамандарды коштоп жолго түшпөгөн,
Жакшылыктын даамын сезе билесиң.

Жазып улам тажрыйба топтогун,
Жалкоолонбой таңында туруп коштогун.
Жазәарыңда тактап алып кабарларды,
Жүдөбөгүн, такыр эле коркпогун.

Жоопкерчил мээнет коюп иштегин,
Жакшы болот максаттарың, шилтемиң.
Жылдар өтүп такшалганда сезерсиң,
Жан үрөгөн мекен үчүн тилегиң.

Жазып алып редактор колунан,
Жүрөт тыкан эч калбастан жолунан.
Жооп тандап темаларды койгондо,
Жылоолонот бакыт коштой тооруган.

## КӨК-ТАШТЫН КОРГОП НАМЫСЫН

***(Көк-Таш айылынын балбан жигити***
***Бегматов Абибулла Мамасабыровичке)***

Көзгө сүйкүм барааның,
Калдайып турса карааның.
Көк-Таштын коргоп намысын,
Күрөштө далай жарадың.

Калпы жок сөздө, жалганы,
Көк-Таштын анык балбаны.
Көрсөтөт сага урмат-сый,
Кубаттап сырттан калганы.

Кези келди унаа айдадың,
Кыйналсаң да коз ирмебей талбадың.
Көк-Таш үчүн кыйындыкта корунуп,
Күрөш сымал чимирилип калбадың.

Көптөрдөн эч бир артта калбадың,
Калыстыкты, адалдыкты тандадың.
Калкың үчүн күрөшкө сен даярсың.
Кыдыр колдоп түйшүгүңдү жалгасын.

Күрөш менен майтарылбай качпагын,
Кадамыңды дайым кенен таштагын.
Кызмат кылып майтарылбай элиңе,
Көз кубанткан балбандарды таптагын.

## АК ШАМДАЙ КҮЙҮП

***(Бир нече жыл " Ак-Сай" совхозунда башкы инженер болуп иштеген Байзаков Токтомушка)***

Ак-Сайга чыгып күлкүңүз,
Ак эмгек иштеп жүрдүңүз.
Ар дайым болуп ыймандуу,
Ак шамдай болуп күйдүңүз.

Ак-Сайга көңүл бурдуңуз,
Автомойка, гараж курдуңуз.
Арыбай, талбай эл үчүн,
Аброй алып билдиңиз.

Астыртан кулак түрдүңүз,
Адилет иштеп жүрдүңүз.
Алдыда болуп жаштыкта,
Автобус, "КАМАЗ" миндиңиз.

Алакан жайып жатпадың,
Авто кербен баштадың.
Алпурушпай бир жерден,
Алыс жакын каттадың.

Айылга куруп мечитти,
Атыңды район эшитти.
Ажыга барып келиңиз,
Анан коюп чекитти.

1997-жыл.

## ИЛГИРТПЕЙ ТАПТЫҢ ЖОЛУҢДУ

***(Орто-Боз айылынын ишкер жигити Кадыров Сапаралиге)***

Жумушту хим.заводдон баштадың,
Жүрүп бизнеске кадам таштадың.
Жүрүшпөй ишиң банкрот болсо да,
Жарыштан коркуп чыга качпадың.

Жаңы иште оош, кыйыш болду,
Жалдырабай илгерилеп таптың жолду.
Жүгүрүп алдыда болдуң бизнесте,
Жакшы эле капчыгың акчага толду.

Жумасына бир базар да калбадың,
Жыргап бирок, чарчап да талбадың.
Жакшылап базарда өтүмдүү товар деп,
Жаңы, жаңы товарларды түрлөй далай калчадың.

Жумуш иштеп адал менен автобус алдың,
Жыргап айдатып анан шаарга бардың.
Жетишет ак иштегенге карачы,
Жыргалын, рахатын сезип жандын.

Жакшылык иштерде алдыда болгун,
Жардамдаша арка бел болуп колдун.
Жашоо үчүн аракет кыл алгалап,
Жандай алып калыс, таза жолдун.

## БАР БОЛГУЛА КАРЫЛАРЫМ

Кеңешин укканы кексе чалдын,
Кубанып сүйлөшкөнү алдына бардым.
Каргылдана айткандарын эске алып,
Көкүрөккө унчукпастан түйүп алдым.

Көпкө дейре аярлап сүйлөп жатты,
Көкүрөк зил, толо муң-зар, дартты.
Көңүлүмдө турат саймедиреп айткандары,
Койгонсуп аткарууга бүткүл шартты.

Канчалык сүйлөсөң да уккум келет,
Кызыгына кумарлана чыккым келет.
Кылчайып өтүп кеткен жаштыгыңдын,
Караанына көңүл түшүп ышкым келет.

Кадам таштап келе жаткан карыларым,
Күмүш тарткан сакалыңды сагынамын.
Канчалык күч жыйнап да айталбадым,
Кылым тете узак өмүр тамырладым.

Күмүш сакал кагылайын карыларым,
Качан болсо силерди сагынармын.
Көпкө дейре унуталбайт окшодум,
Күлкү толгон жүзүңөрдөн барыңардын

## АК-ТАТЫР АЙЫЛЫМА

Карап туруп жапжашыл ушул бакты,
Канчалаган ата-энебиз арык чапты.
Көгөрсүн деп ичкен ашын жерге коюп,
Кам көрүштү, биз үчүн ишке шашты.

Калкымда ыйман бар, ийменүү бар урагыс,
Күн алыста пикир алып, чогулушуп турабыз.
Көрсөтүп адеп, урмат сый жаштарга,
Кубанычята назик сезим ыроолойбуз, сунабыз.

Келечеги элимдин ишке ашып,
Кызмат үчүн келебиз биз да шашып.
Кулак салгын, урпактарга сабак болор,
Кемчиликтен, жалкоолуктан кыя качып.

Катарлаша ушул бакта олтурабыз,
Көңүл ачып, чөйчөктөрдү толтурабыз.
Коюп максат маңдай-тескей талкуу менен,
Карап көрчү, кыялдагы иштерди биз болтурабыз.

Көрктүү болуп айылдын көчөлөрү,
Көзгө түшөт өрүкзардын мөмөлөрү.
Карап турсам сүйкүм тарта көрүнөт,
Катар түшкөн кооз үйдүн төбөлөрү.

## СЕЗДИҢ БЕКЕН ЖАН ЭРКЕМ

Сезимимде сүйүүнүн оту жанып,
Серепчилеп келемин топту жарып.
Сездиң бекен жан эркем уялаган,
Серп этилет карегим талып, талып.

Сары көкүл моймолжуган жаш бала,
Санаа тартат көз карашы башкача.
Сездирбестен келе жатат билдирбей,
Сыймык артып, шоктонбостон шаттана.

Сагынып эстегенде ойго батып,
Санаа тартып отурган сага шашып.
Серпип өтөт сезимиңди тушап алып,
Сулуулуктун салаалаган нурун чачып.

Салмактап сүйлөгөнүң эсте калат,
Санааркоо уйпаланып четте калат.
Саргайган жамалыңа сапар чегем,
Суктанып арзууларды беттеп алып.

Санаа тартып жүрөк туйлайт алга шашып,
Сездирбестен жан дүйнөңдөн ала качып.
Сезимдериң ансыз деле бүлүк салат,
Сүйүшкөндөй келатабыз катар басып.

## СЫПАЙЫЛЫК ЭЭЛЕП ТУРСА

Сезим толо көөдөнүмдү уялайсың,
Сезимдеги санааркоону кубалайсың.
Сулуулукту ченемсиз ээлеп алып,
Суктандырып жамалыңа дубалайсың.

Сереп салып жүздөрүңө алыстан,
Сездирбеген ой-санаалуу жарыштан.
Сезимтал жүрөгүң оп тартат,
Сагынычтын отунан апкаарыган.

Саамайың, өң-келбетиң дилдеримде,
Саргайып күткөнүмдү билбедиң ээ.
Сага жеткен маалымат мага дайын,
Самтыраган сөздөр менен тилдедиң ээ.

Санаа тартып узакка кармалбагын,
Сыйдаң болот эмелеки тармал чачың.
Сезимдерди тотпоп алып эстегенде,
Суу сепкендей жоголот арман, дартың.

Саламдашып ызаат көрсөт улууларга,
Салты болот ыймандыктан улуу баа.
Сыпайылык ээлеп турса жан дилиңди,
Сени теңейт жылдыздарга, улууларга.

Сыпайылык ээлеп алып жан дилиңди,
Сый-урматың абдан даана билинди.
Сезимдериң туш-тарапка тарам болуп,
Салаа, салаа жаракадай тилинди.

## ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ

Жайлоонун салкын абасы,
Жан курбум аны карачы.
Жылга-жыбыт ичинде,
Жылмаят шибер арасы.

Жан жыргатып сезимге,
Жыпары аңкыйт сезиле.
Жаштыктын жанып элеси,
Жымыңдайт оттой кечинде.

Жадырап турсаң таңында,
Жел жүрөт маал-маалында.
Жүрөккө жакын эстелик,
Жан дүйнө артып камылга.

Жайлоону аркар, кулжа мекендеген,
Жаңылат атып ага жетем деген.
Жолунда аскар тооло заңкайышат,
Жоону жеңип алп денедей бекемдеген.

Жыты сонун арчанын аңкыган,
Жашыл түсү алыстан чалкыган.
Жаратылыш көрк берген карачы,
Жашоо үчүн Ала Тоого талпынам.

## АЙДЫҢ-КӨЛ

Ак куулар учкан айдың көл,
Атайын барып жерин көр.
Ааламдан мындай жолукпайт,
Айланаң көркөм, жашыл төр.

Алыстан күүлөп катылып,
Ансайын жакын чабылып.
Асман тиреп учканда,
Айла жок барам багынып.

Айдың көл сенин мекениң,
Ар убак карап келемин.
Артыңдан сая түшкөндөй,
Арбалып калган экенмин.

Ак куулар келет катарлаш,
Адамдар менен сапарлаш.
Алыстан үнү угулат,
Асман, жерге чамалаш.

Ак кууларым күүлөнө бер алыска,
Азап тартпай алдың аты жарышка.
Ансайын канатыңдын күүсү кетпей,
Алгалатып жарай көргүн намыска.

## НАМЫСТАНАМ

Укканда айткан сөзүң намыстанам,
Улутунам дилде турат калышпаган.
Ушакчынын сөзүнө кирген сага,
Угуп тургун төмөнкүдөй калыс баам.

Уйпаланып бакыт, байлык курчап алган,
Укмуштуудай жан дүйнөңдү тушап алган.
Убайы жок нысапсыз жыйнаганың,
Убагында ар кимдерден сурап алган.

Улук болбой кичипейил, март болгун,
Узанбастан ачкөздүктөн тарт колуң.
Утурумдук өткөн ишке өкүнөсүң,
Улгайганда айыкпаган дарт болуп.

Улуулардын кеп-кеңешин тыңдагын,
Удулу жок арсыздарды сындагын.
Убакыт көп тразалап өлчөгөн,
Убадалуу накыл сөздү жыйнагын.

Убадага бек туруп алдабагын,
Уятсызды коштоп алып жандабагын.
Учур келип өкүнгөндө кеч болот,
Ушакчыны, намыссызды тандабагын.

## УМТУЛУП ТАРБИЯ ИШИНЕ

*(Баткен гимназия мектебинин директору,*
*эл агартуунун мыктысы Ысманов Ашыралиге)*

Урмат-сый көрүп Газдан,
Умтулуп тарбия кенин казган.
Урматтуу Ашырали агай келет,
Улутунуп аярлай, тыкан баскан.

Убагында бардыгына катуу талап койдуңуз,
Утурумдук баш аламандыкты жойдуңуз.
Уккан кулак сүйүнөт Баткенде гимназия ачтырып,
Ушул тапта бактылуу атка кондуңуз.

Урушпай салмактап жооптуу талдадыңыз,
Унут калган бөлмөлөрдү ондоодон кармадыңыз.
Убакыт аз, ичкен ашты жерге коюп,
Убара тартып эч бир артта калбадыңыз.

Узун дагы, шыдыр болуп жолуңуз,
Убагында эмгек сиңген мугалим болуңуз.
Убайын көрүп тынбай иштеп,
Узанасын, эч убакта талыбасын колуңуз.

1995-жыл.

## ЖАНДЫРА БЕР ЖАШООНУН ЧЫРАГЫН

***(Көк-Таш айылынын ишкер жигити Осмонов Тыныбекке)***

Жарыла төгүлүп, шаттыкта күлгүн,
Жароокер болуп, бакубат жүргүн.
Жадатпай урматтап алган жарыңды,
Жанашып чын дилден берилип күйгүн.

Жашоонун көрүп үзүрүн, убайын,
Жанында жүрсө жубайың, жан күйөр.
Жанаша басып жарашкан силерде,
Жок болсун ылайым кайгы да убайым.

Жаштык кез илеби каралат,
Жол түшүп барасың сабалап.
Жан дүйнө туюмуң сезилип,
Жылуулук күч алып таралат.

Жашоодо үлгү ал, жыйнагын,
Жадырап үй-бүлөңдү сыйлагын.
Жарыша келебиз баарыбыз шашылып,
Жан эргитип жамандыкты кыйбагын.

Жол таптап турмуштун кутпасын,
Жылмалап жаба сала бейчеки бузбагын.
Жүзүңдөн чаалыкпай от жанып,
Жандыра бер жашоонун чырагын.

Жаштыгың өчпөсүн түнөрүп,
Жол улагын океандай түбөлүк.
Жамалыңа көз түшсө күн сайын,
Жолукканда саламдашып жүрөлүк.

10-ноябрь, 2004-жыл
Нижний-Новгород

## КҮРӨШКӨ ТҮШҮП СЫНАЛДЫҢ

***(Атактуу балбан, КР ЖК депутаты маркум Эркинбаев Баяман Гавусовичке)***

Көңүлдү коюп карасам,
Килемге чыкты Баяман.
Калтырбай баарын жыгытып,
Кыргызга сыймык жараган.

Караанын турат бөлүнүп,
Кожомкул өңдүү көрүнүп.
Күрөшкө түшүп сыналдың,
Каруундан күч төгүлүп.

Күрөштөрдө далай эңип,
Калтырбай таза жеңип.
Караан болуп калкыма,
Кыйындарды бирден терип.

Карап туруп болжодуң,
Келтирип белди толгодуң.
Көздү ачып жумганча,
Көтөрө чапты колдоруң.

Көздүн жоосун алдырган,
Көрүнөт сарайың салдырган.
Калкыма болдуң сүйкүмдүү,
Кылымга атың калтырган.

Кыргызым сени баалады,
Кыраан бол деп баалады.
Кеңешке берип мандатты,
Көп добуш менен шайлады.

Калк мүдөөсүн аткарып,
Келесиң дайым макталып.
Качан сени көрбөйлү,
Күжүрмөнсүң барк алып.

2001-жыл.

## КӨЗГӨ СҮЙКҮМ ТУРАГЫҢ

*(Ак-Татыр айылынын ишкер жигити Абдазизов Ниймотилла Жусуповичке)*

Турмуш күтүп, үй-бүлөнү курадың,
Татынакай көзгө сүйкүм турагың.
Талыкпаган эмгек менен жетишип,
Татаал турмуш сырларына чыдадың.

Тактап көрсөм уул-кыздын урматын,
Туу көтөрүп менменсинип турбадың.
Таштап кадам биргеликте жашоодо,
Таалим болсун үлгү болор турпатың.

Тыным албай чоң турмушта сыналдың,
Токтоо болуп кыйындыкта чыңалдың.
Туруктуулук, боорукерлик, айкөлдүк,
Турмуш менен ажатыңды чыгардың.

Тамашакөй, кичи пейил мүнөзүң,
Тартынбастан саламдаша жүрөсүң.
Тамшандырып улууларды урматтап,
Тууганыңдай жылдыз чача күйөсүң.

Таза бойдон кадамыңдан калбагын,
Таза жүргөн инсандарды жандагын.
Турмуш өзү талдап алат кезинде,
Туу тутунуп сендейлерди ардагым.

1998-жыл.

## АЙЛА ЖОК ОЙГО БАТАМЫН

*(Кызым Жазгүлдүн жаркын элесине)*

Атың турат сүрөт менен гезитте,
"Алга ыйлап жатат" аттуу макалаң.
Айтылган сын, сунуштарды салмактап,
Айла жоктон түпсүз ойго батамын.

Айланайын алтын кызым, ардагым,
Ар убакта тийип турчу жардамың.
Акыл калчап, шашылбастан сөз айтып,
Адеп менен ой-пикирди талдадың.

Арбап алып күлмүңдөгөн жамалың,
Атакелеп катар келет караанның.
Айтып койчу жылдыз кызым, неликтен,
Атаң турат чырмоосунда санаанын.

Андан бери жылдар өтүп арадан,
Абышкага окшоп улам баратам.
Алдымдагы ачык-айкын тилегим,
Атап сага сонун ырды жаратам.

Армансыз ов өтпөйт өмүр, карагын,
Айтам сага турмушуңду карагын.
Ардактарым келе бергин катарлаш,
А мен болсо колду сунуп барамын.

05.05.2013-жыл.

## ЭЛ АЛДЫНДА ЖАДЫРА

***(Орто-Боз айылындагы "Балажан" балдар бакчасын ачууга эмгек сиңирген Ж. Момунов атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Зарматова Замирага)***

Жүгүрүп жүрүп бала бакчаны ачтың,
Жадырап балдарга нуруң чачтың.
Жетине албай турган учурда,
Жаштардан даярдап эжейликке шаштың.

Жоктон бар кылып, ишти нөлдөн баштадың,
Жазып иретке салып, балдарды бирден тактадың.
Жыйнадың наристени үйүнө кирип, шашылбай,
Жаңыдан ачуу үчүн айылга бала бакчанын.

Жетиштиң жеңишке эжекебиз Замира,
Журт алдында күлүп, жайна, жадыра.
Жүгүрүп иштеген мээнетиң кетпейт,
Жаркырап балдарың турса сени сагына.

14.02.2012-жыл. Орто-Боз айылы.

## КҮЙҮП-БЫШЫП БАЛДАРГА

***(Т. Садыков атындагы орто мектебинин биология мугалими Кыдыралиева Шарипага)***

Биздин 6-А класс жүрөгүңүз, түнөгүңүз,
Билебиз жыйырма беш окуучунун күйөрүсүз.
Бирге болуп андыктан жаныбызда,
Барктайбыз, урматтайбыз чын сүйөрүбүз.

Билим берип күлүп, жайнап жүрөсүз,
Биз үчүн чын жүрөктөн күйөсүз.
Бирге жүрүп, бирге басып биз менен,
Бирин койбой маңдайынан сүйөсүз.

Бар болсун Сиздин бактыңыз,
Баарыбызга тегиз жактыңыз.
Бактыбызга жаман-жуман туш болсо,
Бапестеп бизди, аны четке мактыңыз.

Биз үчүн чындап күйүп-быштыңыз,
Бюрократтардын далайын жеңип чыктыңыз.
Бирок, алардан коркпойсуз, себеби,
Бекем болуп баарынан мыктысыз.

Береке, кут коштоп башыңыздан,
"Беш" деген баа кетпей жадыңыздан.
Байкалат бакты-таалай алдыңызда,
Биз билебиз белги бере сермеген кашыңыздан.

8-март, 1995-жыл.

## ТУРБАГЫН ЧЕТТЕ ЖАШЫНЫП

***(Ак Татыр айылынын ишкер жигити Мурзабаев Эргеш Ибраимовичке)***

Турмуштун түшүп артына,
Түйшөлдүң далай талпына.
Темирдей бекем эрк менен,
Турасың жайнап калкыңа.

Тартынып иштен качпадың,
Таамай өлчөп калчадың.
Турпатың менен көрүнүп,
Так эсепти тактадың.

Тилегиң ишке ашырып,
Турасың дайым качырып.
Туу болуп келип алгала,
Турбагын четте жашынып.

Тынчыбай иштеп келесиң,
Тизмектеп турмуш нечени.
Талыкпай үзүр көргөндө,
Таалимин анын сезесиң.

Тил алгын, иним, шашпагын,
Тийди болуп жалкоолоно качпагын.
Турмуш өзү таразалап койгондой,
Такыр эле манчыркап сен жатпагын.

1998-жыл.

## ЖАШ КЕЗИҢДЕН МАЛ БАГЫП

*("Лениндин 100 жылыдыгы" атындагы*
*Совхоздун башкы чабаны Орозали Довранoвго)*

Жаш чабан болуп сый алдың,
Жаштыгыңда далай ирет кыйналдың.
Жарышта өз тобуңдан алга келип,
Жеңил эмес тажрыйба жыйнадың.

Жашыңдан короого жакын болуп,
Жаш козуларды ыктадың көңүл коюп.
Жайы, кышы короо четинде жүрүп,
Жаман, жакшыны иргедиң жоруп.

Жыл башында тактап план алдың,
Жакшы чыгып, аман сактап малдын.
Жетекчилер көрсөтүп сый-урмат,
Жыйында төшүңө медаль тагындың.

Жаз келсе жайлоого шашасың,
Жатып ичер жалкоолордон качасың.
Жыл жыйынтыктап сөз болсо,
Жүн менен төлдүн эсебин табасың.

Жоодурап шаан-шөкөттө жүргүн,
Жетесиң баатырдыкка бир күн.
Жан досум, кулак салчы айтайын,
Жеңилбестен алдыда жүр сүйкүм.

1993-жыл.

## АК ЭМГЕКТЕН БААР ТААП

*("Ак-Сай" совхозунда 35 жыл малдоктур болуп иштеген Ибраимов Бадал акеге)*

Талыкпай мал доктур болуп жүрдүңүз,
Талашып малчыга жан ачып күйдүңүз.
Тактап мал-жан аман болсун деп,
Так максатуу дайым билек түрдүңүз.

Түнү келсе машина,
Токтоп турбай жашына.
Турмуш ушул дегендей,
Тура жөнөдүңүз шашыла.

Так калтырып колдордо,
Таштак, чаңдуу жолдордо.
Таңында туруп жөнөйсүз,
Талпына учуп койлорго.

Тымызын кээде макталып,
Турасыз дайым даңкталып.
Таалим алчу жаштар көп,
Тыкыр болуп тапталып.

Түмөн байлык, эсеп менен топтоңуз,
Түбөлүккө жан сергитип коштоңуз.
Тээ байыртадан калган сөз,
Тартип бузган жалганчыны кошпоңуз.

## ТУРУКТУУ БОЛГУН АНТЫҢА

*(Ак-Татыр айылындагы ФАПтын башчысы Жогорку категориядагы фельдшер Кошназаров Жолчу Бектемировичке)*

Ак-Татырдын анык сенсиң кулуну,
"Ата, акедей" эмгек кылып жупуну.
Айланчыктап көз ирмемде карасам,
Алган тура ташпиш, түйшүк тулкуңу.
Айыл ичин шаңга бөлөп дайыма,
Ачык турат доктурканаң күн-түнү.

Сыртың салбай ар бир үйгө киресиң,
Сыркоолорду заматта так билесиң.
Санаа баскан кусалыкты айдаган,
Сезим толо кубанычка күлөсүң.

Сакайгандар саламдашса баш ийкеп,
Сыр бербестен катарлаша жүрөсүң.
Туруктуу бол Гиппократ антына,
Талыкпастан кызмат өтө калкыңа.

Топтой жүргүн шакирттерди даярдап,
Тирикарак балдар бардыр артыңда.
Татуу, ачуу даамын сез турмуштун,
Таазим этип, темирдей бек салтына.

1.07.2001-жыл.

## ТААЛАЙЛУУ ЭЛДИН КЫЗЫСЫҢ

*(Баткен облустук ооруанасынын врач-терапевти Идирисова Уулжанга)*

Талбай иштеп тымызын,
Таалайлуу элдин кызысың.
Таңданып сага ыраазы,
Тактыкты сактай турушуң.

Терапевттин татып нанын,
Тынч, аман болсун жаның.
Кабыл алып сыркоолорду,
Түбөлүк сыймык алгын.

Тартип менен аяр басып,
Тигилесиң нуруң чачып.
Талыкпастан кабыл алып,
Так убагында ишке шашып.

Тазасың дайым курдашым,
Табият менен сырдашып.
Таазим кылып келишет,
Тыкан болуп сыйлашып.

Түз болсоң дайым элиңе,
Тынч угат сенин кебиңе.
Тамылжып жүзүң жаркырайт,
Талыкпай иштеп бериле.

1.07.2001-жыл.

## АТА ЖУРТ ЫШКЫСЫ

*(Акын Даабек Турдуевге)*

Көпкө иштеп талыкпай,
Көлдө сүзүп балыктай.
Келдиңиз ырлар жаратып,
Кирпич куйган калыптай.

Көз жарган жериң Рават,
Көңүлдө дайым уялап.
Кызыгуу менен жазасыз,
Калемди аяр кармалап.

Кези келип механизатор болдуңуз,
Кыйналбастан акындыкка бет койдуңуз.
Канча көркөм ырлар жазып кубанып,
Кутман курак жашка дагы толдуңуз.

Көңүл койо талантты таптаңыз,
Кымбат делген абийирди сактаңыз.
Керилип Ата Журт деп талпына,
Кут толо алпештей барктаңыз.

Калбай токтоп узак, узак басыңыз,
Келтире төп поэмалар жазыңыз.
Коштоп жүруп акындардын катарын,
Кыйшык баспай, алга карай шашыңыз.

Келип жашап Раватта кышкысын,
Китеп жараттыңыз "Ата Журт ышкысын".
Күндөлүк жашоодо пир тутуп ырларды,
Кызыр жолдоп чыгармалар жазылсын.

2001-жыл.

## АЛКЫШ АЙТСАМ АЗДЫК КЫЛАР

***(Кара-Булак айылындагы С. Эрматов атындагы орто мектептин кыргыз тили, адабияты мугалими СССРдин жана КРнын эл агартуусунун мыктысы Сайдакпар Абдыганиевге)***

Айгүл тоону аралап далай жүрдүң,
Азып, тозуп көрбөстөн бетин үйдүн.
Айтарым Абдыганиев акемдей мекенчил бол,
Айгүлдү коргоймун деп оттой күйгүн.

Аста сүйлөп урушпастан бала сүйдү,
Аты калар урпактарга санжыра үйдү.
Ал болот эстен чыккыс түбөлүккө,
Ардакталып эл ичинде айта жүрчү.

Акыл топтоп чыгарды "Баткен куту",
Аярлай кызмат кылып жупуну.
Аваз менен "Алчадияр" жаралды,
Айтар эли сыйласа окуп муну.

Ак тилектен жол түшсө барып,
Агайдын музейин баала, атайын калып.
Ар дайым меймандарды күткөн өңдүү,
Алыстан тосуп чыгат маңдайы жарык.

Арбап алып окутат кыргыз тилди,
Албууттана жан дүйнөңө сүңгүп кирди.
Ат көтөргус орошон эмгек жасап,
Айттырбастан ар киминдин оюң билди.

## ЗАМИРАГА МАКТАЛ СӨЗ

Замиранын окуучулук курагы жана мугалимдик иш ыргагы менин көз алдымда даана тартылып келет. Анткени, ал Жолдошай Момунов атындагы орто мектебинде билим алган мезгилден тартып өзү менен чогуу окуган Таирова Махбуда экөөсү калган курбуарынан айырмаланышып, күндөлүк сабактарга тыкан даярдык менен келишчү.

Билимге болгон зор үмүт, максат алга жетелеп, экөөсү тең Бишкек шаарындагы университетке тапшырышып, билим алууларына өбөгө түздү. Бул жерде да алдыңкы студенттердин катарында болуу менен, окуу жайын артыкчылык дипломдору менен аякташты.

ЖОЖдон алган теориялык билимдерин практика жүзүндө тастыкташып, тез эле алдыңкы мугалимдердин катарын толукташты. Анткени, окуучу, мугалим катары экөөсү менен чогуу иштөө мүмкүнчүлүгү насип эткенине сүйүнөмүн.

Мугалим катары окуучулардын сапаттуу билим алуусуна арнап, алардын сүйүктүү эжекесине айланды. Анын өткөн күндөлүк сабактары турмуш менен

байланышта болуп, көңүл көтөргөн маанайда кызыктуу өтүп, бул бара-бара салтка айланды.

Кыска убакыттын ичинде зор тажрыйба топтоп, өз предмети боюнча райондогу алдыңкы мугалимердин сабында көч баштап келе жатканы кубанычтуу. Замиранын эң жакшы бир артыкчылыгы – күнүмдүк сабактарды турмуштан алынган мисалдар аркылуу кызыктуу өтүп, курулай шаңдануудан алыс тургандыгы.

Жетишкен ийгиликтери жыл сайын өкөрүлгөн карoo-сынактарда байгеге ээ болуп, өз ишине болгон тыкандыгы, жоопкерчиликти сезе билип, туура баамдаган ой чабытында даана байкалды. Албетте, биринчи кезекте “Эр эмгегин жер жебейт” демекчи, талыкпай изденген эмгегинин учуру өз учурунда туура баа, сыйга ээ болгондугунда.

Бирге иштеген кесиптеши, окуткан агайы катары, анын изденип иштеген эмгекчилдигин, коомдук ар кандай иштерге активдүү катышып, жогорку чеберчиликке ээ болгон уюштуруу жөндөмдүүлүгүн баса белгилеп кеткеним туура болор.

Замиранын педагогикалык ишмердигиндеги ийгиликтер али алдыда. Ал ийгиликтерге күн санап кадам таштап, аракеттенген изденүүчүлүгүнө ийгилик каалаймын. Алдыдагы чоң жеңиштердин ээси болушуна тилектешмин. Илгери үмүт ийгиликтин ачкычы. Бар бол, Замира, арыбай-чарчабай алгалай бер.

**8.03.2009-жыл.**

## КӨӨДӨН ТУРАТ ЭҢШЕРИЛИП

*(Классташым Калыков Турдубайдын жаркын элесине)*

Курбалдашым көзүң өттү эртелеп,
Кубалашып ойноп-күлүп жүрчү элек.
Капалыкты ойго албастан экөөбүз,
Катарлаша колдор-колдон жетелеп.

Кечикпестен жолго чыгып шашылып,
Китеп кабың жондо жүрчү ташылып.
Күлкү толгон тамашакөй мүнөзүң,
Кээ кезде калаар элең жашынып.

Кырчылдаган боюң болчу жапалдаш,
Кыялбаймын өткөң күндү сапарлаш.
Кырчын кезди өткөрөмүн элестен,
Коштоп алып мурдакыдай катарлаш.

Курбум сага ушул ырым эстелик,
Караан тутам келбетиңди эскерип.
Кырчын жаштык мүнөзүңө үңүлсөм,
Капилеттен көөдөн турат эңшерилип.

Кош бол, курбум, кошкун эми түбөлүк,
Карааныңды эстеп дайым жүрөлүк.
Кылымдардан-кылымга атың калып,
Коштоп сени, бирге жашоо сүрөлүк.

2004-жыл

## МЕЛЖИГЕН АШУУ АШЫП

***(Бир чарбада 40 жыл айдоочу болуп иштеген согуштун жана эмгектин ардагери, атам Мамытов Жумабай Мурзамуратовичке)***

Максаттуу иште тыным албай,
Машине келет жолдо калбай.
Мекен жүгүн аркалап,
Мээримдүүсүз жолдон тайбай.

Машинеңиз калса да түтөп,
Майладыңыз сынган жерден бүтөп.
Мотор үнүн алыстан угуп,
Малчылар зарыга Сизди күтөт.

Максатыңыз айдан ачык,
Малчыларга жөнөйсүз шашып.
Машине айдоо оңой иш эмес,
Мелжиген ашууну ашып.

Мелжеп алып курчтукту жолго берип,
Мезгилинде жетесиз жолду терип.
Маңдай ачылган байчечекей сымал,
Мактанбайсыз дайыма бизге келип.

Мансапка кызыкпай, жалбарып, жалына,
Момун болуп балдардын багына.
Мезгил өтүп билинбей баратат,
Мыктылап коштуңуз алдыңкылар сабына.

1995-жыл.

## ЭЛПЕК МҮНӨЗ АГАМА

*(Көп жыл чарбада талаачылык боюнча бригадир болуп иштеген агам Максытов Эрмат Мурзамуратовичке)*

Эртелеп жумушка шаштыңыз,
Эрикпей кетмен чаптыңыз.
Элиңдин чечип көйгөйүн,
Эмгектен баар таптыңыз.

Эркти бекем үрөдүңүз,
Эш тартып алга сүрөдүңүз.
Эгин эгип талаада,
Эргип турду жүрөгүңүз.

Эмгекке көңүл бурдуңуз,
Элжиреп дайым турдуңуз.
Эсирип жүргөн жалкоого,
Эр, сырттандай турүңүз.

Эмгек кылып жериме,
Эпкиндүү болуп элиме.
Эр көкүрөк агатай,
Элпексиң батпай териңе.

Эмгек менен эр көгөрөт,
Эпкиндүү жүрүң көкөлөп.
Эл үчүн кылган кызматты,
Элиңиз турсун бөлөлөп.

1995-ж

## ИЛИМПОЗ АГАМА

*(Айыл чарба илимдеринин кандидаты Калбаев Тагайберди Калбаевичке)*

Ак-Сайдан ишти баштадыңыз,
Акимчиликке кадам таштадыңыз.
Аппарат жетекчи болуп райондо,
Ардактуу иштен түк качпадыңыз.

Айыл чарбасын кошо айкалыштырып,
Арыбай илим кандидаттыгын жактадыңыз.
Арыдым, чарчадым деп үйдө жатпадыңыз,
Абийирдүү, өрнөктүү жаштары таптадыңыз.

Азыр да кол куушуруп карап турбай,
Айыл чарбасынын өнүгүүсүн тактадыңыз.
Агатай, ар дайым ишке так жүрүп,
Ар намыс менен бир кесипти барктаңыз.

Айыл чарбасы менен жетекчиликти барктап,
Ар убак келесиз адеби менен сактап.
Анан да жөн жүрбөңүз бекер эле,
Артыңызда көптөгөн күлүктөрдү таптап.
Ак-Сайга мээнет менен тиктирген көчөтүңүз,
Алыстан көзгө сүйкүм, кооз көрүнүп шактап.

1999-жыл.

## АРХИВДИ ЖОЛГО КОЙДУҢУЗ

*(Лейлек райондук архив башкармалыгынын башчысы Дарханай Жураевага)*

Алфавит менен иш баштап,
Архивди жолго койдуңуз.
Ар убак үлгү көрсөтүп,
Айткан сөздө болдуңуз.

Айтканы элдин чын экен,
Ак дилден чыгат күлкүңүз.
Аспеттеп дайым келиңиз,
Архив – бул Сиздин үйүңүз.

Ак ниет эжем Дарханай,
Ары жок ишке барбаң ай.
Асыл максат алдыда,
Ардактуу иштен талбаң ай.

Архив ишин саздаң ай,
Ара жолдо калбаң ай.
Ак иштеген эже деп,
Атыңыз калсын Дарханай.

Алкыш албаң жалган ай,
Алешем ишке барбаң ай.
Ак алтын өскөн Лейлекте,
Асылсыз эжем – Дарханай!

2000-жыл.

## АМАН БОЛГУН КУРДАШТАРЫМ, ЖОЛУККАНЧА!

Ачуу, таттуу, оош күндөр өткөрүп,
Амандыкта кездештик биз көз көрүп.
Арга барбы эрте өткөн тагдырга,
Аттиң дүйнө, орто турат бөксөрүп.

Ага-эжеден алган тереӊ билимди,
Акыбети кайтып бүгүн билинди.
Акыл кошуп азып-тозбой келишет,
Акак сымал жан үрөгөн дилиңди.

Ата болуп, эне болуп сыйлаган,
Ак чач басты тирүүлүктө кыйладан.
Амандашып азыр мына турасың,
Асыл мүнөз ага-эжени кыйбаган.

Аскар тоодой акыл тетик курдаштар,
Алдыда көп нечендеген кыр ашар.
Асылдыкты ыйык тутуп ар качан,
Асирет бар, акылдашып сыр ачар.

Аман жүргүн кайда болбо курбулар,
Артыбызда муун турат жол улаар.
Арыбастан тутка болуп жүрө бер,
Аралык бар кездешчү күн жолугар.

Аман болгун жолукканча эми биз,
Алоо тартат көөдөн толо демибиз.
Ачык асман тирүүлүккө жол салган,
Алгаласын дөөлөт толгон жерибиз.

23.05.2003-ж.

## КЫЗЫР КОЛДОП БАРК АЛЫҢ

(Поэма)

**Облусубузду түптөөдө, элибиздин ынтымагын чыңдоодо жигердүүлүк менен иштеп кеткен, облус экс- губернатору Мамат Марипович Айбалаевге арналат.**

Канат кагып талпына,
Келдиңиз Баткен калкына.
Көптөн бери күтүшөт,
Куттук айтып сагына.

Көп чыгарып сымапты,
Кадамжай Сизди чыңалтты.
Келдиңиз иштеп тынбастан,
Катуу таштап дымакты.

Кабакты ачып күлдүңүз,
Көңүлгө бекем түйдүңүз.
Кесири тийчү иштерге,
Кабатыр болуп жүрдүңүз.

Калкымда бүгүн көп үмүт,
Кетпесин чилдей бөлүнүп.
Калдайган Манас карааны,
Коштой жүрсүн көрүнүп.

Кызмат кылың элиме,
Келесиз тынбай темине.
Кадамды кере таштаңыз,
Күнөстүү Баткен жерине.

Көрөгөчтүк менен баркыңыз,
Кооперативди колго алдыңыз.
Калп сүйлөгөн адистин,
Катыгын берип салдыңыз.

Калк ичинде болдуңуз,
Катуу талап койдуңуз.
Күнү-түнү иш кылып,
Кадырлуу атка кондуңуз.

Кыйын кезде билинип,
Көрүнүп көзгө илинип.
Калайык калкың суктанат,
Кызуу колдоп берилип.

Короо-сарай тонолуп,
Калыптыр баары жоголуп.
Кытайдан келсе эчкилер,
Кыйналарбыз, бирок оңолуп.

Көбөйтүп эчки тыбытын,
Көңүлдө жылга-жыбытың.
Карап турбай иштейбиз,
Кубанычта күнү-түн.

Карап туруп кейиймин,
Кабагын коруп элимдин.
Кыйын кезде иштесек,
Көркү ачылар жеримдин.

Каналдан көрүп тешикти,
Катуу токтом бекитти.
Кыйып кирген бул ишке,
Көз ирмемде жетишти.

Көлдүн суусу топтолду,
Көз тайгылтып көп болду.
Кыйладан бери ойлонткон,
Кыйынчылык жок болду.

Көк дарыя булкунат,
Каналга батпай жулкунат.
Кеңейтип аны оңдосок,
Какыр жерим кулпунат.

Келип дароо оңдоду,
Кыйын болгон жолдорду.
Көп каражат бөлдүрүп,
Көзөмөл кылды долбоорду.

Көк-Талаа жолу башталды,
Кылымга кадам ташталды.
Көркүнө салып бүтүрөт,
Кубаттап турсак жаштарды.

Көзгө комсоо жактарың,
Кыйылган бутак-шактарың.
Келип далай эскертти,
Көрүп өрүк бактарын.

Карасаң өрүк баладай,
Көңүлүң куунак тарабай.
Карабай койсоң оңолбойт,
Калат жешке жарабай.

Кылым тогошор жылында,
Катуу иштеп чынында.
Көп убакыт сарпталат,
Катарга кошуу кыйын да.

Кылымга тете иш кылып,
Катуу дөөлөт туш кылып.
Кыргыздын жанып жылдызы.
Калкымда болсун тынчтылык.

Күткөн тилек акталып,
Күлүктөй жүрүң тапталып.
Каалаймын дайым ишенип,
Кызыр колдоп барк алың.

Караан болуң элиме,
Кызмат кылып бериле.
Кулатов агам сыяктуу,
Кымбатсыз Баткен жерине.

Карт тарыхка кайрылсак,
Кыйындар чыккан Баткенден.
Кыргызга болуп сыймыктуу,
Кыйын кезде бап келген.

2000-жыл.

## ЭМГЕК МЕНЕН КӨГӨРГҮН

***(Өз демилгеси менен "Автотехсервис" ачкан Ишкер жигит Базарбаев Жакып Султановичке)***

Жакып иним шашпады,
Жакшы ишти баштады.
Жыйнап темир, тезекти,
Жалтыратып таштады.

Жалкоо болуп жатпады,
Жумуш ордун актады.
Журт көзүнө көрүнүп,
Жыргал турмуш барктады.

Ишкер болуп элине,
Иштейсиң дайым жериңе.
Ишине оомат тилеймин,
Илгери жүргүн темине.

Кабагың ачык жүрөсүң,
Каткырып дайым күлөсүң.
Кезек күткөн инсанга,
Комбинезон жеңин түрөсүң.

Заматта таап жарасын,
Зарылтпай жолго саласың.
Замзамдын суусун бергендей,
Зергер сымал каласың.

## ТАМАГЫҢЫЗ ДААМДУУ

***(Ж. Момунов атындагы орто мектебинин ашпозчусу Гүлбара Батыровага)***

Макташат окуучулар жасайт деп тамакты,
Мактайбыз биз жакшы жууйт деп табакты.
Киргенде ашканага курсан болуп,
Көтөрөсүз көңүл ача кабакты.

Коёсуз стол үстүн жайнатып,
Кумшекер, калемпир, салатты.
Кирген, чыккан таң кала,
Кадалган көз кумарым каратты.

Манту жасап колуңуз,
Машыккан ашпоз болдуңуз.
Мактоолор угуп майрамда,
Мээрбан атка кондуңуз.

Мерчеми менен туз салып,
Мезгилди тактап болдуңуз.
Мейман күткөн ападай,
Мектепке да көндүңүз.

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН

*(Ош облустук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун кыргыз тили каанасынын башчысы Адалат Козуевага)*

Эл ичинде дайым алга келдиңиз,
Эжеке иштеп талыкпастан бөлүнүп.
Жаштарга дем, күч-кубатты бердиңиз,
Эмгегиңиз текке кетпей көрүнүп.

Бирде Баткен, бирде Лейлек, бирде Совет,
Баардыгында убакыт таап болдуңуз.
Мезгил деген билинбесиен өтө берип,
Мына бүгүн элүү бешке толдуңуз.

Куттуу болсун элүүдө беш жашыңыз,
Токтобостон алга карай басыңыз.
Дале болсо булгу болуп көптөргө,
Тажрыйбадан газетага жазыңыз.
Мен тилеймин бул жашоодо, өмүрдө,
Эңкейбестен кылымдык дабан ашыңыз.

**Ош шаары, Рудаки атындагы ОМ. ОМБӨИ**
**19-январь, 1990-жыл.**

## КУРЧ ЭЛЕҢ

*(27 жаш курагында ааламдан өткөн иним Момытов Ашимдин жаркын элесине)*

Курч элең, өткүр элең, шайыр элең,
Көңүлүң шок, дайыма сен гайыр элең.
Көргөндө бүт тулкуңа курдаштарың,
Карашып, суктанышып кайыл эле.

Сүйлөсөң чечен болуп кетээр элең,
Сыр бербей сүрүң менен келээр элең.
Салмак менен бир калыпта күлчүсүң,
Сырттандай баардыгына кебелбеген.

Убаданы убагында чечер элең,
Унутуп жаман сөздү кечер элең.
Улуулардын кеңешин жер таштабай,
Урмат кылып бөлөлөп кетер элең.

Ушул болсун менден сага эстелик,
Уламадай ыр сабында эскерип.
Уул-кызың, урпактарың суктансын,
Унутпастан жамалыңа кез келип.

24.08.1999-жыл.

## ДАҢКТАЙМЫН МЕН ДА ОШУМДУ

***(Ош шаарынын 3000 жылдыгына)***

Айланаң турса кулпунуп,
Ак-Буураң агат жулкунуп.
Ал-Тоо көркке бөлөнүп,
Аргымак сындуу булкунуп.

Кооз болуп бактарың,
Канча кылым сарптадың.
Калкыма пайда келтирип,
Кызыр колдоп калчадың.

Кымбатсың мага Ош пирим,
Келесиң салып көз кырың.
Керемет толо сулуусуң,
Көңүлгө толгон ой-кырың.

Окусам "Намесин" Бабурдун,
Оргуган ыйманга кабылдым.
Ой гүлүн алга жетелеп,
Ош пирим сени сагындым.

Кыйла жыл өтүп арадан,
Кылымга атың тараган.
Курманжан датка энени,
Кыргыз эл жалпы караган.

Айкели турса датканын,
Арзуусу артып канчанын.
Акыл калчап иштеген,
Атыңды мен да барктаймын.

Байыркы жибек жолунда,
Бабур бабам коомунда.
Барктап дайым келишкен,
Баракух бийик тоосунда.

Баатырлар чыгып Ошумдан,
Баарысы тегиз озунган.
Балбылдап турат Ош шаарым,
Баракух өңдүү тоосунан.

Алтынга батып кендериң,
Ак алтын чачып жерлериң.
Ар убак тартат өзүнө,
Ажарын ачып келгендин.

Өрүшкө толуп малдарың,
Өткүрдөй болуп жандарың.
Өлкөмө жасап кызматты,
Өмүрдөн тозуп калбадың.

Ак-Буура тынбай ага бер,
Арыштап алга бара бер.
Ак шуру сымал моюнда,
Алмаздай күйүп жана бер.

Ажарың азыр ачылган,
Адамга мээриң чачылган.
Аралап тегиз калкымды,
Ак-Бууран келет ташынган.

Ордолуу Ошум мекеним,
Ортоңдон сызып келемин.
Оомал-төкмөл жашоодо,
Ооматты сага беремин.

***25-декабрь, 1999-жыл.***

## ӨРТТӨНҮП СЕЗИМ

Өрүктүн чогултуп жалбырагын,
Өмүрдүн өткөндөрүн кабылдадым.
Өкүнбөймүн өмүрдүн сынагынан,
Өткөрүп жакшылардын жанындамын.

Өлчөнгөн жашоонун эсебинен,
Өр улап барабыз биз кезегинен.
Өмүрдүн миң кырдуу саябаны,
Өйдөлөйм, колуң жетпейт жетегинен.

Өмүрдө шилтеген кадамың,
Өкүнбөй шилтегин кадамың.
Өзөктөн алоолоп чыккансып,
Өлчөнүп мен дагы барамын.

Өмүрдүн арналган купуя дубасын,
Өркүндөп улам, арбалып турсың.
Өркөч сымал узак жашоодо,
Өрнөк болуп калыстыкты туясың.

Өз ара куруп сый мамиле,
Өрттөнөт сезимдер жан бирге.
Өкүнүп ар убак эстеймин,
Өткөнүн санаамдан кай бирде.

*9.11.2012-жыл.*

## КАРА-МОЙНОК ЖАЙЛООСУ

Чөп чабыкка барчубуз Кара-Мойнок,
Чалгы чаап саздарында катар бойлоп.
Чөмөлөнү үйүп алып балдар-кыздар,
Чурулдашып жадабастан кечке ойноп.

Жайлоосу Карын байдын болгон дешет,
Жамандык кыя өтпөй торогон дешет.
Жылга-жыбыт толтура малы менен,
Жалдыратып журт көзүнчө соргон дешет.

Арадан мезгил өтүп тикен басты,
Ар жердин өңү өчтү,куту качты.
Айланасы алыстан муң-зар толо,
Адамга кол сунуп, чуркап шашты.

Азыр көрсөм тосулуп айланаң,
Алтын колдуу мээримиңе таңданам.
Акак сымал тунук аккан сууларыңа,
Ансыз деле суктанам да таң калам.

Тигилиптир алма, өрүк, шабдалы,
Тынбай келет эс алуучу карачы.
Таңданышат көпкө чейин унутпай,
Тамчылаган муздак сууң таңдагы.

## "МЫРЗАЙЫМ" СЫНАГЫНА

Башталса сынак "Мырзайым",
Баарыңды угуп тыңдайын.
Бакырып залды көтөрбөй,
Бир калыпта ырдайын.

Чогулуп залда турабыз,
Чаалыкпай көңүл бурабыз.
Чейрек сайын өткөрүп,
Чоң концертти курабыз.

Колдор турса чабылып,
Күйөрман келет агылып.
Кезек менен мелдешсек,
Көңүлгө келбейт таарыныч.

Кезек менен ырдашып,
Келебиз дайым сырдашып.
Капа кылбай бириңди,
Калбагын достор чырдашып.

Жакшы болсо сүйүнүп,
Жаманы болсо күйүнүп.
Жардамга биз даярбыз,
Жалпыбыз кошо жүгүрүп.

Учурашып кол берип,
Урматташып жол берип.
Ушул сыймык эмеспи,
Улуулар берген таберик.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ АРДАГЫМ

*(Термелер)*

Сөзүмдү чындап баштайын,
"Сармерден" оюн качпаймын.
Сынап тиктеп олтурган,
Силерге салам таштайын.

Айтылуу оюн "Сармерден",
Айтыштарда тан берген.
Арка белден тер кетип,
Ар кимиңе бал берген

Сынакка келген ойлонот,
Сарсанаа болуп толгонот.
"Сармерденде" жеңсек деп,
Санаага батып торлонот.

Ак-Татыр мектеп баштады,
Арканды узак таштады.
Ар-намыс менен талашып,
Аргымак жолун таптады.

Ак-Сайдын үстү Тегерек,
Айтышка да эп керек.
Ар сөздүн башын кошо албай,
Арага түшүп не керек.

Орто-Боз деген жерденбиз,
Ордолуу кыргыз элденбиз.
Оюн куруп ортодо,
Ооматы менен келгенбиз.

Таалайы болуп элимдин,
Тагынып орденин Лениндин.
Тоту эжем чыккан биринчи,
Таң чолпон чачып жеримдин.

Ийменип иштеп дайыма,
Из слып кетти калкына.
Исак агайым элестейт,
Инсан бир болуп жалпыга.

Атын угуп коркчусуң,
Алдынан күтүп тосчусуң.
Агайым Баба келатса,
Адептүү бала болчусуң.

Иштесе ишке тойбогон,
Ишинде кемтик болбогон.
Илбериңки Наби агай,
Иштерманды колдогон.

Элине жасап кызматты,
Эртелеп салды тузакты.
Эсил бир агам Жолдошбай,
Элжиреп жүрөк сыздатты.

Изденип иштеп талпына,
Илимдин түшүп артына.
Илимпоз эжем Рахат,
Ишеним артты калкына.

Өз кыштагым Ак-Татыр,
Өзгөрүлдүң таптакыр.
Өрүкзар ичи жыт аңкып,
Өркүндөп турат жапжашыл.

Барака бөлөм иштеди,
Бармагын баса тиштеди.
Биргадир болуп узакка,
Бак, урматтан түшпөдү.

Ырдаса биздин Саламат,
Ырына эли таңданат.
Ырыстуу болгун жериме,
Ыр, музадан сабалап.

Ташка бир чегип Чыңгызды,
Таңдантып далай кыргызды.
Тургунбай акем азамат,
Тагынды алтын жылдызды.

Досбол агайым жатпады,
Далилдерин тактады.
Дал келтирип тарыхтан,
Докторлук наамын жактады.

Келтирсем мына далилди,
Кожояр уулу Жалилди.
Китеп басып чыгарып,
Калкыма дүңк деп жайылды.

Билимден болуп мыкты го,
Бишкекте аты чыкты го.
Белсенип туруп Абдинаби,
Бир далайын жыкты го.

Деректир агам Асанбай,
Демини тартып басалбай.
Дили таза сүйлөсө,
Даамы таттуу асалдай.

Ыслам тоосу жайгашкан,
Ыйманы ысык байкашкан.
Ырыс тартып элиме,
Ысымы менен даңкташкан.

Кыргызга болуп кыраандар,
Көк-Таштан чыкты чыгаандар.
Кыякчы агам Мураттай,
Кылымга аты таянар.

Шайдулла уулу Ганыны,
Шыр этип элим тааныды.
Шарт койгонсуп элине,
Шаң менен аты калды го.

Көк-Ташка келип бата алды,
Калкына акын аталды.
Кызыңар болуп Майрамкан,
Кылымга тете барк алды.

Капчыгай, Ак-Сай, Бакайың,
Көрүнөт көзгө дапдайын.
Комузду колго алганда,
Кыраатты келет ансайын.

Абасы салкын Капчыгай,
Ашыкпай далай таттым ай.
Ала көөдөн баландан,
Алыстап безе качтым ай.

Ак-Сайдын чыгып жаштары,
Алгалап кадам таштады.
Агайым Зайнидин башында,
Ар өнөрдөн качпады.

Бусурман агам кеп айткан,
Билимге умтул деп айткан.
Бак-таалай тилеп жаштарга,
Белсенип сөзүн бек айткан.

Эмгекте болуп мыкты эле,
Эми эле аты чыкты эле.
Эргешбай агам өңдүүлөр,
Эринбей айткан чындыкты.

Ар качан болуп алдыда,
Ак-Сайдын жетип баркына.
Анаргүл, Пайзи эжелер,
Айчүрөк сымал калды да.

Муртаза, Маннап аганын,
Мол экен баскан дабааны.
Маңдайы ысык жаркырап,
Манас өңдүү карааны.

Мектепке келсең дайыма,
Мелтиреп күтөт сагына.
Мотурайган жаш бөбөк,
Макул дейт айткан жагыңа.

Жаштарды дайым мактагын,
Жакшы жагын жактагын.
Жаман жолго баратса,
Жардан түртпөй сактагын.

Урмат-сый берип карыга,
Улуулап келсек дайыма.
Устаттар турат жылмайып,
Укуп бир коюп далыга.

Суйкайган сулуу эжелер,
Суктанган дайым нечелер.
Силерсиз өтпөйт турбайбы,
Сагынып күткөн кечелер.

Элимдин болуп кырааны,
Эңиште эңип чыгалы.
Эч бир артта калбастан,
Эрегиште алдың туралы.

Бүгүнкү күндүн талабы,
Билимге жолду салалы.
Береке туткан жаштарды,
Баш-көз болуп калалы.

Иштейли иштен калбастан,
Изденип дайым талбастан.
Илимге келген бөбөктөр,
Ишенич артып далбастап.

Максат коюп алдыңа,
Мектепке келсең сагына.
Мактоолор куп жарашат,
Мекенге, элге, калкыңа.

Байланыш түзүп улагын,
Бирин калтырбай сурагын.
Билимдүүгө бир айтсаң,
Бурат сага кулагын.

10.10.1998-жыл.

## АК-САЙДА АРБЫН АЗАМАТ

***(Термелерден)***

Капчыгай эли шаңданып,
Кадрлар чыкты тандалып.
Кызмат менен жүрүшөт,
Калк ичинде баркталып.

Баштасам ырды термеден,
Бусурман акем эл менен.
Бюсту орноп мектепте,
Бакайдан эмне кем бекен?!

Кылым жашап элинде,
Капчыгай кооз жеринде.
Карачы Досбай акемди,
Кызыр эмей эмине?!

Темирбай агам жердеген,
Темирдей катуу эл экен.
Таӊ калтырып ырдашса,
Тенордой үнүӊ жетпеген.

Обону менен таанылган,
Озунат кимдер Зайырдан.
Оболоп турса ырлары,
Оюмда дайым сагынам.

Тартуулап элге тынчтыкты,
Тагынып Кызыл жылдызды.
Таӊгилик Акмат авалар,
Таӊдантты далай кыргызды.

Ишсиз үйдө жатпаган,
Инисин мыктап таптаган.
Ийилип Манап акеме,
Иш билги деп мактанам.

Көрүнүп көзгө кыйындай,
Көп жатта ташыӊ жыйылбай.
Карачы азыр жок кылды,
Кызмат кылып акем Сүйүнбай.

Байкагын акем Бадалды,
Балли деп айтсам жаманбы.
Баш коюп иштеп ветврач,
Бир орунда көпкө кадалды.

Атамбек акем четте калбады,
Ал осеменатор кесипти тандады.
Адал иштеп куут болор мезгилде,
Акырын билгизбей, спиртти мол камдады.

Өкмөт, мектеп, башкарып,
Өмүрдө далай такшалып.
Орнөк болуп агам Зайнидин,
Өр ашып келет тапталып.

Жапар агайды кимдер билбеген,
Жанынан байка, чимирилет бийлеген.
Жөндөмүн карап баалагын,
Жан киргизип жыгачтарды ийлеген.

Санжыра жазып топтогон,
Сыпайы мүнөз коштогон.
Садир агайым сүйлөсө,
Сыймык толо шоктоном.

Эргешбай агам жаш болуп,
Эжекем Пайзи баш болуп.
Эртели кечке иштеген,
Элеси түшөт жаш толуп.

Тың чыкма болуп жашынан,
Таң атпай адам ташыган.
Тогонбай акем азамат,
Тынымсыз жүрдү машинаң.

Кыргыз тилчи сөзмөр агам Асанбай,
Куп келтирип сүйлөп кирет аярлай.
Көрктүү окуп созолонтсо саптарды,
Көөдөнүндө акын келет жадабай.

Балбандыктан баш байгени бербеген,
Берди уулу Патта досум эл менен.
Баткен үчүн келет кызмат аткарып,
Балли азамат, башкалардан кем бекен?!

Элпек мүнө, күлмүңдөгөн Анвар агам,
Ээнсиреп үйүнө жан барбаган.
Эх чиркин, эл ичинде барбалаңдап,
Эзилише сүйлөйт эле дардаңдаган.

Топоздорду Пайзилла акем топтогон,
Тоо аралап мамалакты жоктогон.
Толуп-ташып келе жатат абайлап,
Тээ алыста чабдар атын коштогон.

Унду зубалалап, камыр кылып ийлеген,
Устат болуп, жакшы үмүт тилеген.
Урмат алган эл ичинде Гапар ава,
Улуу-кичүү жоктур Сизди билбеген.

Муртаза авам эл ичинде барк алган,
Маңдай чекке жеткенине таң калам.
Мезгилинде жанын үрөп иштеген,
Мекенине эмгек сиңип капкачан.

Эжекем кадырлуу медайым Сайрам,
Элге тийип ар убак пайдаң.
Эл үчүн аткарган иштериңе,
Ээрчишип шакирттериң Ак-Сайдан.

Келбети жаркып нур чачып,
Капчыгай тарап алга шашып.
Карасам сулуу Пайзи эжекем,
Келатат ойлуу шыр басып.

Айта берсем жакшыларды кабарлап,
Ак-Сай эли алдыдасың сабалап.
Агыл-төгүл келатасың чамынып,
Алтын сымал кочушуңдан салаалап.

## КЫЗ МЕНЕН ЖИГИТ

*(Айтыш)*

Кыз: Карап турсам өзүңдү,
Көп кысасың көзүңдү.
Күлкү менен шаттыкта,
Кымтый албай оозуңду.

Жигит: Карааның турат кылактай,
Кубалап жеткис улактай.

Көзүмдү кысып койгонум,
Кирсиз таза булактай.

<u>Кыз:</u> Бул айтканың жарашат,
Бурулуп мени карашат.
Бир саамга ойлонгун,
Биздейлер чачын тарашат.

<u>Жигит:</u> Чачың бир болсо кундуздай,
Чаңдан бир качкын жугузбай.
Чакырып сага үн салсам,
Чыр салбай келгин угузбай.

<u>Кыз:</u> Башкача болуп порумуң,
Байкатпай сизди тоорудум.
Башкаларга көз артпай,
Баалап мени коругун.

<u>Жигит:</u> Өзүңдү карап турамын,
Өзгөчө көңүл бурамын.
Өзгөнү сага жолотпой,
Өзүнчө даяр турагым.

<u>Кыз:</u> Качпагын жигит, качпагын,
Кыйын болуп шашпагын.
Кыз көрүнсө көзүңө,
Келе кой деп тартпагын.
<u>Жигит:</u> Кыз көрүнсө көзүмө,

Кеп салбаймын сөзүнө.
Кара каштуу сен турсаң,
Кыйын болбойт өзүмө.

Кыз: Капа болбо тийиштим,
Кызыгы го бу иштин.
Кыздан капа болгончо,
Кызуу ишке киришкин.

Жигит: Бул сөзүңдү угамын,
Бир мезгилде турамын.
Бизди тиктеп күлүшкөн,
Баарына көңүл бурамын.

Экөө: Бул айтканыбыз тамаша,
Биз келебиз жанаша.
Барк күтөбүз силерден,
Бузбай сөздү тамаша.

Бар болгула жаштарым,
Бүт назарыңды таштагын.
Бажырайып катар келген,
Бак-таалайдан качпагын.

**1998-жыл.**

## ОТУЗ ЖЫЛДЫК БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Эх чиркин убак өттү агылган,
Эске түшүп кызыл жагоо тагынган.
Эже-агалар мына бүгүн келдиңер,
Эңсеп бүткөн мектебиңди сагынган.

Эрке болуп мектепти да бүттүңөр,
Эңсеп сүйгөн үй-бүлөнү күттүңөр.
Элпек мүнөз сапат күтүп жашоодо,
Эң кымбаты ыйманды бек туттуңар.

Эр ортону элүүгө да келдиңер,
Элге, жерге кызмат өтөп бердиңер.
Эрезеге уул-кызды жеткирип,
Эмгегиңдин сыйын мына көрдүңөр.

Эже-агалар байкап көрүп жан жагың,
Эрксиз болуп балит жолго барбагын.
Эл колдогон кайрымдуулук иштердин,
Эпкининен четте туруп калбагын.

Эсен болуп сак-саламат жүргүлө,
Эл ичинде бажырайып күлгүлө.
Эгемендүү Ата Журттун гүлдөшүнө,
Эрктүү болуп билектерди түргүлө.

## МУГАЛИМ – МӨМӨЛҮҮ ДАРАК

Ойлуу карап үңүлө терезеге,
Окуучуну жеткирсем деп эрезеге.
Ойго батып тыным албай,
Ойкуп учат мугалим теребелде.

Окуу-тарбия берүү кыйын азап,
Ой-максаттуу илим кенин казат.
Окуган тажрыйбаны топтоп алып,
Окуучуга таасирдүү сөзүн жазат.

Окуучуну ойлонтуп ойго салат,
Орчундуу сүйлөп коёт талап.
Опол тоодой эмгек кыла,
Орошон тартып ордун табат.

Окуткан мугалим мөмөлүү дарак,
Отурат жылмая көз карап.
Окуучуну кагып-силкүү анда жок,
Ойкуп-кайкыйт жол карап.

Олтурушат сабакта кулак салып,
Оордукка моюн сунбай оттой жанып.
Ооздуктап тынчтыкты адеп сактап,
Озунушуп сүйлөшөт моокум канат.

## ЖИГИТ ПИРИМ КОЛДОСУН

(Уулум Нурбекке)

Же иниден, же жакындардан жардам жок,
Жатты ырлар, жыйнак болуп арга жок.
Жан дүйнөнү ээлеп алган ыр-музадан,
Жорголодум, дале артта калганым жок.

Жакшы иштер ойго ашып азыр мына,
Жазгым келет ыр куржунунан азыгыма.
Жан дүйнөмө кубат берип колдогон,
Жигит пирим оомат берсин салымыңа.

Жакшылыкта кызыр болуп көрүндүң,
Жарык чача ак шооладай төгүлдүң.
Жигитчилик намысты туу көтөргөн,
Жылуу болуп өчпөсүн от төрүңдүн.

Жылуу болуп өчпөсүн от төрүңдөн,
Жигит бол төбөң көккө көрүнгөн.
Жылдыз сымал жаркырагын алыска,
Жердеш агам Исхак өңдүү төгүлгөн.

Жүрөк отун элге арнап сабалап,
Жандап жүрөт Исхак агам алгалап.
Жамандарын иргеп турмуш өзүнчө,
Жүрсө керек айланчыктап табалап.

15.03.2016-жыл.

## ОКУУЧУЛУК КҮНДӨРГӨ

Жыл алмашып аралыкта билимсиз,
Жаштыкты эскергенге чогулдук биз.
Жарышып чабак урган балыктардай,
Жаркырап чогуу чаран келиптирбиз.

Жүгүрүп бирде физика, бирде кыргыз тилге,
Жетишпей бирде чет тил, бирде орус тилге.
Жакшылап ойлоп көрсөк ошол күндү,
Жалган эмес атайылап аткарыппыз чогуу бирге.

Жыл тогошкон ошол күндөр арбап алып,
Жылтыраган асылдыкты кармап калып.
Жамырап келе жатат кумурскадай чубашып,
Жаштыгыңды чиркин ай жандай салып.

Жолдошуңа жаныңдагы шак секирип,
Жубарымбек кетиргенсиң көп чекилик.
Жакшы эле аларга көңүл буруп,
Жооп айтып келатасың кечирип.

Жерди ылгап алтын кенин тапкандар,
Жумшак, жумшак сейдана нанды жапкандар.
Жайыт кезип алыс, узак короодо,
Жалпы элимдин сансыз малын баккандар.

24.04.1993-ж.

## КУТ БОЛСУН ТОЮҢ

**(Нургазы Дөөлөтбек уулуна)**

Кут болсун сүннөт тоюң,
Күчкө толуп өссүн боюң.
Келечекте кызмат кылчу,
Калкыңдын сүймөнчүгү болгун.

Кулак салып эске түйгүн,
Кызмат менен дайым жүргүн.
Көө сүртпөй ата-эненин жүзүнө,
Кыт куйгандай сактай билгин.

Күлгүн кез жаштык чакты,
Кыр көрсөтпөй адеп сакта.
Кадыр-барк абийир берген,
Кырчын кезди жаза баспа.

Колдоо берет жаштын тилегин,
Көздү жума жакшылыкты тиледим.
Кызмат кылгын жалкоо болбой,
Кубат толуп, өссүн дайым билегиң.

Колду сунам шымаланып ийилип,
Кулач жая жаштыгыма сыйынып.
Карап көрчү кандай экен сулуулук,
Кызыгына батып келем кыйылып.

10.10.2001-жыл.

## ОКУП ЧЫГЫП

(Ю. Семёновдун "Жаздын он жети көз ирмеми" китебинин таасиринде)

Окуп чыгып "Жаздын он жети коз ирмемин",
Ойго батып татына сөз издедим.
Оюм онго, санаам санга бөлүнүп,
Окурманды ойлондурган сөздүн тизмегин.

Алыс жерде мекенин сүйө билди,
Аярлап кеңештерди түйө билди.
Астырттан душманына сырын бербей,
Ар качан бажырайып күлө түйдү.

Аралашып жүрсө да сырды бербей,
Акыйкат деп күйүп-бышып, учуп тердей.
Ата Мекен жолундагы күндү тосуп,
Абайлап аяр жүрдү үйүн эңсей.

Жаздын өтүп он жети көз ирмеми,
Жандай сала аны сезе билбеди.
Журтун саткан чыккынчыны көргөндө,
Жанып учкан жүрөк оту кирдеди.

Бул чыгарма чындыктан төп жаралган,
Бизге жетип ойлор менен саналган.
Бардыгына жардам берип шашылган,
Билем, уккуң келет чындыкты сен кабардан.

## ЭСТЕЛИККЕ КАРАП ТУРУП

**(Мамлекеттик филармониянын жанындагы "Манас" композициясына)**

Каныкей турат кол сунуп,
Кымызды чөйчөккө толтуруп.
Кырааның Манас ойлонот,
Кыя баспай жол буруп.

Көрк берип Сагымбай, Балык, Саякбай,
Каратат сансыз элди жадатпай.
Күргүштөп "Манас" айтканда,
Көңүлдү ээлейт таратпай.

Кылым карытып элесиңер,
Кечирип турмуштан келесиңер.
Көп жылдыздан бөлүнүп,
Кут, таалим бересиңер.

Көрктөнөт айланаң кооз нур чачып,
Кайың, арча, жашыл менен курчалып.
Кызматын ак дилден таза өтөп,
Калсын атыңар кылымга тынч алып.

Карасам Аккуласын чаап теминип,
Келатат айбат менен керилип.
Каректен арстан карааны орун алып,
Катуулап айгай салат берилип.

## БАРКТАП ИШТЕП КЕЛЕСИҢ

**(Көк-Таш айылынын ишкер жигити, жээним Асланбек Момуновго)**

Биздин жээн Асылан,
Болуп шоопур жашынан.
Барктап иштеп келатат,
Болжоп жүктү ташыган.
Бурамасы былк этпейт,
Бир калыпта машинаң.

Тогуз жолдун тоомунда,
Талыкпай КамАЗ ролунда.
Таң калтырып элиңди,
Татына жигит болдуң да.

Таң атканча ойлонтот,
Тонналап жүктөр мойнуңда.
Кызмат менен ак келгин,
Кыянат кылбай так келгин.

Кызматың даана билинип,
Кырааны болдуң Баткендин.
Көкөлөп ыргыт асманга,
Кыйшайта кийген шапкеңдин.

Башыңдан бакыт кетпесин,
Бакылдар сага жетпесин.
Билип кой бирок, жээним,
Байлык, бакыт чечпесин.
Бул жашоодо ашуу көп,
Байкай жүр турмуш кечмесин.

**1998-жыл.**

## ТАҢШЫЙ БЕР, АПАЗ, ТАЛПЫНЫП

**(Кыргыз Республикасынын Эл артисти
Апаз Жайнаковго)**

Суктандырып, тамшандырып кыргыздын далай элин,
Созолонто обонго салдың "Кыргыз жерин".
Сагынычты, кусалыкты артка таштап,
Сагындырып, мына бүгүн бирге келдиң.
Сенден күтөт наристелер, кыз-жигиттер,
Сезимиңде өркүндөсүн аруу сезим.

Ойго салдың жүрөктүн назик кылдарын,
Обон чыкты дилге сүйкүм "Мырзайым".
Ошол күнү кечке дейре тынымсыз,
Олтурушту угуп күүнүн жыргалын.
Оо журтташтар, замандаштар баа берип,
Оюңарда бүлүк салбай тыңдагын.

Аткарылды эңсеп сүйгөн "Аман жар",
Авазыңа баа беришсин калгандар.
Арзуу тилек, жакшы каалоо айталы,
Ар убакта кызыр колдоп, аман бар.
Акылмандар айткан созду түйө жүр,
Ар-намыссыз, жолдон чыккан жаман бар.

1998-жыл.

## ТУРПАТЫҢА БАА БЕРЕМ

(1989-1999-жылдардын аралыгында Ош облусунун Кадамжай жана Талас обусунун Кара-Буура райондорунун ички иштер бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жүрүп, арабыздан эрте кеткен милициянын подполковниги, маркум Кудайбердиев Мурзабектин жаркын элесине)

Артта калып уяң кезең, шашмалык,
Азыр келдиң ар тараптан такшалып.
Арыбастан мээнет менен көгөрдүң,
Ар-намыста эл-жериңди башкарып.

Өткүр мүнөз, кыялкечтик коштолгон,
Өмүр өтүп мунун баары жоктолгон.
Өлчөп көрүп таразага салганда,
Өрнөк алчу сапаттар көп топтолгон.

Акыл менен канча мээнет сарптадың,
Ашыкпастан туура өлчөп калчадың.
Ачуу душман арсыздарга чек коюп,
Анан гана чарчаганың байкадың.

Уйку көрбөй иштеп дайым келдиң го,
Укук коргоп элди, жерди кездиң го.
Ууру_кески, араккечтер тыйылса,
Улутунуп эми тынчтык сездиң го.

Тартип бузса сая кетип качпаган,
Турдуңар го мыйзамды бек сактаган.
Түн күзөтүп тынчтык берген жериме,
Турпатыңа баа берем да, мактанам.

Калды сенден тигип койгон чарбагың,
Караан болуп эли-журтуң, балдарың.
Кыймылыңды, элесиңди медер тутуп,
Көпкө күтөт сени сүйгөн ардагың.

Бул жашоодо урмат-сыйды тапкансың,
Барктап аны мээнет менен чапкансың.
Бирок ойлоп баарын эске салганда,
Батыралбай муң-зар толуп мактанчым.

Кесибиңди туу туткансың ардактап,
Көңүл коюп шашылбастан салмактап.
Кылым өтөр, бирок сенин турпатың,
Көзгө элестейт өзүң тиккен чарбактан.

**28-май,1999 -жыл.**

## АК-ТАТЫР АЙЫЛЫМА

Карап туруп жапжашыл ушул бакты,
Канчалаган ата-энебиз арык чапты.
Көгөрсүн деп ичкен ашын жерге коюп,
Кам көрүштү, биз үчүн ишке шашты.

Калкымда ыйман бар, ийменүү бар урагыс,
Күн алыста пикир алып, чогулушуп турабыз.
Көрсөтүп адеп, урмат -сый жаштарга,
Кубанычта назик сезим ыроолойбуз, сунабыз.

Келечеги элимдин ишке ашып,
Кызмат үчүн келебиз биз да шашып.
Кулак салгын, урпактарга сабак болоор,
Кемчиликтен, жалкоолуктан кыя качып.

Катарлаша ушул бакта олтурабыз,
Көңүл ачып, чөйчөктөрдү толтурабыз.
Коюп максат маңдай-тескей талкуу менен,
Карап көрчү, кыялдагы иштерди биз болтурабыз.

Көрктүү болуп айылдын көчөлөрү,
Көзгө түшөт өрүкзардын мөмөлөрү.
Карап турсам сүйкүм тарта көрүнөт,
Катар түшкөн кооз үйдүн төбөлөрү.

## ДИЛДИ КАРМА АРУУЛУКТА

(Сауд Аравиясына ажылык сапарга
барып келген иним Нийматиллага)

Ажылыкка бардың иним талпынып,
Ата Журттан далай эрди калтырып.
Арафаттын тоосун көрүп көз менен,
Ажарлана сөз кыласың жактырып.

Анда көрдүң кызыктарды көз менен,
Айтып бүткүс алда несе сөз менен.
Аяр барып катарлаша бастыңар,
Аппак кийим, ороnчуктан бөз менен.

Ажы болуп кубангандан эл катары,
Алыс болду узун жолдун сапары.
Ата Журттун эске түшүп карааны,
Аздектелди ай жүзүндөй жамалы.

Ашык болуп Аравия жерине,
Ажылыкка шашат, анын элине.
Адал иштеп жашап келет карачы,
Аруу тартып татынакай мээримине.

Араб жерин унутпагын түбөлүк,
Анткени ажылык бар андан алган күбөлүк.
Ак ниетте дилди кармап аруулукта,
Ар убакта таза өмүр сүрөлүк.

## ЭЛПЕК БОЛУП ИШТЕГИН

**(Баткен районундагы Үч-Дөбө айылынын айыл башчысы Ахматов Абдимиталга)**

Турпатың оор басырык,
Тынчыбай келесиң шашылып.
Токтолбой кадамды шилтейсиң,
Түйшөлбөй турмушта шашылып.

Таш-Тумшук, Үч-Дөбө каттайсың,
Тынч алып үйүңдө жатпайсың.
Тажик, кыргыз улуу достугун,
Тартипте, тынчтыкта бек сактайсың.

Тымызын алып элиңдин батасын,
Тынбастан эмгек кылып жатасың.
Түйшөлүп элпек менен иштесең,
Телегейи тегиз элге жагасың.

Тентек кыял, шок баланы таптай жүр,
Темирдей эрк, бекемдикти сактаң жүр.
Тажик, кыргыз эл достугун абайлап,
Түбөлүктүү уюшкудай барктай жүр.

Тууганыңа кыйыр жолду тартпагын,
Туура жолдо кыйналбагын, шашпагын.
Тарбиялап үгүттөгүн, жандап алып,
Тажик, кыргыз – эки элдин жаштарын.

## АЙКЕЛЧИ АГАМА

**(Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Эл Баатыры, айкелчи агам Тургунбай Садыковго)**

Карааның элден бөлүнүп,
Колуңдан көөр төгүлүп.
Келесиз иштеп тынбастан,
Калкыма күйүп, берилип.

Келтирип айкелин Манасты,
Калаам Бишкекке жарашты.
Келишкен мейман, туристтер,
Көңүлүн салып караштьı.

Кадалдым айкелге "Эл куту",
Кылымга унутпайт эл муну.
Кыраакы агам тынбастан,
Куп келтирем деп туру.

Карачы ташка чегип Чыңгызды,
Кубантып далай кыргызды.
Кут болсун Тургунбай акеме,
Кут конгон Алтын жылдызы.

Кылымда мындай жаралат,
Канат күүлөп алга сабалап.
Кымбатым агам Тургунбай,
Калкымдын көз кыры Сизге кадалат.

Кооз болуп Орто-Боз кыштагың,
Кезекти, ооматты эми туштагын.
Кылымга кетип даңк алсын,
Көз кырың эми айылга таштагын.

20.09.1997-жыл.

## ТОКТОЛБОСТОН ӨМҮР ӨТӨТ

**(Комсомолдук жана партиялык кызматтарда таза иштеген, досум Айжигитов Абдирашит Токтошовичке)**

Тактык ишиң комсомолдон көрүнүп,
Тыным албай алгаладың төгүлүп.
Табактагы ашың калды унутулуп,
Темингенде мээнет төгө бөлүнүп.

Түйшүк менен чымырканып талдадың,
Токтоолукта ой-максатты калчадың.
Туурга конгон бакыт кушундай,
Төп келиштиң таалайга курчанып.

Таасирленип жакшы ырлар жаралат,
Теребелге ойкуп-кайкып таралат.
Талыкпастан курдашым чабыттагын,
Тамчылаган булак сымал алгалап.

Тыным албай мезгил өттү агылып,
Тырбалаңдап мезгил алга шашылып.
Таң уйкудан эрте туруп дайыма,
Таң чолпондой жүзүң турат чачылып.

Токтолбостон алга карай теминип,
Түйшүк тарттың, адал иште, берилип.
Тамшандырып убадага бек турган,
Турпатыңдан сылык мүнөз сезилип.

1994-жыл.

## СЫЙ КӨРСӨТҮП ЖАШТАРГА

**(Чек орто мектебинин директору, эл агарттунун мыктысы Аркабай Миңбаевге)**

Жооптуу майданда көпкө иштеп тынбай,
Жаңылбай агай келет деректир мектеп жылбай.
Жаштарга адеп менен урмат-сый көрсөтүп,
Жупуну кызмат кылат сөздү жулбай.

Жаштыкты берип чачыңыз ак болду,
Жаңы тиккен көчөтүңүз бак болду.
Жыл артынан жыл өтүп байкасаңыз,
Жалбырактар көрүкүн ача шак болду.

Жигит куракта күчкө толуп билегиңиз,
Жемиш көчөттөрү көгөрсө деп тиледиңиз.
Журт ичинде айтылган макал сымал,
Жылоолосун кызыр колдоп тилегиңиз.

Жол арбытып, чарчабаңыз, талбаңыз,
Жакшы иште жаштардан кем калбаңыз.
Жарыштарда барк күтүп дайыма,
Жароокер, тунук ой шакирттерди таптаңыз.

Жылдар өтөр, убакыт да сабалап,
Желе жортуп, айгай салып алгалап.
Жан жыргатып чарчабастан кылчактап,
Жумуш менен эс аласыз чалкалап.

20-ноябрь, 1998-жыл.

## ЖАШТЫКТЫ БЕРИП БАЛДАРГА

**(Баткен районундагы Бусурман Ходжаев атындагы орто мектебинин башталгыч классынын мугалими, эл агартуунун мыктысы Орозокулова Пайзиниса эженин 50 жылдыгына)**

Капчыгай, Ак-Сай, Бакайың,
Карааның турат дапдайын.
Кыз Сайкал өңдүү тулкуңдан,
Күлүңүз чыгат ансайын.

Керилип тыкан басып,
Күлкүңүздөн нур чачып.
Келатат Пайзи эжекем,
Кадам таштап жолуга.

Кыздарың турса шаштырып,
Кыр бербей келдиң бастырып.
Көңүл жок Пайзи эжем,
Күч менен үн сала каткырып.

Келесиз дайым эскерип,
Кыздардан калбай тез келип.
Капчыгай бойлоп каткырган,
Кыз бурак ойго кез келип.

Кубатты берип балдарга,
Кубанып алга жалбара.
Күрдөөлдүү иштеп туруңуз,
Күчтүүсүз кубат, ал барда.

Кут төгүп үйгө энесиз,
Кубанып күйүп келесиз.
Кабак жая нур төгүп,
Күч-кубат дем бересиз.

Куту болуп элиңдин,
Каадасын көрүп келиндин.
Катташып күндө турасың,
Кымбаты арткан жериңдин.

Кыялың болуп жолдосун,
Кожо кызыр колдосун.
Куттуу ишти аркалап,
Калкына уят болбосун.

Капчыгай эли сыйлаган,
Келесиз мектеп кыйбаган.
Карасам кыйла болуптур,
Кут-ырыскы жыйнаган.

Кут болсун элүү жашыңыз,
Кылым жылын ашыңыз.
Көрүнүп көзгө сүйкүмдүү,
Кара бойдон чачыңыз.

20.11.1998-жыл.

## ЖУРТУМДУН СҮЙГӨН ЫРЧЫ КЫЗЫ

**(Кыргыз Республикасынын Эл артисти, классташым Саламат Садыковага)**

Атың кетти алыс, жакын макталып,
Ажобуздун колунан урмат, сый, барк алып.
Артта калды узак жол, кыйынчылык,
Албырасың үнүң менен эл ичинде даңкталып.

Ак куу болуп теледен көрүнөсүң,
Айчүрөк, Канышайдай суйкая бөлүнөсүң.
Ар убак театр, клубдар толтура,
Арбап алып чаалыкпастан бөлүнөсүң.

Абаң салсаң делебелер козголот,
Ансыз деле кулагыма симфониядай коштолот.
Ах чиркин ай, сени тиктеп көз ирмемде,
Албыраган учкул кыял жок болот.

Алпурушуп эл артисти да болдуң,
Ата Журттун купулуна эми толдуң.
Артыңда элиң турат кубат берген,
Ак иштеп концертиңди тынбай койгун.

Аваз созо Саламат ырчы курдаш ырдагын,
Арген үнүң калың журтуң, элиң тыңдасын.
Арыбастан чарчабай ташкындай бер,
Алкап мактап табитиңди калыс адам сыйласын.

Алгалай бер созолонтуп "Кыргыз жерин",
Авазыңды бааласын кыргыз элиң.
А бирок унутпастан көңүл буруп,
Алпештеген Орто-Бозго дайым келгин.

20-август, 1996-жыл.

## ДИЛИ ТАЗА ДАРЫГЕР

**(Баткен райондук ооруканасынын башкы врачынын орун басары, Ош облустук Кеңешинин депутаты, врач-терапевт Апызалы Кочкоровго)**

Атыңызды ардак менен сезип мен,
Астыңыздан тосуп чыгып кезиккем.
Апыз агам дайым мактоо үстүндө,
Ансыз деле атың чыгып гезиттен.

Депутаттык жооптуу ишти аркаладың,
Дем кошуп мыйзамдарды калкаладың.
Ден соолуктун жылы болуп дайыма,
Дилиң таза дирилдесин чар тарабың.

Эстеп көрсөм көңүлүмдө, жадымда,
Эрикпестен турусуз бейтап жанында.
Эмгек менен келатасыз чаалыкпай,
Эртеңкиге даяр кылып камылга.

Жашоодо күрөшүп нечен толгондуң,
Жакшы жетишкендиктерди далай колдондуң.
Жардамдашып келсең жанаша,
Жолуңду жакшылык ыроолоп жолдосун.

Жигити бол элимдин шаңкылдаган,
Жигит пирим колдосун жаркылдаган.
Жарыштарда кадам таштап алгалап,
Жанып турсун жүздөрүң балбылдаган.

20.07.1996-жыл.

## ДЕМИҢЕ-ДЕМ КОШУЛСУН

**(Ж. Момунов атындагы орто мектебинин директору Талып Ысаковго)**

Ардактуу агабыз Талып,
Актовый залды салып.
Алдыңарда турат күлмүңдөп,
Албырып жүзү жарык.

Моюнга жооптуу ишти жүктөп,
Музыка каанасын да бүттү түптөп.
Макулдашып уста менен заматта,
Макетин чийдирип, чөнтөккө салды бүктөп.

Бул иш да максатка ашат,
Бүтүрсөм деп ойлоп алга шашат.
Баары кетсе да мектептен, иштен,
Билдирбестен ары-бери көпкө басат.

Элетти көтөрүү жылында,
Элпек болуп кыймылда.
Эмики максатың ишке ашсын,
Элиңе күлүмсүрөп жымыңда.

Депутаттык ишти да сый аркалагын,
Деректирликте да узак жыл чалкалагын.
Демиңе дайым дем-күч кошулуп,
Дымактуу болсун чар-тарабың.

16.10.1998-жыл.

## ОРУН БЕРЧИ ЖҮРӨГҮҢДӨН

Алмончоктой жүзүңө көзүм түштү,
Алпурушуп топтоп алып бардык күчтү.
Айланага көз чаптырып зарыктырбай,
Аянарым, сагынарым мени күтчү.

Айлана аппак кар жалтырап көрүнгөн,
Айбатың Автандилге Тинатиндей көрүнгөн.
Атактуу Шота акын аздектеген перилердей,
Ардагым орун берчи жүрөгүңдүн төрүнөн.

Алыстан мен сени издеп келдим,
Алтыным жүрөгүңдү мага бергин.
Алдагы жолго таштап жөнөй берсең,
Ардактап табайын кыздарынан башка жердин.

Ааламды термелтип бүт көзгө илбей,
Арбайсың көз карашың көңүл кирдей.
Астыңа камчы уруп келсем дагы,
Алыстасың эң кымбатым мага тийбей.

Анткорлонбой өз алдыңча жемеледиң,
Айта койчу, мени мынча кенебедиң.
Алга жылып маңдайыңа келсем деле,
Анча-мынча оз келбетиңе теңебедиң.

10.02.1996-жыл.

## АСМАН АЧЫК

Агыш тартып асман ачык,
Алыстайт булуттар, алыс качып.
Ансыз да көпчүлүк жай баракат,
Арыштайт бейкапар күлө басып.

Абайлап карачы Ай да жарык,
Аралап түнкүсүн жүргөн карып.
Агарып таң атып супа салса,
Ай жашынат тымызын булут жарып.

Аздан соң закымдап Ай да батат,
Алмашып өз ордунан кайда барат?
Астыртан серепчилеп баам салсам,
Ажар толо сезимдерди таратат.

Асман ачык теребелде Ай коштоп,
Арбап алып тургансыйт азга токтоп.
Ай менен жарышып бара жатат,
Азгырыкта ой-санааны чындап жоктоп.

Асман менен булут кошо жарышып,
Айбат тартып келе жатат чабышып.
Айланага бир башкаа дем берет,
Азаттыктын добулбасын кагышып.

## ЭМИ БАЙКАП КӨРСӨМ

**(Баткен облустук гимназия мектебинин химия-биология мугалими, эл агартуунун мыктысы Саламат Чоңатаевага)**

Эжебиз биздин Саламат,
Эмгек кылып далалат.
Эл агартуунун мыктысы,
Эң эле сонун жарашат.
Эми байкап карасам,
Эмгек сиңиргендикке баратат.

Тарбиялап нечен балдарды,
Ташыркап жолдо калбады.
Тартип бузса сабакта,
Толеранттуулук сакталды.
Тажатпай топтоп баарысын,
Татына сөзүн арнады.

Бардык күчтү топтоңуз,
Билим программасын коштоңуз.
Бак даарыган инсандын,
Багын байлап тоспоңуз.
Билимге бет тосконду,
Баш оорутуп кошпоңуз.
10.09.1999-жыл.

## ӨРҮКЗАР МЕНИН МЕКЕНИМ

Өрүкзар менин мекеним,
Өзүңдөн кайда кетемин.
Өрүгүң бышса жайында,
Өзүңө учуп жетемин.

Кызарып турса баргегиң,
Кадалат ага карегим.
Курмайы, кандек өрүктөр,
Кырс этет чакса данегин.

Өрүктөр көп түрлөрү,
Өрүкзар ичи бүрдөдү.
Өрөөнгө батпай мелтиреп,
Өркүнү өсүп түрлөдү.

Мөмөсүн көрүп сүйүнгөн,
Мелдешип колун түрүнгөн.
Максатты коюп алдыма,
Мен келем куржун түйүнгөн.

Кубат берип элиме,
Куту болсун жериме.
Кур калтырбай ырыстан,
Кубанып дайым жегиле.

## ӨРҮКЗАР

Гүлүн терип өрүктүн,
Гүл майрамда келипмин.
Гүлзардуу жерде жүргөндөй,
Гүл азыктай сезипмин.

Мөмөсү бышкан кезинде,
~~Мекеним~~ сенсиң эсимде.
Мен сыяктуу ~~кулу~~нуң,
Мактаныч артат сезимде.

Кандек, мурсанжали, курмайы,
Канттан ширин турбайбы.
Карап туруп мөмөңдү,
Канча жандар жыргады.

Данегиң чагып балдарың,
Данакер сенин чалдарың.
Даамдуу болуп түбөлүк,
Даңкыңдан жазбай калбагын.

Ийилип дайым шагыңда,
Иштегим келет жаныңда.
Ийкемдүү болуп түбөлүк,
Иштерман жетет баркыңа.

Түшүмүң жерде калбасын,
Таш менен уруп албасын.
Тентектенип жаш балдар,
Топурап үзүп салбасын.

Дарылык үчүн сатышат,
Дартка дабаа алышат.
Дүйнө жүзүн аралап,
Даңкыңды билип жатышат.

Мөмөңдөң дайым калбагын,
Мөлтүрөп толо байлагын.
Мекендин жайнап кырманы,
Мээлеп аны кармагын.

Жерге түшсө сабагың,
Жер көтөрүп алайын.
Жайнап түшүм бергенде,
Жан курбум сага барайын.

Жыттуу болуп кулпунат,
Жоро, жолдош гүл сунат.
Жетсем деймин кызыга,
Жыргап күлүп кудуңдап.

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН

**("Баткен таңы" гезитинин башкы редактору Адылбек Акматовдун 50 жылдыгына)**

Кут болсун 50 жаш курагың,
Кубангандан куттук айтып турамын.
Кыйынчылыкты гезит менен кечирип,
Капаланбай, күлүп-жайнап чыдадың.

Келесиң дайым эртең менен,
Кечикпей кадам таштап кенен.
Капалык түк байкалбай карасам,
Койгонсуп өз алдыңа мыйзам ченем.

Кесибиңди туу тутуп алгалагын,
Кут кетпей жадырасын чар-тарабың.
Калкыма кызмат кылган гезитиңер,
Кааларым токтобостон бат тарасын.

Коштоп алып гезит менен телени,
Кыргызымдын анык сенсиң берени.
Кыйын ишти чарчабастан аркалап,
Келатасың жарнаамалап, тийип анын кереги.

Кичи журтуң - Козу-Баглан мекениң,
Көңүлгө алып учу ага жетесиң.
Күлүмсүрөп тоо суусундай агылсаң,
Калыстыкты бир өзүңдөн сеземин.

**БААТЫР БОЛУШ КАНДАЙ КЫМБАТ**

**(14 уул, кызды тарбиялап өстүргөн "Баатыр Эне" Козуева Анипа эжеге)**

Баатыр эне болуп чыктыңыз айылдан,
Бала, кызың туш-тарапка жайылган.
Баткенимдин аты кетти алыска,
Баарлашып, ооз тийип даярдаган чайыңдан.

Бала өстүрүп, тарбиялаш чынында кыйын,
Баа берип көрчү укканда баланын ыйын.
Баатыр болуп эл сынына толгондо,
Барып көр, баркын татып урмат-сыйын.

Баары эле мындай сыйга жете бербейт,
Баатырдык жөндөн эле келе бербейт.
Байкабай арамдар баа беришер, ойлогун,
Балдай ширин сөзүңүздөн чеке тердейт.

Баатыр болуш кандай урмат, кандац кымбат,
Баркына жетиш үчүн эмгек жаса чындап.
Баш көтөрбөй келебиз турмуш чындыгынан,
Баа берип өйдө-ылдый билип сындап.

Бала үчүн, кыз үчүн жүгүрүп,
Бүт эркин берет эне сүйүнүп.
Бар бололу, бирге жүрүп катарлаш,
Баш ийип, таазим эткин жүгүнүп.

Барк күтүп чакырса уул, кызың,
Барып көргүн сезесиң урмат, сыйын.
Бүт өмүрдө сыйлайлы эне затын,
Башкаларга кор кылбай сизиң, бизиң.

28.02.2009-жыл.

## ДОСТУК АЗИЛДЕР

**(1993-жылы Т. Садыков атындагы орто мектебинин 8-А классында окуп, билим алып жатышкан окуучуларыма)**

### Жусупова Айгүлгө

Айгүл гүлдүн гүлүсүң,
Ажарың ачык жүрүсүң.
Алга баштап классты,
Ачылган өрүк бүрүсүң.

**Абдуллаева Жылдызга**

Артыңдан калбай Жылдыз,
Адептүү ал дагы бир кыз.
Атыңды угуп сүйүнсүн,
Ата-энең, жалпы кыргыз.

**Акматова Бегайымга**

Класстан чыккан Бегайым,
Кубаттап мактап жазайын.
Көбүрөөк иштеп көгөргүн,
Көркүндө болсун тер дайым.

**Жолдошова Жазгүлгө**

Жароокер болуп Жазгүл,
Жалкоолонбой илим казгын.
Жыл өмүр айланганда,
Жакшы ырларды жазгын.

**Халматова Каныкейге**

Каныкей баары акылман,
Кол кабыш кылып жакындан.
Күрөшүп алга жүрө бер,
Кеп-сөзгө калбай бакылдан.

**Мадалиев Кутманга**

Мамадали уулу Кутман,
Момпосуйду калтырбай жуткан.
Мектепке келсе дайыма,
Милайимдикти эркин туткан.

**Халмурзаев Эсенге**

Силерден калбай Эсен,
Ээ-жаа бербей сөзгө чечен.
Эжекелериң айткан сөздү,
Эстейличи, чын бекен.

**Эшмадов Асанга**

Санаага батып Асан,
Сапарга чыгат ар качан.
Сапта турса катарлаш,
Сезимтал, оо чапчаң.

**Абдиев Асылбекке**

Суроолуу тиктеп Асылбек,
Сүйлөгөнү асыл кеп.
Саламат эсен болгунуң,
Сактап дайым накыл кеп.

**Атаханов Сухробго**

Атахан уулу Сухроб,
Алганың дайым укроп.
Ачуу, таттуусун билесиң,
Айттырбай тандап тапырап.

## БИЛИМ ҮЧҮН ТАЛПЫНУУ

Бойтоңдогон бала келди мектепке,
Билим үчүн сумка кармап колуна.
Биз күтөбүз күлүмсүрөп кел, кел деп,
Багыт берип чоң турмуштук жолуна.

Тапшырманы аткарышат сырын чечип,
Талап койгон мугалимдин сөздөрүнөн.
Таң калтырган тактыкты дароо сезип,
Тамылжыган күлүмсүрөө көздөрүнөн.

Кандай окуйт, кандай жазат билбейбиз,
Кечигип, унуткарып мектепке келгенде.
Корс, корс сүйлөп, катуу айтып тилдейбиз,
Кайтарымсыз, супсак сабак бергенде.

Эгер бала окуп келсе күн сайын,
Эр, азамат, мыктысың деп мактайбыз.
Эмгегим кетпептир деп жууп, жайып,
Эртеңки улуу жолго күлүктөрдөй таптайбыз.

Ошондуктан бала келет үмүт менен,
Олтургузуп маңдайынан эркелетип.
Окууну самап, дегдеп, күлүп келет,
Ойт берген турмуштун сырларына жетеленип.

## КАТУУ СУУК ЖОК БОЛДУ

**("Сүлүктүкөмүр" АКнун төрагасы, Бакытбек Абдуназаровго)**

Келесиң жаштыкта ашып-ташып,
Көмүр кенин ачасың шашып, шашып.
Катуу суук жок болор заматта,
Карачы, көз көрүнөө сенден качып.

Кыйын кезде иштедиң алыс жакта,
Кыйналсаң да билдирбей күч топтоп накта.
Кыргыз үчүн күйүп-быштың, ойлосом,
Кырчындай оюнкарак күлгүн чакта.

Келдиң да туулган жер турагыңа,
Көз сала жигит мүнөз курагыңа.
Кыйын кез артта калды карачы,
Качандыр шыбыр айткан кулагыңа.

Калыс болуп эл ишине жарагын,
Камырабай адилет бол, карагым.
Калкым үчүн кызмат кылып, өзгөчө
Күн тийгендей жаркырасын туш тарабың.

14.12.2002-жыл.

## СЫЙМЫК АЛДЫҢ ИБАРАТ

**(Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Нийматова Инаватка)**

Эжекебиз урмат-сыйлуу Инават,
Эл ичинде сыймык алдың ибарат.
Эмгегиңди көп алдында мактайын,
Элпек менен урматтоого тил барат.

Эжекемди мактасам куп жарашат,
Эх чиркин деп турпатына карашат.
Эрки күчтүү, талап коюп өзүнө,
Эрегиште ини-карындашын талашат.

Эжеке жаңы жылың кут болсун,
Эми майрамдык маанай жуп болсун.
Эл ичинде тыным албай иштеген,
Эмгегиңе бакты-таалай, кут консун.

Эжеке жаркырап-жайнап, күлүң,
Эл ичинде талыкпай алдыда жүрүң.
Ээрчип алып ишиңдин үзүрүн көр,
Эч убакта соолубасын нурдуу жүзүң.

**14.12.2009-жыл.**

## ЭСЕПЧИБИЗ ИШКЕ ТАК

*("Баткен таңы" гезитинин башкы бухгалтери Миңбаев Мырзамидинге)*

Эсепчибиз ишке так,
Эмгек акы берет бат.
Эртең мейли дебестен,
Эсептешип көңүл шат.
Эшигинен баш багат,
Эрикпестен чот кагат.
Эсеп-чоту колунда,
Эсебиңди тез табат.

**2002-ж.**

## ЭМГЕКЧИЛ ИНИМ БЕГАЛИ

*("Баткен таңы" гезитинин корректору Бегали Рысбаевге)*

Эртең менен эрте келип,
Эрикпестен каталарды терип.
Эмгекчил иним Бегали,
Эрикпейт корректорлукту жерип.

Эл кетсе да редакцияда калып,
Электр чырагы маңдайында жарык.
Эртеңки күнгө даярдап койот,
Эрикпестен газетаны жая салып.

Эми иним көтөрүлгүн, чамдагын,
Эч убакта бир орунда калбагын.
Эриш-аркак эмгегиңди баалап,
Эми кабарчылыкты да жандагын.

**2002-ж.**

## КЫЙМЫЛЫН КӨРСӨҢ ЖӨНӨКӨЙ

**("Баткен таңы" гезитинин сүрөт кабарчысы Шукүрбек Тиллебаевге)**

Кесибин дайым аркалап,
Күттүрбөй акем тез барат.
Кыймылын көрсөң жөнөкөй,
Күлүмсүрөй чач тарап.
Кай мезгилде караба,
Колунда даяр аспабы.
Кесиптик майрам алдында,
Куттуктайт жаамы жамааты.

## КОЛУҢА РУЛЬ ЖАРАШКАН

**("Баткен таңы" гезитинин айдоочусу Равшанбек Жороевге)**

Колуңа руль жарашкан,
Көпчүлүк сени карашкан.
Көрбөй калсак заматта,
Келсе экен деп самашкан.
Кесибиңе түз болуп,
Кабарчылар сени талашкан.
Кыйын жолдо чаалыкпа,
Кубат берип алкашкан.

**7. 11. 2001-жыл.**

## АЗГЫРЫЛБА АРАККА

Эңсегенин дайым арак,
Элеңдейсин колду карап.
Эки адам башы бириксе,
Элиресиң аны самап.

Эске салып жаштыгыңды,
Эмне сен, жашыдыңбы?
Эр жигитче баш көтөрүп,
Ээрчип жашоо басыгыңды.

Элиң үчүн кызмат кылгын,
Эми сен акыл жыйгын.
Эртеңки күн сабак болор,
Эске сал, жашты тыйгын.

Эсирбе бакытты колдон бербе,
Эрксиздер тоголонгон ылай жерде.
Эр азамат болуп дайым,
Эмгек кылып, иштеп жерде.

Ээн жерде акылдуулар жолдон чыккан,
Ээ боло албай өзүнө, жолдон чыккан.
Эрки жок үмүтсүз, чабалдарын,
Эл алдында жетелеп, кордоп жыккан.

## АКЫЛ ЖЫЙНА, ИНИЛЕРИМ

Акыл десе акылы толо инилерим,
Айткан сөздү уккуң келбейт кимиңердин.
Ансыз деле алысташып баратасың,
Алмаштырып ак-карага дилиңердин.

Арман айтып, ушак кылып сүйлөйсүң,
Ажылдаша бир-бириңди тилдейсиң.
Аңкоо чалыш боло калып заматта,
Акыл айтса жакшы созгө кирбейсиң.

Ата-энени сыйлап келсең дүйнөдө,
Аруу сезим араласын дүйнөңө.
Аттиң айтып түштөн кийин өкүнбө,
Анткени, акырети жаман болот үй-бүлөңө.

Акылы көп, чачы узун карындашым,
Акылымды көңүлгө алып таарынбагын.
Аңдап көрө сый-урматта кадырла,
Ага-иниң жаман жолго чалынбасын.

Акырындап мезгил өтөт арадан,
Ага-иниң эске түшөр самаган.
Акылыңды топтоп анан алганча,
Арсыздыктын алы кетер тараган.

29.12.2007жыл.

## ИЗГИ СӨЗ ЖЕРДЕ КАЛБАСЫН

Илеби тартып жапжашыл көктөм,
Ичинде мечиттин арчалар өскөн.
Ыйманга чакырат, кулак сал,
Инсанды ойлонуп көңүлү чөккөн.

Ичинде көп ыймандуу аксакал,
Ийменип жүгүнгүн жакса ал.
Илимден да пайдасы мол,
Ишенип кой, анткени таптаза ал.

Ишенсең, койсоң, өзүң бил,
Ишеним менен кулакка ил.
Изги сөз жерде калбасын,
Илгери үмүт, тазарат дил.

Илбериңки жадыраган инилерим,
Изиңерден айланчыктап изилдедим.
Ишенимге баа берилчү күн келип,
Изи калар, унутулбайт, билинерин.

Инилерим, таза туткун ыйманыңды,
Ишенимге ээ кылат кыйлаңды.
Илгерилеп үмүт менен так сакта,
Ишенбеген турмуштук зор мыйзамды.

## СУЛУУЛУК КӨРКҮ ТООЛОРДО

Жылуу-Булак, Теке-Булак, Таш-Булак,
Жылгаң толо жапайы айбан, кашкулак.
Жарып келет тоо-ташыңды аралап,
Жеткирбестен келе жатса таш кулап.

Жашыл шибер арасы арча, кайың,
Жарышып жолдон чыккан коён дайым.
Жаратылыш көрк берген келбетиңден,
Жолуктуруп келемин кадам сайын.

Жылгаңдан агат суулар көбүктөнүп,
Жергемде жашоо жанат өмүр төгүп.
Жалт этип өткөн турмуш элестерин,
Жашырып кантип айтам сенден бөлүп.

Жашыл арча, булак толо арасы,
Жашырбаймын мага жагат абасы.
Жыргап-куунап ичемин моокум кана,
Жан жыргатат дары сууң карачы.

Жыбытыңдан кекилик кармап алып,
Жымыңдайсың ашкере тандап алып.
Жакшылап коз кырыңды салып көрчү,
Жаратылыш суктандырып арбап алып.

## БАЛДАРЫМ – МЕНИН МУРАСЫМ

Балдарым – менин мурасым,
Бакытыма жанып турасың.
Баалап айткан сынымды,
Байкап дайым угасың.

Балбылдап турса элесиң,
Бүтпөгөн кубат бересиң.
Бардыгың тегиз жабыла,
Болжогон маалда келесиң.

Болуп жалкоо жатпагын,
Боорукер адеп сактагын.
Бүтүндөй журтка көрүнүп,
Балбан сымал тапталгын.

Басыптырмын кырк ашып,
Балдарым менен сырдашып.
Бириңди-бириң сыйлагын,
Болбостон бөөдө чырдашып,

Бул турмушта керек деп,
Бааны турмуш берет деп.
Бекерчи болуп эринбей,
Бардыгын өткөр электен.

## ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ

Жайлоонун салкын абасы,
Жан курбум аны карачы.
Жылга-жыбыт ичинде,
Жылмаят шибер арасы.

Жан жыргатып сезимге,
Жыпары аңкыйт сезиле.
Жаштыктын жанып элеси,
Жымыңдайт оттой кечинде.

Эртелеп турсан таңында,
Эркелеп жүргөн маалында.
Эстей жүрүп жыйнагын,
Эртеңки күнгө камылга.

Аркар, кулжа мекендеген,
Атып сага жетем деген.
Аскар тоолор заңкаят,
Алп денедей бекемдеген.

Арчанын жыты аңкыган,
Адамдар келет артынан.
Алардан калбай катарда,
Ала-Тоо көздөй талпынам.

## ЖАН ДҮЙНӨМ ЭРГИЙТ

Жарык нур чачып алыстан,
Жаш кезден чыгып намыстан.
Жалбырттап турса ар убак,
Жан дүйнөм эргийт жарыштан.

Жароокер болуп көрүнгөн,
Жанаша элден бөлүнгөн.
Жумурай-журтка билинип,
Жетилчү кезиң көрүнгөн.

Жарыштан калбай алгалап,
Жамгырдай төккүн сабалап.
Жан дүйнөнү жыргатса,
Жаштыгым ага кадалат.

Жаштыктын чертилип обону,
Жанашам сен тарап оболу.
Жабыркап топтолсо  эстейсиң,
Жаштыктын миң түркүн соболу.

Жарыштан артта калбагын,
Жооптуу ишти жандагын.
Жамандык катар жанашса,
Жакшысын ылгап тандагын.

Жан дүйнө эргийт эзилип,
Жан боор менен сезилип.
Жаркыным сени эстеймин,
Жамалың арбап кезигип.

## МАХАБАТКА КАЙРЫЛУУ

Көөдөнүңдү курчап алып махабат,
Көктө жанган жылдыз сымал каратат.
Канча ирет суктансам да өзүңө,
Калган өндүү жылуулукту таратат.

Карап турсам теребелде өзүңдү,
Керилгениң ак маралдай көрүндү.
Кадалганың таң калтырып өзүмдү,
Күн нурундай шоолалары төгүлдү.

Кызуусунда махабаттан талбадым,
Кулак түрүп караанынан калбадым.
Кулдук уруп ыраазымын тагдырга,
Камчыланып, узак жолдо жандагын.

Кадам таштап ыкшоолукту таштагын,
Караан тутуп махабаттан качпагын.
Калыстыкты, адилдикти бек кармап,
Келе бергин ак жолунда, шашпагын.

Күлмүңдөгөн махабаттын чордонунда,
Кулак салып көңүл буруп койбодуң да.
Кантип айтам көөдөн толо сезимимди,
Күлүк сымал атырылган ойлорум да.

## ЖАШОО КЫЗЫК

Жашоо турбайт, өтүп жатат дайрадай,
Жеткен өңдүү тынбай жүрүп байма-бай.
Жанды үрөп алга карай серпилем,
Жылоосунан тушап алып кармабай.

Жашоо кызык, өмүр кызык ченелбей,
Жанып-күйүп өткөн мезгил теңелбей.
Жандай салып улам алга сызылат,
Жылаажындай шаңшып учуп кенебей.

Жашоо жылат өрдү карай агылып,
Жүрөктөгү өрттөй болуп кабылып.
Жолду тиктеп үмүт менен барамын,
Жылбаса деп аны күтөм сагынып.

Жашоо кызык келе жатат аралап,
Жайбаракат бура тартпай сабалап.
Жумшак гана айдап салып капалыкты,
Жандан алып бир өзүңө кадалат.

Жашоо келет кылымдарды аралап,
Жанып, күйүп жылдыздардай сабалап.
Жылуулукту түйүп алып көңүлгө,
Жаркын маанай, турмуш күүсү жаралат.

## БАЛАТЫ ЖАНЫНДА

Биз ырдайбыз топтолуп,
Балдар, кыздар шоктонуп.
Бир айланып келгенде,
Бий да калат токтолуп.

Кол кармашып ырдайбыз,
Кезек менен жыргайбыз.
Комуз үнү жаңырса,
Көңүл коюп тыңдайбыз.

Айтыш өнөр тандайбыз,
Ак чөлмөктөн калбайбыз.
Алым сабак айткандан,
Ар убакта талбайбыз.

Көңүл түшүп арчага,
Күлүп-жайнайт барча да.
Куттук айтып чакырса,
Качпай бийле, чарчаба.

Бетке маска жамынып,
Биз келебиз камынып.
Бийлеп, ырдап чуркайбыз,
Балаты көздөй чамынып.

## КАНДАЙ ЭКЕН ТОКТООЛУК?

Элдин сүйгөн болуптурсуң баласы,
Эми мына айлананды карачы.
Эч убакта шашылбаган сүйкүмдүү,
Элпек болуп кызматына жарачы.

Кезегинде турар элең шоктонуп,
Катуу айтып, кыйынсынып, октолуп.
Карегиңде анын бири калбаптыр,
Калыптырсың азыр болсо токтолуп.

Жаман сапат баары сенден жок болуп,
Жанып турсаң шам чырактай от болуп.
Жанга сүйкүм жакшынакай сөз айтып,
Жандап алган кандай экен токтоолук?

## КАЛКЫҢДЫ ОЙЛОП ТҮБӨЛҮК

**(Баткен согушунда баатырларча курман болгон милициянын старшинасы Шадыбеков Касымдын жаркын элесине)**

Кайран иним Касымым,
Кабарың угуп жашыдым.
Кармашып жатып кетипсиң,
Канкорго бербей башыңын.

Куралды колго кармадың,
Канчасын жерге жайладың.
Күтүп жаткан мезгилде,
Кайрылып элге барбадың.

Канкорлор келсе коожаныn,
Качпадың артка тоо жаныn.
Калкыңды ойлоп түбөлүк,
Көзүңдөн чыкты от жаныn.

Карап туруп калбастан,
Күрөштүң тыным албастан.
Күлкүңдөн душман түңүлүп,
Коркушуп турду далбастап.

Коркуп сырды бербедиң,
Кылымга эстейт элдериң.
Кыяда калып жапжалгыз,
Кыйлага чейин келбедиң.

Көпкө тиктеп айылды,
Көзгө мелжеп жайыңды.
Курман болдуң баатырдай,
Кыйып кырчын жаныңды.

### "АК-БУУРА" КОМАНДАСЫНА

Команда түзүп "Ак-Буура",
Конкурстун жобо, шартына.
Кызыгып биз да калбайбыз,
Күркүрөп агып талпына.

Ак-Буура турса агылып,
Адамдар келет сагынып.
Алыстан көзгө сүйкүмдүү,
Ак бантик сымал тагынып.

Ордолуу Ошум мекеним,
Ортоңдон сызып келемин.
Оомал-төкмөл дайыма,
Ооматты сага беремин.

Билим алуу талабым,
Бийикти тиктеп карагын.
Боорукер болуп дайыма,
Белсемдүү ишке жарагын.

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ

Кыргыз болуп кыргызымдын жигиттери,
Кытайга эмес, орус кетип бириндеди.
Карегимде эстей берип аларды,
Катуу согуп эт-жүрөгүм дирилдеди.

Кагылайын күчкө толгон кыргыздарым,
Катуу ойлоп, силерди эстеп чырылдадым.
Качан келип кубантасың, садагасы,
Күткөн сени мекен чеги сызылбасын.

Күтөт сени жолуң тосо ардактап,
Катуу таштап кадамыңды далдактап.
Кел, келе койгун жол каратпай,
Капалыкты айдап салып шарактап.

Кыйынсыңар, кыргызымдын жигиттери,
Караан тутуп келемин мен силерди.
Качан көрбө алыста да даяр туруп,
Кыйын кезде коргойсуңар элди, жерди.

Күтөт сени Ата Журтуң, Мекениң,
Кыйын кезде элге тийсин керегиң.
Күчтүү сезим жан дүйнөнү аралап,
Келет ээлеп жүрөктөрдүн тереңин.

23. 11. 2013-жыл.

## ОТ МЕНЕН ОЙНОБО

От менен кызыгып ойнобогун,
От жаксаң оттук таш колдоносуң.
Отуң өчпөй тутанса туш-тарапка,
Оо кудай деп сууну чача коргойсуң.

"От тилсиз жоо" – унутпагын,
От менен бирөөнү курутпагын.
Оңтою келе калса жардамдашып,
От жолуна алоолонтпой туруп калгын.

Ойлонгун да, элиңе пайданы кыл,
Олуттуу иштеп, боло көрбө майрамчыл.
Оттун дагы сурагы болот аңдагын,
Оттун дагы көрөбүз зыян, пайдасын.

Оттун дагы жылуулугу, табы бар,
Ойлоп көрсөң зыяны да, заары бар.
Олтуруп көпкө оюң менен алпурушсаң,
Орду толгус, эстен кеткис каары бар.

7. 12. 2013-жыл.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО 85 ЖЫЛ

Мына бүгүн Чыңгыз ага майрамы,
Маанай жаркып күлүмсүрөйт жайдары.
Мекенимде белгиленет урмат менен,
Мин жылдыкка аты калып сайраны.

Махабаттын улуулугун даңазалап адамдарга,
Маңдайында кезиктиң кыйма-чийме тарамдарга.
Маңкурт болуп эс-акылдан ажыраган,
Мээрим төктүң ала көөдөн жарандарга.

"Манас" десе түшүнөбүз кыргызды,
"Манас" менен катарлаш Чыңгызды.
Мактанычтан суктанамын өмүр бою,
"Манас", Чыңгыз – жаркылдаган жылдызды.

Майрамдалса оюн-күлкү, салтанат,
Музыканын үнү чыгат чар тарап.
Манас, Чыңгыз караны түбөлүктүү,
Мени менен, сени менен бекталат.

10.12.2013-жыл.

## БИР КЕЗДЕРДЕ

Бир кездерде чоң жол болчу машиналар каттаган,
Бир күн эмес, күнү-түнү техникалар таптаган.
Бороон чапкын, сел ташкыны жүрсө да,
Болбойт эле суу топону ала салып каптаган.

Бара-бара жол бузулуп аргасыздан кошулду,
Баягы жер ач көз менен менчик болуп тосулду.
Боло берет, каалаганды жасабагын деген менен,
Буулукkансып жол мемиреп табияттай көшүлдү.

**3-январь, 2014-жыл.**

## КУУ, МИТАЙЫМ, АМАЛКӨЙГӨ

Кыйын бекен жанды сактоо шириндиги,
Куулук менен жан сактаганың билинди.
Калп айтканга кошунаңды ыныңдырып,
Качан эми тазалайсың дилиңди.

Качып барып кайсы жерге байырлайсың,
Кантип эми уялбастан тамырлайсың.
Карап элдин көздөрүнөн сүр баскан,
Коркуу менен бөтөн жерге камынбайсың.

Куулук, шумдук орун алып көөдөнүңдө,
Калпты, чынды көбүртөсүң сөздөрүңдө.
Кыйынчылык артта калып оңолгондо,
Кантип элдин тик карайсың көздөрүнө.

Куу, амалкөй митайым адамдардан,
Күндөр келет байкагын тазаланган.
Келечектен үмүт үзбөй жашап келем,
Кучак жайып арбыбаган кадамдардан.

28-январь, 2014-жыл.

## АЛСЫЗДАРГА КУБАТ БЕРИП

**(Мустаза Саттаров атындагы Самаркандек аймактык жалпы дарыгерлер практика борборунун врач-терапевти, саламттыкты сактоонун мыктысы Тойчубаев Ибрагимге)**

Айланып шашылбастан сыркоолорду бирден карап,
Ачык айтып жеткиресиң диагнозду тике санап.
Ал тургай айтып жатып улутунсаң,
Аргасыздан дирт-дирт этет жүрөк канап.

Аткарып сыркоолордун үмүт, ой-тилегин,
Аңдап аны айтпасаң да билемин.
Алсыздарга кубат берип чарчабастан,
Ала-Тооой шоола чачып тирегиң.

Айлана тыптынч, теребелде желаргы,
Астейдил көңүл буруп кеп салчы.
Артыңдан айланчыктап коштоп жүрөт,
Ансыз да турмуштун бүтпөгөн кем-каржы.

Арбалып оору-сыркоодон кетпеген,
Ар убак ой-дүйнөң кепкенен.
Ак халат жарашат алыстан,
Ардактап келемин, алкоолор көп жетпеген.

19.02.2014-жыл.

## ЧЕК АРА ЫЙЫК

Кайдасыңар бир боорум, бурадарым,
Кайрылып кел чек арага, суранамын.
Кыргыз чегин көз каректей сактаган,
Кыраакылык кызматыңа суктанамын.

Кыргызымдын чек арасы билсең ыйык,
Келемин байкап аны ичтен сызып.
Кай мезгилде көз чаптырба айланага,
Коргоп келет карачы кандай сыймык.

Көөдөнүмдү ээлеп алып элдин анты,
Кыт куйгандай уялайт улут салты.
Кызарып күн баткандан таңга чейин,
Кыргызыма, эл-журтума тилеп жалпы.

Карап көрчү чек аранын сызыгын,
Кашкайгандай байкайсың да кызыгын.
Качан, кантип, билинбестен берилип,
Кол коюлган шашкаландап тымызын.

25.11.2013-жыл.

## ДОСТУН ДОСУ БАР

Достун дагы досу болот сыйлаган,
Досу үчүн жамандыкты кыйбаган.
Дүнүйөңө кызыкпай жардамдашат,
Демин берип чачылганды жыйнаган.

Дем алам жолго чыгар сапарымда,
Дуба окуп, бата кылып жатарымда.
Дуба менен эр көгөрөт ойлосом,
Дил тазарып сезимде, капарымда.

Дүйнө өмүр, дүйнө жашоо садагасы,
Дилди түзө, кош көңүл карабачы.
Достор менен жолугушчу күндөргө,
Дүйнө кезип жылмаюудан тарабачы.

Дарылык касиет бар сөздөрүңдө,
Достор үчүн нур чачырап көздөрүңдө.
Дабаан ашып келатасың, сапар жүрүп,
Дил азык топтоп алып көөдөнүңдө.

Даңгыр жолдо серепчилеп толгоносуң,
Дарыгердей аяр тиктеп ойлоносуң.
Даамы кандай, шашылбагын жан курбум,
Дүбүрт сезим, мээрим төгө жорголосун.

26-май, 2014-жыл.

## ТОЙ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Элдин элегинен өткөрүп сүннөт тойдун,
Эрежеси менен шашпастан сый койдуң.
Элдин батасын алуу кандай экен?
Эсте сактап, көңүлдөргө түйүп койгун.

Эрте танда үйүңө мейман келет,
Эртелепки нануштө тамак желет.
Эл ичинде айтылган накыл сөз бар:
“Эрте тургун, кут-ырыскы чындап берет”.

Эч убакта шашылбагын, токтоо болгун,
Эл билет ийри эмес, таза колдун.
Элге берген сый-урматың унутулбай,
Эми берет баасын өткөн тойдун.

Эл үчүн кызмат кылып макталасың,
Эл уулу, азамат деп аталасың.
Элге бердиң, март болгон деп,
Эл ичинде түбөлүккө сакталасың.

Эл үчүн той берүү абдан кыйын,
Эсепсиз төгүлүп чачылат, сом, тыйын.
Эл-журтуңдун жашоодо тийип батасы,
Эргиген ой-максатты топтоп, жыйын.

6-июнь, 2014-жыл.

## ЖАШООНУН ЖОЛУ КӨП

Жалжылдап көз нуру сүзүлүп,
Жандаган үмүттүн шооласы үзүлүп.
Жашоого тик кара, муңайбай,
Жандырбай учугун турмуштун түзүмүн.

Жашоонун жолу көп бүтпөгөн,
Жаныңа дем берет түптөгөн.
Жамалың алыстан байкалып,
Жуурулуп келесиң күч менен.

Жашоонун жарыгы өчпөгөн,
Жарышып алгалайт көч менен.
Жаштыгын элестеп жылмаят,
Жеткирбей жандаган топ менен.

2014-жыл, 12-июнь.

## ӨКҮНБӨ

Өзүмдү өзүм жамап сага дос болдум,
Өзүң билип жакшы иштерге кошподуң.
Өйдө кулап, ташың турса өйдөлөп,
Өмүрүңдү шапар тээп коштодуң.

Өкүнөмүн мүнөзүңдү талдай албай,
Өткөрүпмүн убакытты кармап калбай.
Өкүнгөндө баарын оңдоо эми кайда,
Өтүп кетти элестериң жаны бардай.

Өмүрдө таза дос, жолдош тапкын,
Өйдөдө өбөк болсо, ал да сенин баркың.
Өмүр бою түбөлүккө сени коштойт,
Өкүнүчтөн байкалат чама-чаркың.

26-июнь, 2014-жыл.

## ТАТААЛ КЕСИП

Журналисттик кесип татаал билгенге,
Жүрөк керек, иши катаал, ага киргенге.
Жалган чыгып, жазгандарың билинсе,
Журт алдында жүзүң болот шерменде.

Жаз, жайгын акыйкат, калысты,
Жарып берсин жаркыратып алысты.
Жакшыларды калтырбастан иргеп алып,
Жашоо жолдо бурмалабай тарыхты.

Жакшы жазсаң түшөт элдин назары,
Жазганыңдын чындап жүрөт базары.
Журт аралап жүргөнүңдө билинет,
Жалжылдаган жан дүйнөнүн азары.

26.06.2014-жыл.

## "МУЗ БУЛАК" КОРУГУ

**Мурзапар Үсөнгө**

Жасалып корук "Муз булак",
Жаныңа барып жүз бурам.
Жан дүйнөм эргип санаада,
Жаштыкты эңсеп гүл сунам.

Жылгандан агып тунук суу,
Жан дүйнөм эргип буулукту.
Жанаша баскан жаштардан,
Жактырбай байкап куулукту.

Жылгадан гүлзар баштадың,
Жакшы оюңдан кайтпадың.
Жүзүңдү коштоп ой-сезим,
Жуурулуп үмүт актадың.

Жүзүңдөн мээрим төгүлөт,
Жүрүшүң өзгөчө бөлүнөт.
Жарашкан корук алыстан,
Жыйнактуу даана көрүнөт.

Жаралды кооз, сүйкүмдүү жай,
Жаратылыш көрк берип аябай.
Жаштыктын келем шарында,
Жыпар жыт сезим тарабай.

5.07.2014-жыл.

# ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КААЛООЛОР

**Т. Садыков атындагы орто мектебинде эмгектенип жатышкан мугалимдер:**

**Абдинаби Даабековго**

Тилчи, адабиятчы, соц.педагог, жазуучу,
Тамада болуп ар убак алып баруучу.
Тыкыр иштеп Абдинаби агай келатат,
Таасир этер сөздөр толо, ойго салуучу.

**Бүүсара Туратовага**

Тарых менен адептен окутуп сабак,
Туратова эжекем бажырая ачык кабак.
Тарбиялык маанидеги КВН, кечелерди,
Тез эле өткөрсө деп күтөсүң самап.

**Амиракул Исаевге**

Тарбиячы-устат, көпчүлүккө сүйкүмдүү агай,
Түйшөлүп келесиз тынымсыз алга карай.
Тарых, адам-коом түшүнүгүн, түйшүгүн,
Түшүндүрүп келет Амиракул агайым жадабай.

**Абдималик Кайымовго**

Топ кубалап Малик агай балдар менен,
Тынымың жок, түшүнүгүң алда кенен.
Турникке тартынган окуучуңду байкасам,
Талабыңды аткарат да суранат: "Кайра келем".

**Тазагүл Сеймитмуратовага**

Тазагүл, али жашсың, изденип келесиң,
Таза, жугумдуу сабактарды бересиң.
Так аткарып чымыркана иштесең,
Тарбиячы-мугалимдин асылдыгын сезесиң.

**Каныкей Мукарамовага**

Тарбиялык саат, ачык саат деп жүгүрүп,
Түшүндүрүп маанисин, мазмунун сабакта күйүгүп.
Тилчи карындашым Каныкей, кичипейил, жөнөкөйсүң,
Токтоолукта сый көрсөтүп улууларга жүгүнүп.

**Паша Гайыповага**
Текшерип, сабактардын усулун топтоп,
Табель түзүп, эсеп-кысапты чоттоп.
Таңдан кечке класс, бөлмө аралап,
Турасыз Паша эжекем мугалимди жоктоп.

**Нурмамат Жусуповго**

Талап катуу, окутуп адабият жана тилден,
Тажабай убакыт таап, окуучуну сурайсыз бирден.
Тарыхын айтсаңыз чыгарманын, Нурмамат агай,
Талашуу кыйын, сөз жок аны сизчелик билген.

**Зулайка Жолдошовага**

Тилди окутуп, азыр бөбөктөр мененсиң,
Тыкан болуп, мүнөзүң кичипейил, кененсиң.
Тынч отурган адептүү окуучуну сүйлөтө,
"Татынам, алтыным, балакайым" дегениң.

**Замирбек Кылычовго**

Тарых – санжыра, тарых – музыка,
Такыр жолобо ой-пикири бузукка.
Тарбия талаасында Замир келет, Замирбек,
Тандап, талдап керектүүсүн, батып далай
кызыкка.

**Батмакан Жанаевага**

Түйшөлө көтөрө мектеп, жамаат жүгүн,
Тыным албай Батма эжеке көрсөтүп күчүн.
Тынчы жок тил табыша бала менен,
Түтөп келет, күйүп келет, ага сен да сүйүн.

**ТаштановаМалике менен Гаухарга**

Таштанова эжекелер: Малике жана Гаухар,
Тарбиячы-мугалимдин өзгөчө табы бар.
Талыкпастан өтүшөт сабак карачы,
Тамшанасың, таалим алчу жагы бар.

**Уулжан Сапаровага**

Тамшандырат сабак өтсө Уулжан эжекем,
Тиктеп отурчу жан дүйнөң кең экен.
Темингенин, сүйлөгөнүң салыштырып
байкасам,
Тоо ханышасы Курманжанга тең экен.

**Сапия Курбановага**

Тың чыгып ар убак Сапия жаштардан,
Таамай сүйлөп, туура айтып, тарбиялап башкарган.
Топту жарып изденип келесиң эмгек менен,
Теңелбестен өзгөлөргө, каткырыгы таш жарган.

27.12.2013-жыл.

# ТӨРТ САПТАР

**Мугалим**

Чоңойгондо окуймун,
Мугалимдик кесипке.
Максат койдум алдыма,
Мугалимге жетишке.

**Врач**

Ден соолукту текшерген,
Врач адиси боломун.
Ар убакта шашылбай,
Так диагноз коёмун.

**Роза Отунбаевага**

Куш келипсиз, эжеке,
Өрүкзар Баткен жерине!
Бала бакча көбөйтүп,
Жардам бердиң элиме!

10.12.2014-жыл.

## КУТ БОЛСУН 60 ЖЫЛДЫГЫҢ

**(Лейлек райондук "Ата Журт" гезитинин башкы редактору, акын Абдилаат Дооровго)**

Алтымыш ашуу аштыңыз,
Алгалап кадам бастыңыз.
Абдилаат акем азамат,
Ар убак өссүн баркыңыз.

Акын болуп элиңде,
Айтылуу Лейлек жеринде.
Абырой топтоп бөлүндү,
Абилаат акем дээринде.

Ата Журтка берилип,
Алыс жолдо теминип.
Абасы сонун карачы,
Аке баратасыз семирип.

Абийир топтоп жашыңдан,
Ата Журт үчүн ташынган.
Акын ага кут консун,
Ак калпак түшпөй башыңан.

Атакул, Бакыт, Абдилаат,
Ар бириң өзгө шам чырак.
Ала Тоо аймак ичинде,
Айбатың турат жаркырап.

Аталбай калган акындар,
А бирок элге жакындар.
Арналат ушул саптарым,
Аман жүргүн жалпыңар.

Акындык өнөр аркалап,
Абаке жүргүн чалкалап.
Ак батасы элиңдин,
Арналат, сага, арналат.

Алтымыш жылдык тоюңда,
Арноолор көп оюмда.
А бирок дайым эстей жүр,
Алкоону топтоп коюнга.

Акжолтой болуп ишиңиз,
Ак тилек каалайт иниңиз.
Абдилаат аке умтулуп,
Атак-даңкта жүрүңүз.

Айта берсем жарашат,
Акындар Сизди карашат.
Ата Журтка берилген,
Акын-журналист деп баалашат.

Акын-журналист аталып,
Алакан жая бата алып.
Арналган ушул саптардан,
Айланып өтсүн капалык.

Атакул алган сыйлыктан,
Абдилаат акем кем бекен.
Атакул экөө журтунда,
Акындык жагы теңме-тең.

1.08.2014-ж.

## АЛТЫН АЛБА, АЛКЫШ АЛ

Аким болбо, акын бол,
Ак пейилдүү жакын бол.
Акыл калчап карагын,
Арзуу менен чаптым жол.

Алтын алба, алкыш ал,
Ак карасын чалпып ал.
Айланаңа көз салып,
Адалдарын татып ал.

Акмак болбо, адил бол,
Ар ир иште дадил бол.
Акыйнек айтып талашпай,
Адал иште батыл бол.

Акмактардан алыс бол,
Ар намысчыл, калыс бол.
Абай салып сактагын,
Айлана толо балит жол.

7.08.2014-жыл.

## ЖАҢЫ ЖЫЛГА

Жаңы жылда көп жаңылык,
Журтумда жаңылыктар жаңырып.
Жыл алмашса жыл сайын,
Жылмайып күтөм сагынып.

Жакшылыктар эстен кетпейт,
Жакшынын санына эсеп жетпейт.
Жылуу сөз жан ырахаты,
Жылдыздуу көктөмдү беттеп.

## МЕКЕН КОРГООЧУЛАР КҮНҮНӨ

### Кайымов Кубанычбекке

Ар намыс, тартип, милдет,
Армияга алчу мыктысын иргеп.
Айткан сөздү аткарбасаң, анда,
Ар качан командир турчу тилдеп.

### Айбалаев Алимкулга

Атыңа-затың жарашып Алимкул,
Аскер тартибин аткарып жүрдүң жагымдуу.
Айылды эстеп, кээде уктабай,
Айласыз күндөр өттү, селкилерди сагынуу.

### Исаев Амиракулга

Агайым деп, устатым деп сыйлаймын,
Акыл жыйнап алыс жакка жылбаймын.
Анткени сизден алгам адилдикти, актыкты,
Ачык сезем жашоонун көп сырларын.

### Кайымов Абдималикке

Авиа полкто такшалып,
Агайлыкта келесиң тапталып.
Айтылып жыйындарда дайыма,
Аталып сыймык менен макталып.

**Аватов Абдибаитке**

Алдыда жаштардан калбай келип,
Аскердик турмушту айтып берип.
Азыркы эгемендүү өлкө бүтүндүгүн,
Аярлап коргогун деп мекен чегин.

**Бостонов Асланбекке**

Армияда кызмат аткарып жүрдүң,
Ата-эненин насаатын бекем түйдүң.
Айтчы иним, уктабастан сездиң бекен,
Азыр эстеп мекениңдин оор жүгүн.

**20-февраль, 2015-жыл.**

## АДИЛЕТ БОЛ АРДАГЫМ

Арадан айлар өттү, жылдар өттү,
Айтылбаган ичтеги сырлар кетти.
Аттиң жаштык билинбей тегеренип,
Арбалып жоголормун көргөн чекти.

Ал күңдөр алыстабайт элестелип,
Ар убак аруулукту келем сезип.
Ансайын турмуштагы ыкшоолуктан,
Аралашпай алыстап качам безип.

Алдастабай, сабыр кыл, шашылбагын,
Арбалып саясында жашынбагын.
Ак кызмат кылгын элге, анан да,
Артыкбаш дүнүйөнү ташынбагын.

Ардагым адилет бол, aруулагын,
Ак ниет жакшылыкты таңуулагын.
Аткарып бул жашоодо түгөнбөгөн,
Айкөлдүк, асылдыкты табуудамын.

**6.12.2014-жыл.**

## АЛТЫН, ЖАКУТ, ШУРУДАЙ

Ак ниет иштеп алгала,
Азыгын берип жанга да.
Артыкбаш дүйнө оңдурбайт,
Аз каниет барга да.

Ач көз болбой ток болгун,
Ариет, намыс топтогун.
Артыңдан ээрчийт жакшы сөз,
Ай тумардай коштосун.

Акыл топтоп иш туткун,
Аралап жалпы эл-журтуң.
Атанын болуп баласы,
Ар убак майин сөз уккун.

Азамат болуп көрүнгүн,
Ак шоола чачып төгүлгүн.
Алтын, жакут, шурудай,
Ак, карадан бөлүнгүн.

**7.12.2014-жыл.**

## ӨРҮЗАР, ӨРҮКЗАР

Өрүкзар толо бактарың,
Өрүктөн даам таткамын.
Өмүр бою бапестеп,
Өрнөк менен барктаймын.

Өрөөн толо өрүгүң,
Өзөнгө батпай төгүлдүң.
Өнгөнүң айтса түгөнбөйт,
Өрүм чачтай көрүндүң.

Өрүкзар бышса байкагын,
Өзгөчө суута чайкагын.
Өзүңдөн алыс кетирбей,
Өйдөгө дайым калчагын.

Өкүттүү болбойт өмүрүң,
Өйдөлөп өссүн өрүкзар.
Өмүр бою салаалап,
Өрүгүң төккүн өрүкзар.

**6.11.2014-жыл.**

## ЖАШООНУН ЧЕКСИЗ ЖОЛУ

Жумуш көп түгөнбөгөн,
Жуушап алып жүгөндөгөн.
Жашоонун чексиз жолунда,
Жылуулук чачып түмөндөгөн.

Жылт этип көрүнүп кыядан,
Жарыгың чачырап уядан.
Жалынын өчүрбөй жашоонун,
Жалбыртын кантип тыялам.

Жан курбум, сыймыгым, садагам,
Жаштыкты аярлай кармаган.
Жашоонун түгөнгүс түйшүгү,
Жаныңа, каныңа кадалган.

Жашоого уланат дайрадай,
Жаштыгың өмүрдө байкалбай.
Жарыша келебиз катарлаш,
Жанашып тушоосун кармабай.

**6.12.2014-жыл.**

## АТА-БАБА КОНУШУ

Байыр алып ата-баба конушун,
Бак-бак этип бийик чыгат добушуң.
Баары кетип ээн калган аймакта,
Бүгүн неге үнү чыкпайт комуздун.

Бир мезгилде малы болчу батпаган,
Бийик тоону эңсеп, оттоп таптаган.
Бакыраң көз балдар бүгүн көрүнбөйт,
Баарын жыйнап айда түшчү шашпаган.

Базар болчу, майрам болчу айланаң,
Баш-көз болуп мында эч ким калбаган.
Баарын топтоп кокту-колот ичинен,
Биримдик жок, ыкшоолукка таңданам.

Бабалардын сөзүн тыңша, ардагым,
Балит ишке кол сунбагын, барбагын.
Бата кылып эскере жүр унутпай,
Бул жашоодо ар-намысты тандагын.

**16.02.2015-жыл.**

## ОЙЛОНОЛУ БААРЫБЫЗ

Көз жүгүртүп көпкө чейин ойлоном,
Көңүл калып башаламан тойлордон.
Каада-салтты бир калыпка түшүрүп,
Кимдир-бирөө чыгаар бекен ойлогон?

Келчи курбум, ысырапты кыскартып ойлонгун,
Калкты баштап жакшылыкка толгонгун.
Көз көрүнөө атаандашуу күч алып,
Кол жукарып, төгүп-чачып болгонун.

Күч келтирген терс адаттар жоюлар,
Кези келет баары жолго коюлар.
Карап туруп изги иштин башатына,
Кубанармын, ач курсак да тоюнар.

Кыргызымдын каада-салтын барктайлы,
Катуу сактап, чектен аша чаппайлы.
Куру кыял, сокур намыс баш жарган,
Качуу керек азабынан, жаман жолго баспайлы.

**28.02.2015-жыл.**

## КАТАРЛАШЫП КАРААНЫ

Катарлашып күзгүгө каранышып,
Кундуз чачын оңго-солго таранышып.
Карап туруп силерге сыймыктандым,
Келбесин деп жолуңарга кара мышык.

Кадамыңды коёрдо алмак-салмак,
Карайсың айлананы шашпай талдап.
Көңүлүңөр көтөрүлүп көккө жетсе,
Курбуларың кубанышат сени карап.

Кыткылыктап катар келсең жай гана,
Көркү ачылып суктандырат айлана.
Күлмүңдөгөн жүздөрүңдөн нур жанып,
Күүсүн сезип термелишип наздана.

Көпкө чейин карасам көз чаптырып,
Күлкү толот айлананы шат кылып.
Кол сумканы ийиндерге арта салып,
Келесиңер бир-бириңди шаштырып.

**16.02.2015-жыл.**

## МАХАБАТ СЕЗИМИ
**(Тургунбай Жумаевге)**

Махабаттын толкунунда чайпалып,
Мугалимдик көрөңгөдө байкалып.
Маанай жарык келатасыз муңайбай,
Милдеттерин чогуу, кошо аткарып.

Махабаттын азиминде арбалып,
Музасында термелесиз кармалып.
Мен жашоого өкүнбөймүн деп айтып,
Махабатка ык коёсуз жан багып.

Мээрим төгүп жаратасыз ырларды,
Маани берип айкаштыра сырларды.
Махабаттын ышкысында жалындап,
Мээнет кайткан ырхаттуу жыргалды.

Махабаттын байкап көрүп ыргагын,
Миң толгонуп эпкининде жыргагын.
Мөлтүр, тунук аруулукту кишендеп,
Мейкининде тыным албай тыңдагын.

Махабат деп санаа тартып келесиз,
Мээрим төгө ачуу даамын сезесиз.
Муңайбастан музасында чайпалып,
Май аралаш бал татымын бересиз.

**27.11.2014-жыл.**

## ЭСЕНДИКТЕ ЖОЛУГАЛЫ
**(Аркабай Миңбаевге)**

Элдин купулуна да толдуңуз,
Эмгек сиңирген мугалим да болдуңуз.
Эми келечек жаштардыкы деп,
Эстүү шакиртке өттү ордуңуз.

Эс алып жатып да эстейсиз,
Эңсөө менен мектептен кетпейсиз.
Эми да ойлонуп иш тутуп,
Эч убакта тамеки чекпейсиз.

Эртең менен эртелеп турасыз,
Эрикпестен жаман ойду кубасыз.
Эл ичинде баркыңыз бар, агайым,
Эл алдында дайым токтоо турасыз.

Элетте иш көп бүтпөгөн,
Эстейсиз мектепти түптөгөн.
Эми агай, саламдашып, сыйлашып,
Эсендикте жолугалы, убакыт күтпөгөн.

Эл аралап шаарга көп каттайсыз,
Элге сүйкүм шакирттерди топтойсуз.
Эчен жолу жолуктурсам сизди мен,
Эмненидир бүтүрсөм деп куру кыял жатпайсыз.

**27.11.2014-жыл.**

## АЙГҮЛ ГҮЛҮ

Айгүл-Таш, Айгүл тоо суктанамын,
Аңкыган кооз гүлгө курчангамын.
Алыстан көз кырымды салып келем,
Аздектеп сездирбестен журт аманын.

Айланаң кооз болуп тосулууда,
Айгүлгө гүлдөр арзып кошулууда.
Айылдын чет жакасы бажырайып,
Ажайып сүйкүм тартып созулууда.

Агайым Сайдакпар чуркап жүрүп,
Ал кезде бирде ыйлап, бирде күлүп.
Артынан сая түшүп, балдар менен,
Айгүлдү сактап калган бекем сүйүп.

Айгүл гүлү өсүүдө тоону улап,
Арбалышып катарлаша бирден чубап.
Айланасы билинбестен гүлгө толгон,
Айгүл кыз, Козулан шер түшкөн кулап.

Айгүл гүлү даңазасы алыста,
Атак алып дүйнө элине калыс баа.
Анан дагы суук көздөн алыс болуп,
Ар убакта сый-урматтан калышпа.

**12.03.2015-жыл.**

## ЭЖЕЛЕРГЕ

Кыялкеч келген эжелер,
Көз кырын салган нечелер.
Кызыксыз болуп турбайбы,
Кыздарсыз өткөн кечелер.

Кымбаты силер элимдин,
Куту болуп жеримдин.
Качан болсо байкаймын,
Көзүңдөн учкан мээримди.

Куттук айтам баарыңа,
Кыздар ай жашың, карыңа.
Куттуктоо жетпей калганга,
Капа болуп таарынба.

Кечеде сөздөр көп болот,
Каалоолор менен коштолот.
Күлкүңөр толгон жүздөрдө,
Капалуу мүнөз жок болот.

Келебиз күйүп от болуп,
Капалык жүздөн жок болуп.
Кечээки мүнөз шоокуму,
Калгансыйт аздап шок болуп.

Качан болсо басканың,
Катуу чыгып таскагың.
Каректе турат сакталып,
Күттүрүп турган жаш чагың.

Кут болсун эже майрамың,
Кабыл ал, ойлон, байкагын.
Кош колдоп сунсам ушул кеч,
Кубанып ал да, жайнагын.

**7-март, 2015-жыл.**

## МУГАЛИМ

Мугалим жоомарт, берешен, колу ачык,
Мектеп үчүн барбаландап алга шашып.
Мыктылардын катарына кошомун деп,
Максатынан билсең болот келет шашып.

Мугалим кичи пейил, жакшылыктын энеси,
Мыйыгынан күлсө кара, бажыраят элеси.
Мотурайган жаш жеткинчек байкагын,
Мээнети күч, акыл толо денеси.

Мугалим жөпжөнөкөй, аруулуктун атасы,
Муңайбастан күлүп-жайнап сүйлөгөнүн карачы.
Мерездиктен өзүн сактап ар качан,
Мээрим төгө чер жазылат капасы.

Мугалимдер ашып-ташкан дайрадай,
Мукурабай иштеп келет чарчабай.
Маани берип көңүлгө тут тарбиясын,
Маңкурт болуп унутпайлы байкабай.

Мээримиң төк көңүл бөлүп балага,
Мактап сүйлө, айнанайын, азаматсың садага.
Мукактанып, кекечтенип сүйлөсө да,
Маңдайынан сылап кой, колун силкип караба.

**2.10.2014-жыл.**

## ОЙЛОНУП ИШ КЫЛ

Адамдар бар өз салмагын билбеген,
Айткан сөзгө көңүл буруп кирбеген.
Алды-артын ойлонбостон иш кылганды,
Акырында турмуш тандайт иргеген.

Айткылачы, жол улайбыз ким менен,
Арасында жамандар көп биз билбеген.
Аларды биз кантип сезип байкайбыз,
Аста сүйлөп арбап алган тил менен.

Акыл айтса сезимиңе түйүп жүр,
Анткени, чын дилден досуң болуп күйүптүр.
Ал-күчүңдү элге арнап талыкпастан,
Арыбастан кадам сайын билип жүр.

Адамдар, оо, жаңылбайлы жолубуздан,
Аткарылчу иштер келет колубуздан.
Алыс, алыс көз чаптырып карасак,
Ансыз деле тер чыгууда жонубуздан.

## ОТТУК ТАШ

Окуучум суроо салды жылмайып,
Отурасыз негедир көңүл суз?
Ордумдан козголбой карадым кылчайып,
Ойлордун деңизинде жетеленип орунсуз.

От күйүп денемде алоолонот,
Обондуу ырлардын музасы.
Ойлосом тагылган жагоо болот,
Ойт берип жашоонун кусасы.

Ордумдан турдум да күбүнүп,
Оттук таш тапканга сүйүнүп.
Окуучум туруптур байкатпай,
Олтурган жеринде жүгүнүп.

25.09.2015-жыл.

## БИЗ БАКТЫЛУУ БАЛАБЫЗ

Биз бакчага барабыз,
Билим кенчин казабыз.
Бала кыял шоктонуп,
Бал-бал этип жанабыз.

Биз бактылуу балабыз,
Билим үчүн барабыз.
Бакыт жолу уланат,
Байкап аны караңыз.

Бала бакча таптаза,
Баалап аны сактаса.
Билим алга жетелейт,
Балдар андан качпаса.

18.09.2015-жыл.

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН

**(Баткен райондук агрардык өнүгүү Башкармасынын директору Абдипатта Бахапович Пинназаровго)**

Жылмайып сылыксың иним Абдипатта,
Жыйындарда олтурасың дайыма алдыңкы сапта.
Журт аралап, сабыр күтүп токтоолукта,
Жүзүң жарык кутман курак 55 жашта.

Жетекчи кызматта бой көтөрбөдүң,
Жамгыр сымал алга карай нөшөрлөдүң.
Жазалап убагында алдым-жуттум жегичтерди,
Жемкор жана да даяр ашка бөкөлдөрүн.

Жегенге жол койбой кызыкпадың иничегим,
Жактырбай арасынан издеп таптың илинчегин.
Жамандарды иргеп туруп тазаладың,
Журт алдында калтырбастан бирин-серин.

## МАЗМУНУ


ЖЕТИЛГЕН КУРАКТЫН ЖЕМИШТЕРИ .......... 3
ЭСИМДЕ ЭНЕМДИН ЭЛЕСИ .......... 5
КАРА-БУЛАК СҮЙКҮМСҮҢ .......... 7
ТИЛИБИЗДИ БАРКТАЙЛЫ .......... 8
ЖОК БОЛСУН УБАЙЫМ .......... 9
8-МАРТ КҮНҮНӨ КАРАТА .......... 11
МАЙРАМДЫК КААЛОО .......... 11
БИР КАЛЫПТА ШАШЫЛБАЙ .......... 12
ЭСЕПКЕ ТАК ЭЖЕКЕ .......... 13
ЖАРКЫН МҮНӨЗ ЭЖЕКЕМ .......... 14
(КР ЖКнын экс - депутаты – Жураев .......... 16
Мурат Каттабековичке) .......... 16
ТУУ ТУТАМЫН, БАРКТАЙМЫН .......... 17
УЛУУЛУКТУ БААЛАП .......... 18
АЛТЫН ТИЗМЕГЕ ИЛИНИП .......... 18
ЖАМГЫР ТӨКТҮ .......... 19
ЭЛДИН СЫНЫНА ТОЛУП .......... 20
КАЛКЫМДЫН СҮЙГӨН УУЛУСУҢ .......... 21
КОЛУ ЖӨНДӨМ ДАРЫГЕР .......... 22
ЧИРКИН ӨМҮР .......... 23
КӨЗ УЯЛАТ МИЗИЛДЕГЕН .......... 24
АРБАП АЛЫП ЖАШТАРДЫ .......... 25
БАТКЕНИМ .......... 26
ТЫНЧТЫК КЕРЕК .......... 27
ДОСТОРУМА .......... 28
БОЁНГОН СУЛУУГА .......... 29
КЫЗМАТЫҢА ЭЛ ЫРААЗЫ .......... 30
КУТУ БОЛГУН ЭЛИМДИН .......... 31
КОЗУ-БАГЛАН КУЛУНУ .......... 32
НООРУЗУМ .......... 33
ЧОҢ ЭНЕМЕ .......... 34
АЛГАЧКЫ ОН ЖЫЛДЫК БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНӨ .......... 35
СҮЙГӨН ЖАРГА .......... 36
БАБА ДЫЙКАНГА .......... 37
ЖАЗ АЙЫ .......... 38
ГҮЛҮН АЧТЫ ЖООГАЗЫН .......... 39
АБАЙЛА ТУРМУШ ТҮЗҮМҮН .......... 40
БАРДЫГЫНА КАЛЫС БОЛ .......... 41
ТУРНАЛАР .......... 42
БАР БОЛГУЛА КАРЫЛАРЫМ .......... 43
ЫРЛАРДЫН КАЗАБЫНДА .......... 44
СЕЗДИҢ БЕКЕН ЖАН ЭРКЕМ .......... 45
СЫПАЙЫЛЫК ЭЭЛЕП ТУРСА .......... 46

ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ ........................................
САЛАМДАШУУ ........................................47
ЖАМАН ЖОЛГО ТҮШПӨГҮН ........................................48
АЙДЫҢ-КӨЛ ........................................50
НАМЫСТАНАМ ........................................51
ЖАШТЫКТЫ САГЫНУУ ........................................52
ЖАШТАРДАН КАЛБАЙ САБАЛАП ........................................53
ЖАШОО КЫЗЫК ........................................54
ЖАН ДҮЙНӨ ЭРГИЙТ ........................................55
ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ ........................................56
КУРГАТЫЛГАН ӨРҮК ........................................57
КОҢГУРОО ҮНҮН САГЫНЫП ........................................58
КҮЗГҮ ЖАЛБЫРАК ........................................59
ТУРМУШ СЫРЛАРЫ ........................................60
МЕЗГИЛДИН БИР ҮЗҮМҮ ........................................61
ЫЙМАН ТОЛО КҮЛҮМСҮРӨЙ ........................................62
КЫЗМАТТАН ЭР КӨГӨРӨТ ........................................63
УЛАНТЫП АТА САЛТЫН ........................................64
ЭЛИҢ СЕНДЕН ҮМҮТКӨР ........................................65
ТАРЫХТА КАЛЫП АТЫҢЫЗ ........................................66
КАЗА БЕРГИН "КАРА АЛТЫН" ........................................67
НАСААТЧЫМА ........................................69
КАПЧЫГАЙ ЭЛИ СЫЙЛАГАН ........................................70
КАРАП ТУРУП ТАҢДАНАМ ........................................71
ЖАН ҮРӨП ИШТЕП ........................................73
КӨК-ТАШТЫН КОРГОП НАМЫСЫН ........................................74
АК ШАМДАЙ КҮЙҮП ........................................75
ИЛГИРТПЕЙ ТАПТЫҢ ЖОЛУҢДУ ........................................76
БАР БОЛГУЛА КАРЫЛАРЫМ ........................................77
АК-ТАТЫР АЙЫЛЫМА ........................................78
СЕЗДИҢ БЕКЕН ЖАН ЭРКЕМ ........................................79
СЫПАЙЫЛЫК ЭЭЛЕП ТУРСА ........................................80
ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ ........................................81
АЙДЫҢ-КӨЛ ........................................82
НАМЫСТАНАМ ........................................83
УМТУЛУП ТАРБИЯ ИШИНЕ ........................................84
ЖАНДЫРА БЕР ЖАШООНУН ЧЫРАГЫН ........................................85
КҮРӨШКӨ ТҮШҮП СЫНАЛДЫҢ ........................................86
АЙЛА ЖОК ОЙГО БАТАМЫН ........................................87
ЭЛ АЛДЫНДА ЖАДЫРА ........................................90
КҮЙҮП-БЫШЫП БАЛДАРГА ........................................91
ТУРБАГЫН ЧЕТТЕ ЖАШЫНЫП ........................................91
ЖАШ КЕЗИНДЕН МАЛ БАГЫП ........................................92
АК ЭМГЕКТЕН БААР ТААП ........................................93
АТА ЖУРТ ЫШКЫСЫ ........................................94
АЛКЫШ АЙТСАМ АЗДЫК КЫЛАР ........................................98
........................................99

ЗАМИРАГА МАКТАЛ СӨЗ ........ 100
КӨӨДӨН ТУРАТ ЭҢШЕРИЛИП ........ 102
МЕЛЖИГЕН АШУУ АШЫП ........ 103
ЭЛПЕК МҮНӨЗ АГАМА ........ 104
ИЛИМПОЗ АГАМА ........ 105
АМАН БОЛГУН КУРДАШТАРЫМ, ЖОЛУККАНЧА! ........ 107
КЫЗЫР КОЛДОП БАРК АЛЫҢ ........ 108
ЭМГЕК МЕНЕН КӨГӨРГҮН ........ 112
ТАМАГЫҢЫЗ ДААМДУУ ........ 113
КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН ........ 114
КУРЧ ЭЛЕҢ ........ 115
ДАҢКТАЙМЫН МЕН ДА ОШУМДУ ........ 116
ӨРТТӨНҮП СЕЗИМ ........ 118
КАРА-МОЙНОК ЖАЙЛООСУ ........ 119
"МЫРЗАЙЫМ" СЫНАГЫНА ........ 120
ТУУЛГАН ЖЕРИМ АРДАГЫМ ........ 121
АК-САЙДА АРБЫН АЗАМАТ ........ 128
КЫЗ МЕНЕН ЖИГИТ ........ 132
ОТУЗ ЖЫЛДЫК БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ ........ 135
МУГАЛИМ – МӨМӨЛҮҮ ДАРАК ........ 136
ЖИГИТ ПИРИМ КОЛДОСУН ........ 137
ОКУУЧУЛУК КҮНДӨРГӨ ........ 138
КУТ БОЛСУН ТОЮҢ ........ 139
(Нургазы Дөөлөтбек уулуна) ........ 139
ОКУП ЧЫГЫП ........ 140
ЭСТЕЛИККЕ КАРАП ТУРУП ........ 141
БАРКТАП ИШТЕП КЕЛЕСИҢ ........ 142
ТАҢШЫЙ БЕР, АПАЗ, ТАЛПЫНЫП ........ 143
ГУРПАТЫҢА БАА БЕРЕМ ........ 144
28-май,1999 -жыл. ........ 145
АК-ТАТЫР АЙЫЛЫМА ........ 146
ДИЛДИ КАРМА АРУУЛУКТА ........ 147
ЭЛПЕК БОЛУП ИШТЕГИН ........ 148
ТОКТОЛБОСТОН ӨМҮР ӨТӨТ ........ 150
СЫЙ КӨРСӨТҮП ЖАШТАРГА ........ 151
ЖАШТЫКТЫ БЕРИП БАЛДАРГА ........ 152
ЖУРТУМДУН СҮЙГӨН ЫРЧЫ КЫЗЫ ........ 154
ДИЛИ ТАЗА ДАРЫГЕР ........ 155
ДЕМИҢЕ-ДЕМ КОШУЛСУН ........ 156
ОРУН БЕРЧИ ЖҮРӨГҮҢДӨН ........ 157
АСМАН АЧЫК ........ 158
ЭМИ БАЙКАП КӨРСӨМ ........ 159
ӨРҮКЗАР МЕНИН МЕКЕНИМ ........ 160
ӨРҮКЗАР ........ 161
КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН ........ 163
БААТЫР БОЛУШ КАНДАЙ КЫМБАТ ........ 164

ДОСТУК АЗИЛДЕР ............ 165
БИЛИМ ҮЧҮН ТАЛПЫНУУ ............ 168
КАТУУ СУУК ЖОК БОЛДУ ............ 169
СЫЙМЫК АЛДЫҢ ИБАРАТ ............ 170
ЭСЕПЧИБИЗ ИШКЕ ТАК ............ 171
2002-ж.ЭМГЕКЧИЛ ИНИМ БЕГАЛИ ............ 171
ЭМГЕКЧИЛ ИНИМ БЕГАЛИ ............ 172
БАЛДАРЫМ – МЕНИН МУРАСЫМ ............ 178
ЖАРАТЫЛЫШ КӨРКҮ ............ 179
ЖАН ДҮЙНӨМ ЭРГИЙТ ............ 180
МАХАБАТКА КАЙРЫЛУУ ............ 181
ЖАШОО КЫЗЫК ............ 182
БАЛАТЫ ЖАНЫНДА ............ 183
КАНДАЙ ЭКЕН ТОКТООЛУК? ............ 184
КАЛКЫНДЫ ОЙЛОП ТҮБӨЛҮК ............ 184
“АК-БУУРА” КОМАНДАСЫНА ............ 185
КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ ............ 186
ОТ МЕНЕН ОЙНОБО ............ 187
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО 85 ЖЫЛ ............ 188
БИР КЕЗДЕРДЕ ............ 188
КУУ, МИТАЙЫМ, АМАЛКӨЙГӨ ............ 189
АЛСЫЗДАРГА КУБАТ БЕРИП ............ 190
ЧЕК АРА ЫЙЫК ............ 190
ДОСТУН ДОСУ БАР ............ 191
ТОЙ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ............ 192
ЖАШООНУН ЖОЛУ КӨП ............ 193
ӨКҮНБӨ ............ 193
ТАТААЛ КЕСИП ............ 194
“МУЗ БУЛАК” КОРУГУ ............ 195
КУТ БОЛСУН 60 ЖЫЛДЫГЫҢ ............ 200
АЛТЫН АЛБА, АЛКЫШ АЛ ............ 202
ЖАҢЫ ЖЫЛГА ............ 202
МЕКЕН КОРГООЧУЛАР КҮНҮНӨ ............ 203
ӨРҮЗАР, ӨРҮКЗАР ............ 206
АТА-БАБА КОНУШУ ............ 207
ЭЖЕЛЕРГЕ ............ 212
МУГАЛИМ ............ 213
ОЙЛОНУП ИШ КЫЛ ............ 214
КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН ............ 216

# ОЙ ПИКИРЛЕР



Адабий көркөм- басылма

Рахматилла ЖУМАБАЕВ

# ӨРҮКЗАР ЭРГҮҮСҮ

(Ыр китеп)

Басманын редактору: Айнагүл Түгөлбаева
Баш сөзүн жазган Турабай Жороев
Компьютерде терген : Абдиллабек Авазов
Корректору Мурзамурат Жумабаев
Тех. редактору Сайкал Карагулова

Терүүгө 10.02. 2016-ж. берилди. Басууга 02.04. 2016-ж кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 16/1. Офсеттик ыкма менен басылды.
Көлөмү 13.75 басма табак. Нускасы: 350 даана.
Келишим баада.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86г
Тел.: (03222) 4-69-16



**Жумабаев Рахматилла** 1956-жылдын 15-мартында Ош облусунун Баткен районундагы Гоксувар айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Билими жогорку, үй-бүлөлүү. үч уул, үч кыздын атасы, үч неберенин чоң атасы жана таятасы. Акын жети жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. 1963-жылы Гоксувар айылындагы Ю.А. Гагарин атындагы орто мектебинин биринчи классына келип кирип, мектепти 1973-жылы ийгиликтүү аяктаган.

СССРдин 50-жылдыгы атындагы Кыргыз университетинин 1974-жылы декабрь айында Фрунзе шаарындагы даярдоо бөлүмүнө келип тапшырган. 1975-жылдан 1980-жылга чейин аталган окуу жайдын филология факультетинин күндүзгү бөлүмүндө билим алып, жогорку билимдүү окутуучу-филолог адистигине ээ болду.

1987-жылдан 1989-жылга чейин Ак-Татыр айылындагы "27-партсъезд" атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеген. 1990-1991-окуу жылында Ю.А. Гагарин атындагы орто мектебинин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеди.

Ал эми 1991-жылдан 1995-жылга чейин Т. Садыков атындагы орто мектебинин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аткарды.

1995-жылдан 2000-жылдын март айына чейин Ж. Мамытов атындагы орто мектебинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 2000-жылдын март айынан Баткен облустук "Баткен таңы" гезитинде бөлүм башчы, республикалык "Кыргыз туусу" гезитинин Баткен облусу боюнча өз кабарчысы, Баткен райондук "Кызыл-туу" гезитинин жооптуу катчысы, 2010-жылдын март айына чейин мугалимдик кесип менен айкалыштырып иштеди.

2010-жылдын март айынан 2013-жылдын май айына чейин райондогу Ак-Татыр айыл өкмөтүндө Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматын аткарды. Бул кызмат өкмөттүн токтомуна ылайык кыскартылып кеткендигине байланыштуу 2013-жылдын ноябрь айынан баштап Т. Садыков атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп келе жатат.